Кыргыз Республикасынын Билим Берүү
Жана Илим Министрлиги

Жалал- Абад Мамлекеттик Университети

Майлуу-Суу колледжи

# Тема: Аалам жана Адам

***Жазган : Алимова Патмакан Кимсанбаевна***

Адистиги: англис жана немец тилдери улук окутуучусу.

**Майлуу-Суу 2018**

ББК: 83
УДК.82.0
А 50

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Майлуу-Суу колледжинин окуу-усулдук кеңешмесинде бекитилди жана сунушталды.
Протокол №2/1 18.10 2017

**Рецензентттер:**
Тил илимдеринин доктору, академик Акматалиев А.А
УИАсынын бөлүм башчысы Кадырмамбетова А.К

Жазган: улук окутуучу Алимова П.К.

« Аалам жана Адам» илимий монография

Жалал-Абад мамлекеттик университети.

Монография Ч.Т. Айтматовдун 90 жылдык маарakeсине арналып жазылды. «Кыямат» романындагы чагылдырылган фактылардын негизинде жана аларга байланышкан «Ыйык Жазуулардагы» чындыкка таянуу ирээтинде Ыйык Рухтун жетегинде жазылды.

Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери жана Окутуучулары колдоно алат.

Чындык жолун издеген окурмандарга жана жарандарга сунуш этилет.

Жала-Абад Мамлекеттик университети 2018

***Эстен***

***кетпес,***

***Жаркын***

***элес***



Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Майлуу-Суу Колледжинин англис жана немец тилдеринен улук окутуучусу

Алимова Патмакан Кимсанбаевнанын

«Аалам жана Адам» темасындагы илимий монографиясынын

**Баш сөзү**

Илимий монографиянын максаты чындык жолун ачып көрсөтүү. Чындык жолуна Европа мамлекеттери жана башка көптөгөн мамлекеттер кылымдар бою ушул чындык менен жашап келе жатышат. « Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама мен аркылуу гана барууга болот. Менсиз эч ким бара албайт». ( Инжил. Жакан 13:6). « Мен дарбазамын. Менден киргендин өмүрү сакталат.» (И. Жакан 10:6).

Ал жол – адамзатты акыйкат, чындык, туура жолго баштоочу жол. Бирок, биз дале адашкан козулардын катарында жүрөбүз. Биздин заманга чейинки доордо жашап, адашкан адамдардын жолун улап жатабыз. 2000 жыл мурун Кудай бизге: « Мындай жашооңорду токтоткула! Мындан ары Мен силерге башка жол, чындык жол, түбөлүк өмүр берүүчү жол. Туура мага жетелеп келе турган жол баштоочу, силерди күнөөдөн куткара турган Куткаруучу жөнөтөм. Ошонун окутуусун окуп, айткан үлгү-насааттарын угуп жана аткарып, жолун жолдоп, күнөөлөрдөн тазаланып, куткарылганың гана мага келесин»- деген. Бирок биз биздин заманга чейинки адашкан ата-бабаларыбыздын кейпин кийип жатабыз. Жаңылануу, жаңы жашоо, жаңы кылымдын жашоосуна өтө элекпиз!

Ч.Айтматовдун « Кыямат» романы башталганда эле жердеги, тээ тоо арасында эч нерседен бейкапар, кара курсакты кампайткандан башка кайгысы жок жашаган карышкырлар менен бөкөндөрдүн башына түшкөн алааматтан башталат.

«Бир бөрүдө кырк жигиттин сүрү бар, бир жигиттин күчү бар» деп айтылат. А бөкөндөр өтө карапайым, момун жандык. Эгерде романдын маани-маңызын түшүнгөн окурман болсо, карышкырлардын ордуна «МЕНМИН» мен кыйынмын, мен баймын, мен күчтүүмүн, мен акылдуумун, мен куумун, мен каалаган нерсени жеймин, жасаймын!» дегендер өздөрүн коюп көрүшсүн. А бөкөндөрдүн ордуна күнүмдүк жашоо менен алектенип, көр тирилик менен көбөйүшүп, жашап жаткан карапайым эл өздөрүн коюп көрүшсүн. А ошол алаамат башка түшкөн күндө баарынын көргөн азабы, жүрөк үшүн алган коркунуч, жан алакеттин айласы бардыгы үчүн бирдей болду. Мындай көрүнүш менен улуу жазуучу жер бетиндеги алаамат, кыямат күнү биздин замандарга чейин болуп келгенин тастыктайт. («Помпея» көркөм фильми далил боло алат) Романдагы бул көрүнүш аркылуу дагы боло турганын эскертүү менен башталган.

Эгерде кыямат күнү келсе, анда биз жер бетиндеги алааматка туруштук бере албай, Акбара менен Ташчайнар улугандай, бүткөн бойлору калчылдап коркунучка баткан, тамандары сыздап, алсырап, боздогон

айбаттуу жаныбарлар сыяктуу үй-жайдан, бала-бакырадан ажырап, кара терге түшүп, тил-ооздон калып, туруп беребизби!?

Алаамат күнү ушундай айбаттуу жаныбардын көргөн күнү ушул болсо, анда биз бөкөндөр сымал асмандан жааган отко күйүп, качсак жарга учуп, качпасак окко учуп, жан берип этке тапшырылып (тозокко) кете беребизби!?

Романдын башталышында алааматты сүрөттөгөндөн кийин Автор, жер ааламын, жер бетин, өзгөчө жер адамын Куткаруучу бар экенин тастыктап, Куткаруучу Ыйса темасына өтөт.

Автордун Куткаруучуну чагылдыруусу жөн жеринен эмес.

Романда кулчулуктун курмандыктары менен параллель Куткаруучуну сүрөттөп жазган. Романдагы адашкан козулар, кулчулуктун курмандык козулары Куткаруучу бар экенин билгени да, Куткаруучу бар экенин билбей, көр тирилик деп жүргөнү да, тагдырдын татаалдашып чырмалышкан, түгөнбөгөн түйшүктөрүнүн түпкүрү менен убара болуп түгөнүп, жашоолору алааматка айланып, тагдырлары кыямат менен бүткөнүн өздөрү да билбей, көздөрү ачылбай, Кудайга кайрылып сурабай, Куткарылбай жүрүп жок болушат!!!

Мындай көрүнүштөрдөн биз адамзаттын дале азгырылып, көр оокат, мансап, акча, текебердик, араккордук, динчилдик ж.б менен убара тартып, түйшүктүн түпкүрүнөн чыкпай, Куткаруучу бар экенин эмдигиче билбей жүргөндөрү ачык көрсөтүлгөн.

Кулчулук менен Куткаруучуну теңдештирип сүрөттөгөнү:
« Куткаруучу жаныңарда! Ал силердин улутуңарга, жашыңарга, мансабыңарга, дүнүйөңөргө, байлыгыңарга, акчаңарга, малыңардын санына, машинаңардын маркасына карабайт. Ал баарыңардын ишенимиңерге, туура чыныгы жол тандаганыңарды баалап, акысыз куткарат!»-деп далилдеген.

Эгерде адам баласы туура жол тандап, Куткарылбаса романдагы каармандардын баштарына түшкөн КЫЯМАТ –баарыбызды күтүп турат деп, Пайгамбарчылык менен жазылган. Жогоруда айтылган акыйкатты адамдардын, окурмандардын баардыгы билүүсү зарыл!!!

Автордон: Алимова П.К

Китеп негизинен Ыйык Жазуудагы фактыларга таянуу жана ал фактылардын адамдар арасында, адамзаттын ички дүйнөсүндө, коомдо, жаратылышта, көзгө көрүнгөн, көзгө көрүнбөгөн дүйнөдө, чөйрөдө иш жүзүндө көрүнүп тургандыгын изилдөө, факт жүзүндө, көз менен көрүү, тажрыйба жүргүзүү, салыштыруу, териштирүү ирээтинде жазылды.

Мындагы негизги максаттар төмөнкүлөр:
- Караңгылыкта жашоо менен жарыктыкта жашоонун айырмасы
- сырттан тийген жарык менен ички дүйнөдөгү жарыктын айырмасы
- денелик талап менен рухий талаптын айырмасы

- дүйнөлүк байлык менен рухий байлыктын айырмасы
- денелик жашоо менен рухий жашоонун айырмасы
- Ыйык жазуулардын айырмачылыктары
- түбөлүк өлүм менен түбөлүк өмүрдүн айырмаларын
- кулчулук жашоо менен эркин жашоонун айырмасын аныктоо.

Китеп жазуунун зарылдыгы

Кыргыз илиминде Ыйык Жазуулар (Библия) темасындагы илимий изилдөө иштери колго алынбаган.

Ыйык Жазууларды адамдар өз эркинче бөлүп жиберишкен
- Ыйык Жазууларды бөлүүнүн, четке кагуунун
- өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануунун
- адам өзү талапка жооп берерлик түшүнүп билбей туруп, башкаларды окутуунун
- үгүт- насаат иштерин жүргүзүп бөлүп жаруунун
- аны саясаттын кызыкчылыгы үчүн бурмалоонун
- өз алдынча аяттарды четке кагуунун
- өз алдынча аяттарды кошуунун жана алуунун
- адам өз кызыкчылыгы, өз пайдасы үчүн пайдалануунун
- аяттарды бөлүп алып алар аркылуу элдин башын айлантуунун.
- рухтун жетегисиз аяттарга түшүндүрмө берүүнүн
- сүрөлөрдү, аяттарды бөлүп жаруунун
- аларды сатуунун
- элдин башын айлантуу үчүн дубаа иретинде колдонуунун
- тумарларды жасап, жазууларды жазып элди азгыруунун-
- сүрөөлөрдү бөлүп жаттап шайтанга кызмат кылуунун кереги жок экендигин далилдеп ачыкка чыгаруу, караңгычылыкты айдап жарык чачуу максаты менен жазылды.

Алла түшүргөн Китептен (Китеп – Библия, Библиянын ичинде Тоорат, Забур, Инжил бар) аяттарды жашырып, аны арзан баа нерселерге алмаштыра турган адамдар курсактарын жалаң от – жалын менен толтурушат, аларга Кыямат Күнү Алла сүйлөбөйт, карабайт жана аларды күнөөлөрүнөн арылтпайт. Алар үчүн жан чыдагыс азап бар. Дал ошолор туура жол ордуна адашууну, кечирим ордуна азапты сатып алган адамдар. (Курани Карим Бакара сүрөөсү 2:174 – 175)

Жүзүңөрдү Чыгышка жана Батышка бура – беришиңер жакшылык – такыбаалык эмес; тескерисинче такыбаа адамдар – Аллага, Акырет Күнүнө, периштелерге, Китептерге (Библия, Курани Карим) пайгамбарларга ишенген чындык деп кабыл алган, жакшы көрүп турса да байлык – малын тууган уруктарына, жетим – жесирлерге, бей – бечараларга, жолоочу –

мусапырларга, тилемчи – кедейлерге жана кулдарды азат кылуу жолуна берген, үзгүлтүксүз сыйынып жүргөн, зекетти берип жүргөн, убадалашканда убадасына туруучу, айрыкча кыйынчылык күндөрдө жана согуш кездеринде сабыр кылуучу адамдар. Дал ошолор чыныгы ишенимдүү адамдар  жана дал ошолор чыныгы такыбаалар. (Курани Карим Бакара сүрөөсү 2: 177)

## Глава 1 Ааламдагы адам

### 1.1. Аалам жана адам.

Дүйнөнүн жаралышы.

Эң башында Кудай асман менен жерди жаратты. Жер болсо көрксүз, ээн болчу, түпсүз - туңгуюкту караңгылык каптап турчу, Кудайдын руху суу үстүндө калкып учуп жүрчү. Ошондо Кудай: «Жарык болсун!» - деди. Жарык пайда болду. Кудай жарыктын жакшы экенин көрүп, жарыкты караңгыдан ажыратты.

Кудай жарыкты «күн», караңгыны «түн» деп атады. Кеч кирип таң атты биринчи күн өттү.

Анан Кудай: «Суулардын ортосунда аба мейкиндиги болсун, ал сууну суудан бөлүп турсун» деди.

Ошентип аба мейкиндигин жаратып, аба мейкиндигинин астындагы сууну аба мейкиндигинин үстүндөгү суудан бөлүп койду. Так ошондой болду.

Кудай аба мейкиндигин «асман» деп атады. Кеч кирип, таң атты: экинчи күн өттү.

Анан Кудай: «Асман астындагы суулар бир жерге чогулсун, кургактык пайда болсун» - деди. Так ошондой болду. Кудай кургактыкты «жер» деп атады, ал эми чогулган сууларды «деңиз» деп атады. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

Анан Кудай: «Жер өсүмдүктөрдү, урук чачкан түрдүү чөптөрдү уругу жер үстүндө өз түрү боюнча жемиш берген мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарсын» - деди. Так ошондой болду.

Ошондо жер өсүмдүктөрдү, урук чачкан түрдүү чөптөрдү, өз түрү боюнча жемиш берген мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

Кеч кирип, таң атты: үчүнчү күн өттү. Анан Кудай: «Күндү түндөн ажыратуу үчүн, мезгилдерди, күндөрдү, жылдарды белгилөө үчүн, асман мейкиндигинде чырактар болсун.

Алар жерге жарык берип турушу үчүн, асман мейкиндигинде чырак болушсун» -  деди. Так ошондой болду. Ошентип, Кудай эки чоң чыракты: күндү башкаруу үчүн чоңураак  чыракты, түндү башкаруу үчүн кичирээк чыракты жана жылдыздарды жаратты.

Кудай аларды жерге жарык бериш үчүн, күн менен түндү башкарышы үчүн, жарыкты караңгыдан ажыратышы үчүн  асман мейкиндигине

жайгаштырды. Кудай мунун жакшы экенин көрдү. Кеч кирип, таң атты: төртүнчү күн өттү. Анан Кудай: «Суу тирүү жандыктарга толсун. Жер үстүндө, асман мейкиндигинде канаттуулар учсун,» - деди.

Ошентип Кудай суудагы көп сандаган чоң балыктарды жана сойлоп жүрүүчү ар түрдүү жандыктарды, ар кандай канаттууларды түр – түрү менен жаратты. Кудай мунун жакшы экенини көрдү.

Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: «Тукумдап көбөйгөлү, деңиз сууларын толтургула, канаттуулар да жерде көбөйүшсүн». Кеч кирип, таң атты, бешинчи күн өттү.

Анан Кудай: «Жер тирүү жандыктарды, малдарды, сойлоп жүрүүчү жаныбарларды, жер жаныбарларын, түр – түрү менен чыгарсын; - деди.

Так ошондой болду.

Ошентип, Кудай жер жаныбарларын түр – түрү менен, малдарды түр – түрү менен, сойлоп жүрүүчү жаныбарларды түр – түрү менен жаратты. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

Анан Кудай мындай деди: «Биздин бейнебиз боюнча өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүндө бийлик кылышсын».

Ошентип, Кудай өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты, аларды аял эркек кылып жаратты.

Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: «Укумдап – тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле жана деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарларга **бийлик кылгыла**».

Анан Кудай дагы мындай деди: «Мен силерге бүт жер үстүндөгү урук чачкан ар кандай өсүмдүктөрдү, мөмөсүндө уругу бар ар кандай мөмөлүү дарактарды бердим, булар силерге азык болсун.

Ал эми бардык жер жаныбарларына, бардык асман канаттууларына, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү ар кандай тирүү жаныбарларга бардык өсүмдүктөрдү азык кылып бердим». Так ошондой болду.

Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү. Кеч кирип таң атты: алтынчы күн өттү. (Библия. Башталышы 1: 1 – 31). Асман менен жер жана алардын бардык кошуундары ушундайча жаратылып бүткөн.

Ошентип, жетинчи күнгө оогондо, Кудай өзүнүн иштерин бүтүрдү: өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү эс алды.

Анан Кудай жетинчи күнгө батасын берип, аны ыйыктады, анткени Кудай өзү жараткан жана жасалган бардык иштерин бүтүрүп, ошол күнү эс алды. (Библия Башталыш 2: 1 - 3)

**Эйден багында**

Асман менен жердин жаратылуусу мындай болгон: Кудай – Теңир асман менен жерди жаратып жатканда, жерде эч кандай бадал жок эле, эч кандай чөп өсө элек болчу, анткени Кудай – Теңир жер бетине жамгыр жаадырган эмес, жерди иштете турган адам да жок эле.

Бирок жерден буу көтөрүлүп, бүт жер бетин сугарып турган. Анан Кудай – Теңир топурактан адам жаратып жүзүнө өмүр демин үйлөдү, ошондо ал тирүү жан болуп калды.

Кудай – Теңир Чыгыштагы Эйденге бак отургузуп, ал жерге өзү жараткан адамды жайгаштырган.

Андан кийин Кудай – Теңир топурактан көрүнүшү жакшы, жегенге жарактуу ар кандай мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды.Бактын ортосуна өмүр дарагын жана жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарак өстүрүп чыгарды.

Эйденден бакты сугара турган дарыя агып чыкты. Ал ошол жерден төрт дарыяга бөлүндү.

Биринчинин аты – Тишон, ал алтын чыккан бүт Хабила жерин айлантып агат.

Ал жердин алтыны да жакшы. Ал жерде жыпар жыттуу чайыр жана агат ташы бар. Экинчи дарыянын аты – Гихон ал бүткүл Куш жерин айланып агат.

Үчүнчү дарыянын аты Хидекел, ал Ашурдун алдынан агып өтөт, төртүнчү дарыя – Эфрат.

Эйден багын иштетсин жана сактасын деп, Кудай – Теңир адамды ошол бакка жайгаштырды. Анан Кудай – Теңир адамга мындай деп осуят кылды: «Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың».

Анан Кудай – Теңир мындай деди: Адамга жалгыз болуу жакшы эмес, ага ылайык жардамчыны жараталы».

Кудай – Теңир топурактан таала жаныбарларын, асман канаттууларын жаратып, аларды кандай атай тургандыгын көрүү үчүн, адамга алып келди. Ар кандай тирүү жанга ал кандай ат койсо, анын аты ошондой болду.

Адам бардык малдарга: асман канаттуларына, талаа жаныбарларына ат койду, бирок ага ылайык жардамчы табылбады.

Ошондо Кудай – Теңир адамды каттуу уктатып салды. Ал уктап жатканда, анын бир кабыргасын алып, ордун эт менен жаап койду.

Ошентип, Кудай – Теңир адамдан алынган кабыргадан аял жаратып, аны адамга алып келди.

Ошондо адам мындай деди: «Бул менин сөөгүмдөн чыккан сөөк, этимден чыккан эт. Ал «аял» деп аталат, анткени эркектен алынды».

Ошондуктан адам ата – энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип экөө бир дене болот.

Адам менен аялы экөө тең жылаңач эле, бирок уялышчу эмес. (Библия Башталышы 2: 1 – 25).

Биз Периштелерге Адамга таазим кылгыла дешибиз менен алар сажда кылышты. Ибилис гана текебердик менен баш тартып каапырлардан болду.

«Эй Адам, зайыбың менен Бейишти мекен туткун, жана силер андан каалаган жайыңарга беймарал тамактангыла. Болгону мына бул даракка жакындашпагыла, анда залимдерден болуп каласыңар». (Курани Карим. Бакара сүрөсү 2; 34 – 35)

Ааламдын жаралуу күндөрү. Кудайдын Ыйык жазууларын изилдөөчүлөрүнүн божомолу боюнча жерге 6000 жыл жаш берилет.

XX кылымдын башталышындагы изилдөөчүлөрдүн божомолу боюнча жерге миллион жыл жаш берилет.

Жердин жаралуусу жөнүндөгү 4 теория

1. Буквалдык теория - 24 саатта.
2. Эпоха күндөр теориясы – бул жаралуу күндөрү 5000 жылды камтыйт. Ошондо бир күн – бир эпоха.
3. Аралык теориясы – биринчи жана экинчи аяттын ортосунда кандайдыр узак аралык болуп өткөн.
4. Аян алган күндөр теориясы – Муса пайгамбардын Кудай – Теңирден алган аяны боюнча жазылган. Кудай күчтүү. Кудай бардыгын жарата алган, жана жарата берет.

**Жети күндүк жаралуу.**

1 күн Жарык башталыш 1: 3 – 5
2 күн Асман 1: 6 – 8
3 күн Жер жана өсүмдүктөр 1: 9 – 13
4 күн Күн жана ай 1: 14 – 19
5 күн Балыктар, канаттуулар 1: 20 – 23
6 күн Адам жана жаныбарлар 1: 24 – 31
7 күн Эс алуу күнү. Аяктоо күнү 2: 1 – 2.

Кудай Теңир жаратуудан чарчаган жок, бирок бардыгын адам үчүн жаратты.

**Адамдын жаралуу теориялары**

1. Эволюция (Дарвинизм) эң төмөндөн жогору карай.
2. Эволюция Кудай менен бирге чыгарган жыйынтык боюнча «Кудай баштаган, эволюция аяктаган».
3. Кудай адамдарды кандай турса ошондой эле жараткан

- адам – өзгөчө жаратылыш.
- Адам жана Обо – Кудайдан жаратылган.
- Кудай Адамга дароо эле тапшырма берген: жаныбарларды атоо, жер иштетүү.
- жерге бардыгы кооз, сулуу болуп жаратылды. Бардыгы адам үчүн жаратылды.

**Адамдын күнөөгө батышы**.

Кудай – Теңир жараткан бардык талаа айбанаттардын ичинен жылан эң куу эле. Ал аялдан «Кудай чын эле Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле деп айтты беле?» – деп сурады.

Аял жыланга мындай деп жооп берди: «Дарактардын жемиштеринен жесек болот».

Кудай: «Өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле» - деген.

Ошондо жылан аялга: «Жок, өлбөйсүңөр, бирок Кудай силердин анын жемишинен жеген күнү көзүңөр ачылып, жакшылык менен жамандыкты билген Кудайдай болуп каларыңарды билет» - деди.

Аял дарактын жемиштеринен жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. Ал билим бергендиктен, аялды өзүнө тартып турду. Аял анын жемишинен алып жеди. Анан күйөөсүнө да берди, ал да жеди.Ошондо экөөнүн тең көздөрү ачылып, өздөрүнүн жылаңач экенин билишти да, анжир жалбырактарын бириктирип тигип, өздөрүнө алжапкыч жасап алышты. Күн салкын болуп турганда, бактын ичинде жүргөн Кудай – Теңирдин үнүн угуп, Адам менен аялы Кудай – Теңирдин жүзүнөн качып, бактагы дарактардын арасына жашынып калышты.

Ошондо Кудай – Теңир Адамды: «Сен кайдасың?» – деп чакырды.
Адам: «Бактан Сенин үнүңдү угуп, коркуп кеттим, анткени мен жылаңачмын, ошондуктан жашынып калдым» - деди.
Кудай андан: « Жылаңач экендигинди сага ким айтты? Мен сага жегенге тыюу салган дарактын жемишинен жедиңби?» - деп сурады.

Ошондо Адам: «Сен берген аял мага дарактын жемишинен берди, мен жедим», - деп жооп берди.
Анан Кудай Теңир аялдан: «Бул эмне кылганың?» - деп сурады.
«Мени жылан азгырды, ошондуктан жедим» - деп жооп берди аял.
(Библия Башталыш 3; 1 – 13).
Анан, аларды шайтан жолдон азгырып, турган жайларынан чыгарды, анан айттык: «Түшкүлө! Силер бир – бириңерге душмансыңар. Эми белгилүү бир убакытка чейин жерди мекен тутуп жашайсыңар. Кийин Адам өз Теңири тарабынан Жакшы Кабар кабыл алган соң Алла анын тообосун кабыл кылды. Албетте, ал тооболорду кабыл кылуучу мээрман зат.
(Курани Карим Бакара сүрөөсү 2: 36, 37).

**Кудайдын жазасы.**

Ошондо Кудай – Теңир мындай деди: «Ушуну кылганың үчүн бардык малдардын, бардык талаа жаныбарларынын ичинен сага каргыш тийсин. Сен эми бооруң менен жылып, өмүрүң өткөнчө топурак жейсиң».

Аял экөөңөрдүн ортоңорго, экөөңөрдүн тукумуңардын ортосуна кастык коём. Аялдын тукуму сенин башыңды жанчыйт, сен болсо анын согончогун чагасың.

Аялга болсо мындай деди: «Кош бойлуу кезинде кайгыңды көбөйткөндөн көбөйтөм. Балдарыңды ооруп төрөйсүң. Күйөөңө тартылып турасың, ал сага үстөмдүк кылат».

Адамга болсо мындай деди: «Аялыңдын тилин алып, «Андан жебе» деп, мен сага осуят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың.

Жер сен үчүн тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың.

Адам аялынын атын Обо (өмүр) койду, анткени ал жер үстүндө жашагандардын баарынын энеси болуп калды.
Кудай – Теңир Адамга жана анын аялына терини кийим кылым кийгизди. (Библия. Башт 3; 14 – 21)

«Бейиш багынан баарыңар түшкүлө» дедик. Эми, силерге мен тараптан чындык сөзү, келгенде ошол туура жолго түшкөн адамдарга коркунуч жок жана алар кападар да болушпайт. Аяттарыбызды таанып, жалган деген кишилер тозокулар болуп, анда түбөлүк калышат (Курани Карим Бакара 2; 38 – 39).

**Адам – Ата менен Обо эненин Эйден багынан куулуп чыгышы.**
- Анан Кудай – Теңир мындай деди; «Мына Адам Биздей болуп жакшылык менен жамандыкты билип калдың. Эми ал колун сунуп, өмүр дарагынын жемиштеринен да жеп алып, түбөлүккө жашап калбасын».

Ошентип, Кудай – Теңир аны өзү жаратылган топуракты иштетсин деп, Эйден багынан кууп чыкты. Адамды кууп чыккандан кийин, чыгыштагы Эйден багынын жанына өмүр дарагына баруучу жолду кайтаруу үчүн керупту (Жогорку даражадагы periште) жана айланып турган оттуу кылычты коюп койду. (Башталыш 3: 22 – 24).

**Адамдын күнөөгө жыгылышы**
А. 1) Сыноочу. Башталыш 3: 1 – 5
Жылан - талаа жаныбарларынын эң куусу. Көркөмдөлгөн өтмө мааниси берилген.
2) Шайтан жылан кейпинде келген.
3) Шайтан жыландын денесин пайдаланган.
Б). Адам менен Обонун сыноосу.
- Кудай Сөзүнөн күмөн алуу
- Кудай Сөзүн четке кагуу.
В) Күнөөгө батуу
1. укту
2. жооп берди } 1 Жакан 2; 15 – 16.

3. азгырылды
1. Денелик талап
2. Көз менен көрүп азгырылуу
3. Текебердик.

**Күнөөгө батуунун кийинкилиги**

1. Кудайдын алдында күнөөкөр (Рим 5; 18,19)
2. Кудайдан бөлүнүү Башталыш 3: 8 – 13
3. Коркунуч Башталыш 3: 10
4. Каргыш.

**Адамдын тукуму**

Адамдын санжырасы мындай: Кудай адамды жаратканда, аны кудайга окшоштуруп жаратты. Аларды эркек аял кылып жаратып аларга батасын берди. Жараткан күнү аларды «адам» деп атады.

Адам жүз отуз жашка чыкканда, анын бейнеси боюнча ага окшош уул төрөлдү. Ал ага Шет деген ат койду.

Шет төрөлгөндөн кийин, Адам сегиз жүз жыл жашады. Андан дагы уул – кыздар төрөлдү.

Энош төрөлгөндөн кийин, Шет сегиз жүз жети жыл жашады. Андан дагы улл – кыздар төрөлдү. Шет бардыгы болуп тогуз жүз он эки жыл жашап көз жумду. Энош токсон жашка чыкканда, андан Кейнан төрөлдү.

Кейнан төрөлгөндөн кийин, Энош сегиз он беш жыл жашады. Андан кийин дагы уул кыздар төрөлдү. Энош бардыгы болуп тогуз жүз беш жыл жашап көз жумду.

Кейнан жетимиш жашка жыкканда, андан Маалалел төрөлдү. Маалалел төрөлгөндөн кийин, Кейнан сегиз жүз кырк жыл жашады. Андан кийин дагы уул – кыздар төрөлдү. Кейнан бардыгы болуп тогуз жүз он жыл жашап көз жумду.

Маалалел алтымыш беш жашка чыкканда, андан Жарет төрөлгөндү. Жарет төрөлгөндөн кийин, Маалалел сегиз жүз отуз жыл жашады. Андан дагы уул кыздар төрөлдү. Маалалел бардыгы болуп сегиз жүз токсон беш жыл жашап көз жумду. Жарет жүз алтымыш эки жашка чыкканда, андан Энох төрөлдү.

Энох төрлгөндөн кийин, Жарет сегиз жүз жыл жашады. Андан дагы уул кыздар төрөлдү. Жарет бардыгы болуп тогуз жүз алтымыш эки жыл жашап көз жумду.

Энох алтымыш беш жашка чыкканда, андан Матушал төрөлдү. Матушал төрөлгөндөн кийин, Энох Кудай алдында үч жүз жыл жашады. Андан дагы уул кыздар төрөлдү. Энох бардыгы болуп үч жүз алтымыш беш жыл жашады.

Энох Кудай алдында түз жүрдү. Анан жок болуп кетти, анткени аны Кудай алып кетти.

Матушал жүз сексен жети жашка чыкканда, андан Лемек төрөлдү. Лемек төрөлгөндөн кийин , Матушал жети жүз сексен эки жыл жашады. Андан дагы уул – кыздар төрөлдү.   Матушал бардыгы болуп тогуз жүз алтымыш тогуз жыл  жашап көз жумду.

Лемек жүз сексен эки жашка чыкканда, андан уул төрөлдү. Ал ага Нух деген ат коюп: «Теңир карагаган жерди иштетип, эмгектенип жатканыбызда, ал бизге сооронуч болсун» - деди.

Нух төрөлгөндөн кийин, Лемек беш жүз токсон беш жыл жашады. Андан дагы уул – кыздар төрөлдү. Лемек бардыгы болуп жети жүз жетимиш жети жыл жашап көз жумду.

Нух беш жүз жашка чыкканда, андан Шем, Хам, Жепет төрөлдү ( Библия Башталышы 5: 1 – 32).

Шемден – чыгыш элдери

Хамдан  - Африкадан Газага чейинки элдер

Жапеттен – Европа, Греция, Жер Ортолук деңиздин, Кара деңиздин чөйрөсүндөгү элдер тараган.

Бул үчөө – Нухтун уулдары, алардан бүт жер жүзүндөгү адамдар тараган (Библия Башталыш 9: 19)

**Адамзаттын бузулушу**

Жер бетинде адамдар көбөйө баштаганда, алардан кыздар төрөлдү. Кудайдын уулдары адамдардын кыздары чырайлуу экенин көрүп, ар бири өзүнүн тандаганын аялдыкка ала баштады.

Ошондо  Теңир: «Менин Рухум адамдын ичинде түбөлүккө болбойт, анткени алар – дене. Алардын жашы жүз жыйырма жыл болсун» - деди.

Ошол кезде жер бетинде алп адамдар болгон. Кудайдын уулдары адамдардын кыздарына жакындашканда, алар төрөп , алп адамдар көбөйгөн. Алар байыртадан эле күчтүү, атактуу адамдар болушкан.

Теңир жер бетиндеги адамдардын абдан бузулганын, алардын бардык ойлору, жүрөгүндөгү каалоолору ар убакта жамандык экенин көрдү. Ошондо Теңир жер бетине адамды жаратканына өкүнүп, Өз ичинен өтө кайгырды.

Анан Теңир мындай деди: «Мен өзүм жараткан адамдарды жер бетинен жок кылам, адамдан тартып малга чейин: жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларды, асман канаттууларын жок кылам, анткени Мен аларды жаратканыма өкүнүп жатам». Нух болсо Теңир алдында ырайым тапты (Библия Башталыш 6: 1 – 8).

Нухтун жашоосу мындай эле: Нух өз замандаштарынын ичинен адил, кемчиликсиз адам болгон. Нух Кудайдын алдында түз жүргөн. Нухтун Шем, Хам, Жапет деген үч уулу болгон.

Жер бети Кудайдын алдында бузулуп, жаман иштерге толуп кетти. Кудай жерге көз жиберип, жердин абдан бузулганын, жердеги ар бир жандын терс жолго түшкөнүн көрдү.

Ошондо Кудай Нухка мындай деди: «Менин алдымда ар бир жандын күнү бүттү, анткени жер бети алардын жаман иштерине толуп кетти. Эми Мен аларды жер бетинен жок кылам.
Сен өзүңө гофер жыгачынан туюк кеме жаса. Кеменин ичин бөлүктөргө бөлүп, ичи – тышын чайыр менен капта.

Сен аны мындай жаса: кеменин узундугу үч жүз чыканак, туурасы элүү чыканак, ал эми бийиктиги отуз чыканак болсун.

Кеменин жогору жагын оюп, бир чыканак терезе чыгар, капталына эшик жаса. Үч кабат кылып кур. Эми Мен асман астындагы өмүр деми бар тирүү жандын баарын жер бетинен жок кылыш үчүн, Топон суу каптатам. Жер бетиндегинин бардыгы өмүрүнөн ажырайт. Бирок Мен сени менен келишим түзөм. Кемеге сени менен кошо уулдарың, аялың жана уулдарыңдын аялдары кирсин. Ошондой эле сени менен бирге тирүү калыш үчүн, кемеге бардык жаныбарлардан эркек ургачы кылып, түгөйлөп киргиз.Тирүү калышы үчүн, канаттуулардын түр – түрүнөн, малдардын түр – түрүнөн, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлардын түр – түрүнөн түгөйү менен киргиз. Анан жегенге жарактуу ар кандай азыктан жыйып ал. Ал сага да аларга да азык болот. Нух бардыгын жасады: Кудай кандай буюрса, ал так ошондой жасады. (Библия Башталыш 6: 9 – 22).

**Топон суу**

Ошондо Теңир Нухка мындай деди: «Бүт үй – бүлөң менен кемеге кир, анткени замандаштарыңдын ичинен сени өзүмдүн алдымда адил таптым. Жер үстүндө тукумун сактап калыш үчүн адал малдын эркек – ургачысынан жетини, адал эмес малдын эркек – ургачысынан экини асман канаттууларынын эркек – ургачысынан жетини ал.

Анткени жети күндөн кийин Мен жер бетине кырк күн, кырк түн жамгыр төгүп, Өзүм жараткан тирүү жандардын баарын жер бетинен жок кылам. Теңир эмнени буйурса, Нух ошонун баарын жасады. Жер бетин топон суу каптаганда, Нух алты жүз жашта эле. Топон суу каптаардын алдында Нух уулдары, аялы келиндери менен кемеге кирди. Адал жана адал эмес малдар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлар, Кудай Нухка буйрук кылгандай, түгөй – түгөйү менен, эркек – ургаачы болуп, Нухтун кемесине киришти. Жети күн өткөндөн кийин жер бетин топон суу каптады.

Нухтун өмүр сүргөнүнө алты жүз жыл болгондо, экинчи айдын он жетинчи күнү зор туңгуюктун бардык булактары атырылып, асман терезелери да ачылды. Жер бетинде кырк күн, кырк түн жамгыр төгүп турду. Так ошол күнү Нух уулдары Шем, Хам, Жапет менен аялы жана келиндери менен кемеге кирди. Алар менен кошо бардык жаныбарлар, түр – түрү менен малдар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлар, түр – түрү менен бардык учуп жүрүүчүлөр, бардык канаттуулар, бардык куштар, өмүр деми бар тирүү жандыктардын баары түгөйү менен Нухтун кемесине киришти.

Кудай Нухка буйругандай, бардык жаныбарлар эркек – ургаачы болуп кемеге кириштти. Ошондо алардын артынан Теңир эшикти жапты.

Жер бетинде топон суу кырк күнгө созулду. Суу көбөйүп, кемени көтөрдү.Кеме жерден жогору көтөрүлдү. Суу болсо күчөп көбөйгөндөн көбөйө берди. Кеме суунун үстүндө калкып калды. Суу жер бетинде күчөгөндүктөн асман астындагы бийик тоолор суу астында калды. Суу тоолордон он беш чыканактай жогору көтөрүлүп, аларды басып калды.

Жер бетиндеги кыбыр эткен баардык тирүү жандар: канаатуулар, малдар, жаныбарлар жана бардык адамдар өмүрүнөн ажырады.

Кургактыкта жашаган, таноосунда өмүр рухунун деми бар тирүү жандардын баардыгы кырылды.

Жер үстүндөгү тирүү жандын бардыгы кырылды: адамдан тартып малга чейин, сойлоп жүрүүчү жаныбарлар , асман канаттуулары – бардыгы кырылып жер бетинен жок болду, Нух менен кемеге киргендер гана тирүү калышты.

Жер бетинде суунун дэңгээли жүз элүү күн бою улам жогорулап турду. (Библия Башталыш 7: 1 -24).

Чындыгында Биз Нухту: Коомуңду өтө катуу азап келип калышынан мурда эскерткин», деп өз коомуна пайгамбар кылып жибердик. Ал айтты: Эй коомум, албетте мен силерге ачык эскертүүчүмүн. Аллага ибадат кылгыла, Ал Заттан корккула жана Ага моюн сунгула. Силердин күнөөлөрүңөрдү кечирет жана силерди белгиленген мөөнөткө чейин калтырат. Эгер билсеңер, Алланын мөөнөтү келген убакта ал артка сүрүлбөйт.

Раббим, албетте мен коомумду күн – түн чакырдым. Менин чакырыгым аларга жалаң чындыктан качууну гана арттырды. Мен аларды сенин кечиримиңе чакырсам алар бармактарын кулактарына тыгып, кийимдерин ороп – чулгап алышты жана бузуктук иштерин жасашып, моюн сунуудан баш тартып текебердик кылышты.
(Курани Карим Нух сүрөөсү 71: 1 – 7).

**Топон суу хронологиясы**

| | **Окуялар** | **Дата, ай, күн** | **Аят** |
|---|---|---|---|
| Жети күн кемеде күтүү (7: 7 – 10) | 1. Нух кемеге кирди<br>2. 7 күн өттү нөшөр жаай баштады | 2.10<br>2.17 | 7: 7 – 9<br>7: 10 – 11 |
| Суу асмандан 150 күн төктү (7:24) | 3. 40 күн өттү: нөшөр токтоду<br>4. 110 күн өттү: суу тартылды, кеме Арарат тоосуна токтоду. | 3.27<br>7.17 | 7: 12<br>7:24<br>8:4 |
| 150 күн өткөндө суу тартылды | 5. 74 күн өттү: Тоо чокулары көрүнө баштады<br>6. 40 күн өттү: биринчи карга кийин көгүчкөн учурулду. Алар кайра келишти.<br>7. 7 күн өттү: көгүчкөн кайра учурулду.<br>8. Тумшугуна жалбырак тиштеп кайра келди.<br>9. 22 күн өттү. Суу тартылды. | 10,1<br>11.11<br>11: 18<br>11: 28<br>12:17 | 8 : 5<br>8: 6 – 9<br>8: 10<br>8: 12<br>8: 3 |
| Жер жетимиш күндө кургады | 10. Нух кургакты көрдү<br>11. Жер толук кургады, жана Нух кемеден чыкты | 1.1<br>227 | 8: 13<br>8: 14 - 19 |
| 377 күн | 1 жыл 17 күн кемеде – бул башка божомол | | |

Даталар Ыйык Жазуудан алынган.

**Кудайдын Нух жана анын тукуму менен түзгөн келишими.**

Ошондо Кудай Нухка жана анын уулдарына мындай деп батасын берди. «Укумдап – тукумдап көбөйгүлө, жерге толгула.

Жер бетиндеги жаныбарлар, асмандагы канаттуулар, деңиздеги балыктар, жер бетинде кыбыр эткендин баары силерден коркуп, титиреп турушсун. Аларды силерге бердим Кыбыр эткен тирүү жандын баары силерге азык болсун. Өсүмдүктү бергенимдей эле, силерге булардын баарыны берип жатам. Бирок тирүү жанды мууздабай туруп жебегиле, анткени канн – анын жаны. Мен силердин каныңар үчүн жаныңар үчүн жазалайм: адамдын канын төккөн мал болсо да, адам болсо да, бир туураны болсо да, анын жазасын берем. Ким адамдын канын төксө, анын каны да адамдын колу менен төгүлөт, анткени адам Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган. (Библия Башталыш 9: 1 -6). Силер болсо укумдап тукумдагыла, жер бетине тарагыла, көбөйгүлө. Кудай Нухка жана анын уулдарына мындай деди: Эми Мен силер менен жана силерден кийинки укум – тукумуңар менен, силердин жаныңарды бардык тирүү жандыктар: канаттуулар, малдар, бардык жер жаныбарлары силер менен кошо кемеден чыккандар, бардын жаныбарлар менен келишим түзөм. Мындан ары эч бир тирүү жан топон суу менен кырылбайт деп, мен силер менен келишим түзөм. Мындан ары жер бетиндегинин баарын жок кыла турган топон суу болбойт.

Кудай дагы мындай деди: Менин силер менен, бардык тирүү жандыктар менен укумдан – тукумга, түбөлүккө түзүп жаткан келишимимдин белгиси мындай.

Мен булут бетине көк желе тартам, ал Мени менен жердин ортосундагы келишимдин белгиси болот. (Библия Башталыш 9: 7 – 17).

**Ыйык Жазууда аалам жана адамзаттын бүткүл тарыхы берилген. Ыйык Жазууну эки тараптуу изилдөөгө болот: телескопиялык, микроскопиялык.**

Телескопия – жалпы жонунан изилдөө

Микроскопия – каармандар аркылуу изилдөө.

Кудай Атанын биринчи жөнөткөн китеби – Тоорат. Тоорат – төмөнкү китептерден турат.

1) Беш китеп: Башталаш, Чыгуу, Лебилер, Сандар, Мыйзам кайталоо
   Башталыш – Начало - Genesis
   Чыгыш - Исход - Exodus
   Лебилер - Левиты - Leviticus
   Сандар - Числа - Numbers

Мыйзам кайталоо – Второзаконие – Deutoronomy

2) Тарыхый китептер:
   Нундун уулу Жашыя – Иисус Навин – Joshua
   Башкаруучулар - Судьи – Judges

Руфь – Рут - Ruth
Биринчи Шэмуел – 1Самуил - 1 Samuel
Экинчи Шэмуел – 2 Самуил - 2 Samuel
Биринчи Падышалар – I Царство - 1 Kings
Экинчи Падышалар – II Царство – 2 Kings
Эзра - Ездра - Ezra
Некемия – Неемия - Nehemia
Эстер – Есфирь - Esther
Жылнаама – Паралипеменон –
3) Поэтикалык (Ыр түрүндөгү) китептер
Аюб – Иов – Job
Забур – Псалтирь - Psalms
Сулаймандын Накыл сөздөрү – Притча Соломона – Proverbs
Насаатчы – Экклессиаст – Ecclesiastes
Ырдын ыры – Песни песней – Song of songs
4) Улуу пайгамбарлар
Ышайа – Исайя – Joshua
Жеремия – Иеремия – Jeremiah
Жеремиянын ыры - Плач Иеремии – Lamentations
Жезекиел – Иезекиль – Esekiel
Даниел – Данииль – Daniel
5) Кичүү пайгамбарлар
Ошуя – Осия – Hosea
Жайыл – Иоиль – Joel
Амос – Амос – Amos
Обадия – Авдий – Obaliah
Жунус – Иосиф – Jonah
Микей – Микей – Micah
Накум – Наум – Hahum
Хабакум – Аввакум – Habakkuk
Сепания – Софония – Zephaniah
Акай – Аггей – Haggai
Захария (Закир) - Захария – Zeehariah
Малакия – Малакия – Malachi

**Бул китептер аалам жана адамзаттын негизи**
**Китептердеги маалыматтардын картасы.**
8 негизги көңүл буруучу жайлар
1. Ур – (калдейликтердин) . Ибрагим пайгамбар атасы жана бир туугандары менен жашаган жер.
2. Харран - Ибрагим Урдан чыгып Харранга кетет.
3. Ханаан – Ибрагим атасы өлгөндөн кийин Канаанга кетет.
4. Египет – Ибрагимден кийинки урпактар ачарчылык тушунда Египет (Мисирге) келип жайланышат. Жакып, ж. б

5. Кызыл деңиз Деңиз. Кудай Ата Исраил Элин Египеттин кулчулугунан куткаруу үчүн Кызыл деңизге Муса_аркылуу алып жөнөйт. Ал жерде Египет армиясын талкалайт.
6. Синай. Кудай Ата аларга Синай тоосунда 10 осуят берет Күнөө кетиргени үчүн 40 жыл адашып жүрүшөт.
7. Кадес Варни – Кудайга каршы наалышат. Андан ары Иордан дариясы аркылуу жөнөшөт.
8. Иордан – Кудай Убада кылган жайга алып баруучу эшик. Ханаанга Иордан аркылуу киришет.

Китептердеги маалыматтардын даталары.

Негизги окуялардын даталары.

1. - ? Жаралуу күнү белгисиз.
2. – 4004 жыл б.з.ч. жер жаралган мезгил.

4000 ж.б.з.ч. + б.з. = 6000 жыл

3. ≈ 2000 ж. б.з.ч. Ибрагим пайгамбар жашап өткөн мезгил
4. ≈ 1446 ж. б.з.ч. Чыгуу мезгили
5. ≈ 1400 ж. б.з.ч. Израиль элинин Канаанга кирүүсү.
6. ≈ 1000 ж. б.з.ч. Дөөт падыша жашап өткөн мезгил.
7. ≈ 931 ж. б.з.ч. Сулайман пайгамбар жана падыша жашап өткөн мезгил
8. ≈ 586 ж. б.з.ч. Иерусалимдин талкаланышы. Вавилон державасы аркылуу Исраиль элинин кулчулукка айланышы.

Мусанын автордугу

1. Муса пайгамбарга Кудай Ата Беш Китепти жазуу жоопкерчилигин жүктөгөн.
2. Муса Мисирде окуп билим алган . Фараондордун балдарынын дэңгеелинде билим алууга жетишкен.
3. Муса китеп жазуучуларды секретарь катары колдонгон.
4. Мусага оозэки көркөм өнөрпоздордун да жардамы тийген. Ооздон оозго өткөн информацияларды угары менен жазып турган.
5. Кудай Ата Өзү   Мусага жаздырган. Чыгуу 17: 14. Теңир Өзү Мусага «Жаз» деп айтып турган. Муса Кудай алдында чоң аброй тапкан.

Ыйык Жазуу Өзү автор Муса экенини тактап турат.

Китептердин автору Муса экенин тастыктап көрсөткөн аяттар:

Библияда

1. Чыгуу 24: 4 – 7
2. Чыгуу 37: 24
3. Сандар 33: 1-2
4. Мыйз. Кайт. 31: 9 – 11
5. Нундун уулу Жашыя. 8: 31 -32
6. II Падышачылык.  2:3
7. II Падышачылык.   14:6
8. Некемия 8: 14
9. Даниель 9: 11 – 13
10. Малахия 4:4.

Силерди жаман азаптар менен кыйнаган, уулдарыңарды союп, аялыңарды тирүү калтырып жаткан фараон адамдарынан куткарганыбызды эстегиле! (Курани Карим Бакара (2: 49).

Силер Туура жолду табышыңар үчүн Мусага Китеп - Тооротту бергенибизди эстегиле! Мусанын өз жамаатына элине айткан сөздөрүн эстегиле: «Элим, силер музоого ибадат кылуу менен өзүңөргө зулум кылдыңар. Эми өзүңөрдү өлтүрүү менен силерди жаратуучу Заттын алдына мына ушул курмандык силер үчүн абзелиреек».
Анан Алла тообоңорду кабыл кылды, албетте Ал кечиримдүү, мээримдүү (Курани Карим Бакара 2: 53 – 54)

**Муса аркылуу бүткүл адамзатка берилген 10 осуят**

Сени Мисир жеринен алып чыккан, кулчулуктан бошоткон Кудай – Теңириң Менмин. Менден башка кудайларың болбосун.

Өзүңө буркан жана жогорку асмандагы, төмөнкү жердеги, жерден төмөн суудагы нерселердин түспөлүн жасаба.

Аларга табынба, кызмат кылба, анкени Кудай – Теңириң Менмин. Мени жек көргөндөрдүн балдарын ата – бабаларынын күнөөсү үчүн үчүнчү – төртүнчү тукумуна чейин жазалаган кызганчаак Кудаймын.

- Мени сүйгөндөрдүн, Менин осуяттарымды сактагандардын миңинчи тукумуна чейин ырайым кылган Кудайыңмын.
- Кудай Теңириңдин атын курулай эле айта бербе, анткени Анын атын курулай эле айта бергендерди Теңир жазасыз калтырбайт.
- Ишемби күндү ыйык тутууну эсиңден чыгарба. Алты күн иштеп ар кандай ишиңди кыл. Ал эми жетинчи күн - Кудай – Теңириңдин ишемби күнү өзүң да, уулуң да, кызың да, кулуң да, күнүң да, малың да, үйүңдө жүргөн келгин да эч кандай жумуш кылбасын. Анткени алты күндө Теңир асманды, жерди, деңизди, жана аларда жашагандын бардыгын жаратып бүткөн, ал эми жетинчи күнү эс алган. Ошондуктан Теңир ишемби күнгө батасын берип, аны ыйыктап койгон.
- Кудай – Теңириң берип жаткан жерде өмүрүң узун болсун десең, ата энеңди сыйла.
- Киши өлтүрбө
- Ойноштук кылба
- Уурдаба
- Жакыңыңа жалаа жаппа
- Жакыныңдын үйүнө көз артпа. Жакыныңдын аялына, кулуна, күңүнө, өгүзүнө, эшегине эч нерсесине көз артпа (Библия Мисирден чыгуу 20: 2 -17).

Албетте Мусага биз Китеп бердик.
Андан кийин да пайгамбарларды жибердик. ( Бакара: 2 – 87).

Жер жана асмандар жалаң Алланын мүлкү экенин жана силер үчүн Алладан башка дос же жардам берүүчү жок силер да өз Пайгамбарыңардан тээ илгери Мусадан сураган нерселерди сурашты каалайсыңарбы? Ким

ыйманга капырдык алмаштырса албетте Туура Жолдон адашат. (Курани Карим Бакара 2: 107 – 108)

## 1.2 Адамзаттын үч бирдиктен туруусу

1 Дене – физикалык түзүлүш. Кишинин организми менен жалпы таанышабыз
Клетка, анын түзүлүшү жана химиялык составы.
Клетканын түзүлүшү. Башка организмдер сыяктуу эле адамдын денеси да клеткалардан турат. Клеткалар клетка аралык затта жатат, алар клеткалардын чымырдыгын, азыктанышын жана дем алышын камсыз кылат. Клеткалар өлчөмү, формасы жана функциялары жагынан ар түрдүү, бирок алардын бары кандайдыр бир жалпы түзүлүшкө ээ.

1. Кайсы гана клетка болбосун алардын негизги бөлүктөрү – цитоплазма менен ядро болуп саналат.

Ядродо жип сымал түзүлүштөгү хромосомалар жайгашкан.

2. Адамдын денесинин клеткасынын (жыныс клеткаларынан башкаларында) ядросунда 46 хромосома жатат. Хромосомалар организмдин ата – энелерден укум – тукумуна берилүүчү тукум куучулук сапаттарын алып жүрүүчүлөр болуп саналат.

Клетка бир нече кабат молекулалардан турган мембрана менен капталган, мембрана кээ бир заттардын гана кирип – чыгышын камсыз кылат.

Цитоплазмада - клетканын коймолжун ички чөйрөсүндө – мапмайда структуралар – органоиддер жайгашкан. Клетканын органоиддери: эндоплазмалык тор, рибосомалар, митохондриялар, лизосомалар, Гольджи Комплекси, клетка борбору мембрана болуп эсептелинет. Органоиддер дененин органдары сыяктуу белгилүү функцияларды аткарып, клетканын тиричилик аракетин камсыз кылат. 1) Мисалы, рибосома органондинде белоктор түзүлүп, митохондрияларда энергия булагы болуп эсептелген заттар иштелип чыгат.

**Клетканын химиялык составы.**

Клеткалардын составына ар кандай химиялык кошундулар кирет. Алардын бири органикалык эмес заттар – жансыз табиятта да кезигет. Бирок клеткалар үчүн молекулалары өтө татаал түзүлүштөгү органикалык кошундулар көбүрөөк мүнөздүү.

Клетканын органикалык эмес кошундулары. Суу менен туздар органикалык эмес кошундуларга жатат. Клеткаларда баарынан көбү суу. Суу бардык тиричилик процесстер үчүн зарыл. Суу – жакшы эриткич. Суу эритмесинде ар түрдүү заттар химиялык өз ара аракеттенишип турат. Эриген абалдагы азык заттар клетка аралык заттан мембрана аркылуу клеткага кирет. Суу ошондой эле клеткада жүрүүчү реакциялардын натыйжасында пайда болгон заттарды клеткадан чыгарууга көмөкчү болот.

Клеткалардын цитоплазмасында жана ядросунда туздардын концентрациясы аз, бирок булардын ролу клетканын тирикчилигинде абдан

зор. Клетканын тиричилик аракет процесстери үчүн K, Na, Mg ж.б. туздары өтө маанилүү.

**Клетканын органикалык кошундулары.**

Клетканын функцияларын ишке ашырууда органикалык кошундуларга башкы роль таандык. Булардын ичинен белоктордун, майлардын, углеводдордун жана нуклеин кислоталарынын өтө чоң мааниси бар.

Белоктор – бардык тирүү клетканын негизи жана бир кыйла татаал заттары. Өлчөмү боюнча белоктун молекуласы органикалык эмес кошундулардын молекуласынан жүз жана миң эсе чоң келет. Белоксуз тиричилик жок. Кээ бир белоктор катализаторлордун ролун аткарып, химиялык реакцияларды тездетет. Мындай белокторду ферментер деп аташат.

Майлар менен углеводдордун түзүлүшү анча татаал эмес. Булар клетканын куруучу материалдары жана организмдин тиричилик аракет процесстери үчүн энергия булагы болуп саналат.

Нуклеин кислоталары клетканын ядросуна пайда болушат (лат. Нуклеус – ядро) Нуклеин кислоталары хромосомалардын составына кирип, клетканын тукум куучулук касиеттерин алып жүрүүгө жана өткөрүп берүүгө катышат. Нуклеин кислоталары белоктордун пайда болушун камсыз кылат.

Клетканын тиричилик касиеттери.

Клетканын негизги тиричилик касиети **зат алмашуусу**. Клетка аралык заттан клеткага ар дайым азык заттары жана кычкылтек келип турат жана ажыроонун продуктылары чыгып турат. Клеткага кирген заттар биосинтез процессине катышат. Биосинтез – бул бир кыйла жөнөкөй заттардан белоктордун, майлардын, углеводдордун жана алардын кошундуларынын пайда болушу. Биосинтез процессинде организмдин белгилүү бир клеткаларына таандык бир заттар пайда болот. Мисалы: булчуңдардын клеткаларына булчуңдарды жыйрылтууну камсыз кылуучу белоктор синтезделет.

Клеткаларда биоситез менен катар органикалык заттардын ажыроосу жүрөт. Ажыроонун натыйжасында түзүлүшү жөнөкөйүрөөк заттар пайда болот. Ажыроо реакцияларынын дээрлик көпчүлүгү кычкылтектин катышуусу жана энергиянын бөлүнүп чыгышы менен жүрөт. Бул энергия клеткада өтүп жаткан тиричилик процесстерине сарпталат. Биосинтез жана ажыроо процесстери зат алмаштырууну түзөт, ал эми зат алмашуу энергиянын айланышы менен жүрөт.

Клеткаларга өсүү жана көбөйүү мүнөздүү. Кишинин денесинин клеткалары тең бөлүнүү менен көбөйөт. Пайда болгон «бала» клеткалардын ар бири өсөт жана «эне» клетканын өлчөмүнө жетет. Жаңы клеткалар «Эне» клеканын функциясын аткарат.

Бала ата – эненин катышы менен жаралып, эненини ичинде жетилип төрөлөт. Бир тамчы хромосома 40 күндүн ичинде түйүлдүккө айланат. 120 күндүн ичинде бүт органдары ажырап билинет. 7 айлыгында жетилүүнүн I

стадиясы болот. 9 айда 9 күн  9 саатта толук жетилип төрөлөт. Бирок 8 айлык бала төрөлсө да жашабайт.

**Организмдин ички чөйрөсү**.

Дененин көпчүлүк клекасы сырткы чөйрө менен байланышкан эмес.
Булардын тиричилик аракети ички чөйрө менен камсыз болот, ал эми ички чөйрө 3 түрдүү суюктуктан түзүлөт:
Клетка аралык (ткандык) суюктук, клеткалар муну менен түздөн – түз тийишип турат, кан жана лимфа. Ички чөйрө тиричилик аракети үчүн зарыл заттар менен клеткаларды камсыз кылат, ошондой эле ички чөйрө аркылуу ажыроонун продуктылары чыгып турат. Организмдин ички чөйрөсү дээрлик туруктуу составга жана физикалык – химиялык касиеттерге ээ. Мына ушундай шартта  гана клеткалар нормалдуу иштейт.
Организмдин ички суюк чөйрөсү:
Веналык кан.
Артериялык кан
Кан жүрүүчү каппиляр
Клеткалар
Лимфа тамырлары
Клетка аралык суюктук.

**Ткандар**. Пайда болушу, түзүлүшү жана аткаруучу функциялары боюнча окшош клеткалардын жана клетка аралык заттын жалпы жыйындысы ткань деп аталат. Кишинин организминдеги ткандарды 4 негизги топко: эпителий, тутумдаштыргыч, булчуң жана нерв ткандарга бөлүшөт.
Эпителий тканы (грекче – эпи – үстү) дене жабуусун, бездерди жана ички органдардын көңдөйлөрүн каптайт (ичтейт).
Тутумдаштыргыч тканы, мисалы кемирчек менен сөөк ткандары, органдардын тирегин камсыздайт. Тутумдаштыргыч ткандын башка түрлөрү органдардын ортолорунда жайланышып аларды байланыштырат. Кан менен лимфа организмдин ички суюк чөйрөсүн пайда кылат. Булчуң тканы  - скелет булчундарынын жана көптөгөн ички органдардын негизги тканы, Кыймыл аракет функциясы булчуң тканына байланыштуу.

Нерв тканы мээ менен жүлүндүн массасын түзөт. Нерв клеткаларынан чыгуучу нерв тамырлары мээ менен жүлүндөн бардык органдарга жана ткандарга таралып, организмдин ар кандай бөлүктөрүнүн ортосунда тез байланышты камсыз кылат.
Дене жөнүндөгү аяттар.
Денелердин бары бирдей эмес; адамдын, малдын, канаттуунун, балыктын денеси бири – биринен айырмалуу.

Асмандагылардын денелери бар, жердегилердин денелери бар. Асмандагылардын денелеринин даңкы башка, жердегилердин денелеринин даңкы башка. (1Корунттуктар 15: 39 – 40).

Топуракка көмүлгөн дене чирийт, тирилген дене эч качан чирибейт. Себилген деген барксыз, тирилген нерсе барктуу. Себилген нерсе алсыз, тирилген нерсе күчтүү.

Себилгени – табийгый дене, тирилгени – рухий дене. Табийгый дене бар, рухий дене бар. Тооратта мындай деп жазылган: «Ошентип биринчи адам – Адам Ата тирүү жан болуп калды». Ал эми акыркы Адам – өмүр берүүчү рух.

Адегенде табийгый адам, андан кийин рухий Адам келди.

Топурактан жаралган биринчи адам жерден, экинчи Адам асмандан келди. Жердеги адам кандай болсо, жердегилер да ошондой. Асмандан келген адам кандай болсо, асмандагылар да ошондой. Азыр жердеги адамдын бейнесин алып жүрөбүз, кийин асмандан келген Адамдын бейнесин алабыз.

«Бул дене Кудайдын Падышачылыгын мурастай албайт, чирип калчу нерсе чирибес нерсени мурастай албайт. Акыркы сурнай тартылганда, көз ачып жумгуча өзгөрүлөбүз, өлгөндөр чирибес болуп тирилишет, биз болсо өзгөрүлөбүз. Анткени чирип калчу бул дене чирибес болот, өлүп калчу бул дене өлбөс болот. Чирип калчу бул денебиз чирибес болгондо, өлүп калчу денебиз өлбөс болгондо, «Өлүм жеңилди, жок болду» деген сөз аткарылат. (Инжил 1 Корунттуктарга15: 39 – 54).
Денеден дене, рухтан рух төрөлөт (Жакан 5: 6).

**II Жан**

Кудай Теңир топурактан адам жаратып, анын жүзүнө өмүр демин үйлөдү, ошондо ал тирүү жан болуп калды (Библия Башталыш 2: 7).
Ошентип, биринчи адам – Адам ата тирүү жан болуп калды: (1 Корунттуктарга 15: 45)

Адам ата менен Обо эненин денесине киргизилген Кудайдын өмүр деми адамдардын денесиндеги тирүүлүктү жаратты. Ошол тирүүлүк ушул күнгө чейин жана мындан ары да тирүү жандын ичинде жашайт. Өлгөндө денени таштап чыгып кетет.

**III Рух**

Табийгый дене бар, рухий дене бар!
(1 Корунттуктар 15: 44)
Адегенде табийгый адам, андан кийин рухий Адам келди. (1 кор. 15: 46)
Кудайдын бизге эмне берилгенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын рухун кабыл алдык.

Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз. Табийгый адам Кудайдын Руху ачып берген чындыктарды кабыл албайт, анкени ал муну акылсыздык деп эсептейт. Ал муну түшүнө албайт, анткени бул жөнүндө рухий ой жүгүртүү керек.

Рухий адам бардыгы жөнүндө ой жүгүртө алат, бирок ал адамга эч ким баа бере албайт. (1 Кор 2: 12 – 15).

Кудайдын ибадатканасы экендигиңерди, ичиңерде Кудайдын Рухун жашарын билбейсиңерби? Ким Кудайдын ибадатканасын талкаласа , аны Кудай талкалайт. Анткени Кудайдын ибадатканасы ыйык, ал эми ибадаткана силерсиңер. (1 Кор 3: 16 -17)

Ар бир адамдын Кудайдан алган рухий жөндөмдүүлүгү бар. (1Кор 7: 7) Кудайдын руху аркылуу сүйлөгөн адам Ыйсага каргыш айтпайт жана ал Кудайдын Руху аркылуу гана Ыйсаны: Теңир» - дей алат.
Рухий жөндөмдүүлүктөр ар түрдүү, бирок Рух бирөө. Кызматтар ар түрдүү бирок Теңир бирөө. Иштер ар түрдүү, Бирок Кудай бирөө, бардыгын кыймылга келтирген -Ал.

Бирок рухтун жөндөмдүүлүгү жалпынын пайдасы үчүн ар бирине берилет. Рух аркылуу бирине акылмандык берилсе, ошол эле Рух аркылуу башка бирине билим берилет.

Ошол эле Рух аркылуу бирине ишеним, дагы бирине айыктыруу жөндөмдүүлүгү, бирине ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгү, бирине пайгамбарлык кылуу жөндөмдүүлүгү, бирине рухтардын айырмалоо жөндөмдүүлүгү, ар бирине ар кандай тилде сүйлөө жөндөмдүүлүгү, башка бирөөгө ошол тилдерди которуп түшүндүрүп берүү жөндөмдүүлүгү берилет. Мунун бары ошол эле Рухтун иши. Ал ар бирине өзү каалагандайжөндөмдүүлүк берет (1 Кор 12: 3 – 11).

Сүйүүгө жетүүгө, рухий жөндөмдүүлүктөргө, айрыкча пайгамбарчылык кылууга умтулгула (1 Кор 14: 1)

Ар кандай тилдерде сыйынып жатканда, рухум сыйынганы менен акылым жемишсиз калат. Анда эмне кылыш керек? Рухум менен да сыйынам, акылым менен да сыйынам, Рухум менен да ырдайм, акылым менен да ырдайм (1 Кор 14: 14,15).

Ошентип, азыр Ыйса Машаяктын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт.

Анткени Машаяк Ыйса аркылуу өмүр берүүчү рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту (Римд. 8: 1, 2).

Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө, ал эми рухтун каалоосу боюнча жашагандар рухтун каалоосу жөнүндө ойлошот. Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо өлүмгө дуушар кылат, рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр жана тынчтык берет (Римд. 8: 5,6)

Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо – Кудайга каршы кастык, себеби ал Кудайдын мыйзамына баш ийбейт, баш ие да албайт.

Ошондуктан күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар Кудайга жага алышпайт.

Эгерде силердин ичиңерде, чын эле Кудайдын руху жашап жатса, анда силер күнөөкөр табиятыңардын каалоосу боюнча эмес, рухтун каалоосу боюнча жашап жатасыңар. Кимде Машайактын Руху жок болсо, ал Машайактыкы эмес.

Эгерде Машаяк силердин ичиңерде болсо, анда денеңер күнөөнүн кесепетинен өлүк, бирок рухуңар акталуунун аркасы менен өмүргө ээ.

Эгерде Машайак Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайдын руху силердин ичиңерде жашап жатса,анда Машаякты өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай силердин ичиңерде жашаган Өз Руху менен силердин өлүк денеңерди тирилтет. (Римд 8; 7 – 11)

Кудайдын Рухунун жетеги менен жүргөндөрдүн баары – Кудайдын балдары( Римд. 8: 14). Силерге өзүңөрдөн болгон, силерге биздин аяттарыбызды окуп бере турган, силерди күнөөлөрдөн арууланта турган, силерге Китеп жана Ибадаттарды үйрөтө турган, жана билбеген нерсеңерди билдире турган (Пайгамбар) Ыйса Теңирди жибердик. Силер Мени эстегиле, Мен да силерди эстеймин. Мага ыраазычылык келтиргиле жана мага кайдыгер болбогула! Эй, момундар, сабыр кылуу жана сыйынуу менен Менден жардам сурагыла! Албетте, Алла сабыр кылуучулар менен бирге. (Курани Карим Бакара 2: 152 153).

Бирок кимде – ким тообо кылып, өздөрүн оңдошсо жана акыйкатты ачык айтышса мына ошолордун тооболорун кабыл кыламын. Мен гана тооболорду кабыл кылуучу, Ырайымдуумун. Ал эми каапырдык жолго кирип ( Рухта жашабаган адам), капыр абалында өлүп кеткен кишилер, шексиз Алланын … ырайым назарынан пайдалана албаган абалда түбөлүк тозокто калышат. (К. К. Бакара 2: 160 – 162).

## 1.3. Рух сергек, дене алсыз (Марк 14: 3,8)

Дөөт өзү Ыйык Рухтун шыктандыруусу менен: «Кудай – Теңир менин Теңириме мындай деди: Мен сенин душмандарыңды бутуңдун алдына жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур,» - деген. (Марк. 12: 36)

Силерди салып берүү үчүн алып бара жатышканда, эмнени айтуу керектигин алдын ала ойлонбогула. Ошол саатта силерге эмне берилсе, ошону айткыла. Анткени силер эмес, Ыйык Рух сүйлөйт (Марк 13: 11)

Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты (Элчилердин Иши 2:4)

Силерди синагогаларга, башчыларга, бийликтерге алып барышканда, «Кантип же эмне деп жооп беребиз, же эмнени айтабыз?» деп тынчсызданбагыла.

Анткени Ыйык Рух силерге эмнени айтуу керектигин ошол учурда үйрөтөт (Лука 12: 11,12)

Силерди кармап беришкенде, «Эмнени айтабыз, кантип айтабыз,» - деп тынчсызданбагыла. Эмнени айтуу керек болсо, ошол учурда силерге берилет.

Анткени силер эмес, силер аркылуу Атаңардын Руху сүйлөйт. (Матай 10: 19,20)

«Оо, Кудай - Теңир! Мен сөз сүйлөгөндү билбейм, анткени өтө эле жашмын» - дедим. Бирок Теңир мага мындай деди: «Жашмын», - дебе, анткени Мен сени кимге жиберсем, ошолордун бардыгына барасың: Мен сага

эмнени буйрусам,  ошону айтасың. Алардан корпко. Сени куткаруу үчүн Мен сени мененмин., - деди Теңир».

Ошондо Теңир өз колун сунуп, менин оозума тийгизди, анан Теңир мага мындай деди: мына мен өзүмдүн сөздөрүмдү сенин оозуңа салдым (Жер 1:6,7, 8, 9)

Анын оозуна өзүмдүн сөздөрүмдү салам, ошондо ал Мен буйрук кылгандардын баарын аларга айтып берет (Мыйзам 18:18).

Бар, бул элге мындай деп айт: Кулагыңар менен угуп турасыңар, бирок түшүнбөйсүңөр, көзүңөр менен карап турасыңар, бирок көрбөйсүңөр.

Анткени бул элдин жүрөгүн май басып калган, кулагын жаап, көзүн жумуп алган, ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, кулактары укпайт, жүрөктөрү менен түшүнүшпөйт жана айыгыш үчүн мага кайрылышпайт. (Ышайя 6: 9,10)

«Муну ук, акылсыз эл, көзү бар болуп туруп көрбөгөн, кулагы бар болуп туруп укпаган, акыл – эси жок эл!»  (Жеремия 5:21)

Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерге Асман падышалыгынын сырларын таанып билүү мүмкүнчүлүгү берилди, аларга болсо берилген жок.

Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, анда мол болот. Ал эми кимде жок болсо, андан бар нерсеси да тартылып алынат. Аларга үлгү насаат аңгемелер менен сүйлөгөндүгүмдүн себеби: алар көрүп турушса да көрүшпөйт, угуп турса да угушпайт жана түшүнүшпөйт. (Матай13:11 – 13). Анткени адамзаттын күнөөсү көзүн көрбөй турган кулагын укпай турган, акылын түшүнбөй турган кылып жаап койгон.

**Адамзаттын күнөөкөрдүгү жана күнөөлөрү.**

Чындыкты адилетсиздик менен басып турган адамдардын кудайсыздык менен кылган бардык иштерине жана адилетсиздигине каршы асмандан Кудайдын каары төгүлөт.

Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга билдирген.

Дүйнө жаратылгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөгөн табияты». Түбөлүктүү күчү жана кудайлыгы.

Анын жараткан нерселерин карап чыгуу аркылуу көрүнөт. Ошондуктан бул адамдар  актана алышпайт.

Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, аны Кудай катары даңкташкан жок, Ага ыраазычылык келтиришкен жок, тескерисинче куру кыялдарга батышты, алардын акылдары караңгыланды.

Өлбөс кудайдын даңкын жок боло турган адамдын, канаттуулардын, жаныбарлардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн бейнесине алмаштырышты.

Ошондуктан Кудай алардын жүрөктөрүндөгү кумардуу каалоолору менен бузукулукка батуусуна жол берди ошентип, алар өз денелерин өздөрү булгашты.

Алар Кудайдын чындыгын жалганга алмаштырышты, жаратканга табынуунун, кызмат кылуунун ордуна жаратылган нерсеге табынышты, кызмат кылышты. Ал эми Кудай түбөлүккө даңкталууга татыктуу. Оомиин.

Ошондуктан Кудай алардын ыплас кумарга батуусуна жол берип койду, анткени алардын аялдары да табийгый жыныстык байланышты табийгый эмес байланышка алмаштырышты.

Ошондой эле эркектер да аялдар менен болгон табийгый жыныстык байланышты таштап, бири бирине кумарын атышты. Эркектер бири бири менен ыплас ишке барышты. Алардын денеси ыплас ишине жараша жазаланды.

Алар Кудайды таанып билүүнүн кажети жок дешкендиктен, жараксыз иштерди жасасын деп, Кудай аларга тескери түшүнүк берип койду.

Ошондуктан алардын жүрөгү ар кандай адилетсиздикке, бузуктукка, арамзалыкка, ач көздүккө, ачууга, көрө албастыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, чатакташууга, алдамчылыкка, терс кыялдарга толгон.

Алар тили заар, жала жабуучу, Кудайды жек көрүүчү, таарынтуучу, мактанчаак, текебер, жамандык ойлоп чыгаруучу, ата – энесине тил албас акылсыз, сөзүнө турбаган, мээримсиз, элдешпес, ырайымсыз адамдар.

Алар Кудайдын адилет сотун, ушундай кылуучулар өлүмгө татыктуу экенин билип туруп жасашат. Жасап эле тим болбостон, ушундай кылгандарды кубатташат. (Римдиктерге 1: 18 – 32).

Ал эми менменсинип, акыйкатка баш ийбей анын ордуна кыянаттыкка берилгендер башкача айтканда Кудайдын каарына калып жазасын тартышат.

Ал эми өзүнүкүн бербей, чындыкка баш ийбей, адилетсиздикке баш ийгендерге каарын жана ачуусун төгөт (Рим 2: 8).

Алар өздөрүнүн анттарын калкан кылышып алып, Алланын жолунан адашышты. Алардын кылган иштери канчалык жаман! Буга  себеп алар тилдеринде ыйман келтирип, дилдеринде каапыр болгондору.

Ошентип алардын дилдери мөөрлөп коюлду. Эми алар чындыкты, акыйкатты аңдай алышпайт! Качан сен аларга карасаң алардын тулку бойлору сени таң калтырат, сүйлөгөндөрүндө болсо сөздөрүнө кулак саласың, алар куду жөлөп коюлган чирик жыгачтарга окшошот. Алар ар бир үндү күмөн кылышат. Алар душмандар. Алардан этият болгун! Аларды Алла наалаттайт. Алар адашкандар! Качан аларга: Келгин, Аллаанын актоочусу силер үчүн кечирим сурайт, дешсе, албетте алар моюн толгоп кетишет жана алардын текебердик кылып жүз бургандарын көрөсүз. (К.К. Мунаафикун 63: 2 – 5).

Асман Кудайдын даңкын жар салып жатат аалам анын колдору жасаган иштерди кабарлап жатат. (Забур 18: 2).

Ошондуктан мен аларды өздөрүнүн көшөргөн жүрөгүнүн эркине койдум. Өздөрү каалаган жол менен жүрө беришсин дедим ( Забур 80: 13).

Кудайсыз жашаган адам коргоосуз болот. Коргоосуз жашаган адам шайтандын торуна тез түшөт.

Адамдын денесинин ичинде Кудайдын Руху жок болсо, ал боштукту шайтандын руху, жиндер ээлейт. Адамдар кудайдын Рухуна толбой, адамдык мыйзамдарды аткаруу менен чектелсе анда адашат.

Мен бир кезде мыйзамсыз эле жашачумун, бирок осуят келгенде, күнөө тирилди, мен болсо өлдүм.

Өмүргө ээ болуум үчүн берилген бул осуят, мени өлүмгө дуушар кылды (Рим 7: 9 – 10).

Бирок күнөө жакшы нерсенин жардамы менен мени өлүмгө дуушар кылып күнөө катары таанылды. Ошентип, ал осуят аркылуу жогорку чектеги күнөө катары таанылат.

Мен өзүмдүн эмне кылып жатканымды түшүнбөйм. Анткени мен өзүм каалаганды эмес, өзүм жек көргөндү кылып жатам.

Эгерде мен өзүм жек көргөндү кылып жатсам анда мен мыйзамдын жакшы экенине кошулам.

Анда аны мен эмес, менин ичимдеги күнөө жасап жатат.Анткени менин ичимде тактап айтканда, менин күнөөкөр табиятымда жакшы нерсе жок экендигин билем. Себеби жакшылык жасагым келсе да жаса албайм.

Мен өзүм каалаган жакшылыкты эмес өзүм каалабаган жамандыкты кылам. Эгерде мен өзүм каалабаганды жасап жатсам, анда азыр аны, мен эмес менин ичимдеги күнөө жасап жатат.

Ошентип, мен мындан мындай мыйзамды көрүп жатам: мен жакшылык жасайын дегенде, жамандык жабыша калат (Римд. 7: 8 – 21)

Дене мүчөлөрүмдө башка мыйзам бар экенин көрүп жатам. Бул да менин акылым кабыл алган мыйзамга каршы турат жана ал мени дене мүчөлөрүм баш ийбеген күнөөнүн мыйзамына туткун кылып жатат.

Ошентип, мен акылым менен кудайдын мыйзамына ал эми күнөөкөр табиятым менен күнөөнүн мыйзамына кызмат кылып жатам. (Рим 7: 23 – 25)

**Күнөө аркылуу адамдын денесине бийлик жүргүзгөн жаман рухтар:**

Өзүмчүлдүк руху, Менменсинүү руху, Текебердик руху, Өз акылына таянуу, Акылсыздык, Өз күчүнө таянуу, Жаман ойлор, Фантазия руху, Түйшүк тартуу руху, Дүйнө кордук руху, Малжандуулук руху, Акчажандуулук руху, Битирлик руху, Кызганчаактык, Наааразылык руху, Наадандык руху, Наалымалык руху, Ачкөздүк , Таарыныч,Тартынчаактык, Так эместик, Алдамчылык, Аферисттик, Алтын жандуулук, Аялжандуулук, Азап чегүү, Азарттык руху, Аянчык, Аракечтик, Бушаймандык, Базаржандуулук, Башаламандык, Айыл жандуулук, Баш катыруу, Бей тынчтык, Бузуктук, Бейбаштык, Бачабаздык, Адилетсиздик, Арамзалык, Ачууга алдыруу, Ачкыл жандуулук, Ачуу жандуулук, Ширин жандуулук, Көрөалбастык, Кумарга батуу, Киши өлтүрүүчүлүк, Оокат жандуулук,Терс кыял,Таарыныч,Тил албастык, Мээримсиз, Ырайымсыз, Чатак чыгаргыч, Чырдашкыч, Мушташкыч, Заар тилдүүлүк, Митайымдык, Элдешпестик, Кечирбестик,Үнөмчүлдүк, Кек сактоо, Наркомания, Таксикомания, Өзүнө

өзү наразылык, Кайгыруу, Депрессия, Көңүл чөгүү, Чыдамсыздык, Жашы малык, Көңүл калтыруу, Таш боордук, Оройлук, Өзүнө өзү ишенүүчүлүк, Туура эмес чечим, Тартип бузуучулук, Кайдыгерлик, Ишенимсиз, Сынчылдык, Пикир келишпестик, Жаңжалкечтик, Оккультизм, Күмөн саноо, Ишенбестик, Маньяктык,Чылым чегүүчүлүк, Кийим жандуулук, Айыл жандуулук, Той жандуулук, Карта жандуулук, Жалаа жабуучулук, Ойноштук, Паракорлук, Наалаткөйлүк, Бийлик жандуулук, Жалаа жабуу, Мансапкорлук, Кафежандуулук, Каничкичтик, Лезбийлик, Балажандуулук (пидафильство) ж.б.

Жакшы рух да, Жаман рух да ата – энеден балдарына өтүп турат. Адегенде күнөөкөр денеден кайра эле күнөөкөр денелер жаралып жатпайбы. Жаман рух тукумдан тукумга өткөн сайын улам чоңойуп күчүнө кирип турат. Ошон үчүн атасынын баласы, андан да ашып түштү. Энесинин эле өзү, ашса ашып түшөт кем эмес деп айтылат. Ошон үчүн жаңы денеге жакшы үрөөндүн себилгени жакшы. Ал үрөөндүн түшүмүн сепкен адам өзү терип жейт. Жаман үрөөн жаман түшүм берет. Сепкен адам өзү азабын тартат.

Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда атага болгон сүйүү жок анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш тиричиликтеги текебердик. Булар атадан эмес бул дүйнөнүкү. Бул дүйнө өзүнүн кумары менен кошо жок болот. Ал эми кудайдын эркин аткарган адам түбөлүк жашайт (1 Жакан 2: 15 – 17).

Ким күнөө кылса, ал мыйзамсыздык кылган болот. Күнөө – бул мыйзамсыздык (1 Жакан: 2, 5). Күнөө кылып жаткан адам шайтандан, анткени шайтан башынан бери күнөө кылып келе жатат.
Кудайдан туулган адам күнөө кылбайт анткени анын ичинде Кудайдын руху табияты жашайт. Ал күнөө кыла албайт, анткени кудайдан туулган.

Адил иш кылбаган жана бир тууганын сүйбөгөн адам Кудайдан эмес. Кудайдын балдары менен шайтандын балдары ушундай айырмаланат.
(1Жакан 3: 4 – 10).

## 1.4. Мурунку муундун кийинки муунга тийгизген таасири.

Мыйзам окутуучулар менен Фарисейлер Муса пайгамбардын ордун басышты. Алардын кылганын кылбагыла, анткени алар айткандарын өздөрү аткарышпайт. Көтөрө алгыз оор жүктөрдү таңып адамдардын ийинине артып коюшат. Өздөрү болсо ага колунун учун тийгизип коюуну да каалашпайт.

Бардык иштерин элдин көзүнө көрүнүү үчүн жасашат. Чекелери менен колдоруна байлаган,мыйзам жазылган кайыш курларынын көлөмүн чоңойтушуп, кийимдерине таккан чачылырын узартышат.
(Инжил. Матай 23: 3 – 5)

Бул аяттагы сөздөр учурдагы ажы, молдо, имам, муфтийлерге да тиешелүү. Мыйзам окутуучулар жана фарисийлер эки жүздүүлөр силерге кайгы! Асман падышачылыгына адамдардын кирүүсүнө тоскоолдук

кыласыңар. Өзүңөр кирбейсиңер, киргиси келгиндерди да киргизбейсиңер (Инжил Матай 23: 13)

Ишениминерди бир адам болсо да кабыл алышы үчүн да жер сууну айланып чыгасыңар. Кабыл алгандан кийин аны өзүңөрдөн эки эсе ашып тозок уулуна айландырасыңар. (тозок отуна түшө турган адам)(Матай 23: 45)

Молдочулукту бир аз үйрөнүп алып ажы сапарына барып келип башка адамдарды бузгандар. Кудайдын талабын түшүнбөй туруп эле жаштарды даабатчылкка үгүттөп жаткандар, медреседе кыздарды окутуу  бул кудайдын адилеттүү жолу эмес.

Чиркейди чыпкалап саласыңар, төөнү болсо жутуп койосуңар, чөйчөгүңөр менен  мискейиңердин сыртын тазалайсыңар бирок алардын ичи талап тоноочулук менен адилетсиздикке толгон. (Матай 23 – 25)

Даарат шарттарын кылган адамдар. Алар бети колун бутун талапка ылайык жууп тазалашат. Бирок ички дүйнөлөрүн тазалашпайт. Кудай ата мага идиштин сырты эмес ичинин тазалыгы зарыл деген. «Сокур фарисей адегенде чөйчөгүң менен мискейиңдин ичин тазала, ошондо алардын сырты да таза болот. Силер сыртынан кооз көрүнгөн бирок ичи өлүктөрдүн сөөктөрүнө жана ар кандай ыплас нерселерге толгон ныкталган мүрзөлөргө окшошсуңар.

Сыртыңардан адамдарга адил көрүнгөнүңөр менен, ичиңер эки жүздүүлүк менен мыйзамсыздыкка толгон.

- Пайгамбарларга күмбөз тургузуп адил адамдардын эстелигин жасалгалайсыңар».

Ата – бабаларыбыздын заманында жашаган болсок, аларга окшоп пайгамбарлардын канын төкмөк эмеспис дейсиңер.

Пайгамбарларды өлтүргөндөрдүн уулдары экениңерди өзүңөр эле ушинтип күбөлөндүрүп жатпайсыңарбы? Ата – бабаларыңардын кыянат иштерин чегине жеткиргиле. Жыландар, жылан тукумдары! Тозок отунан кантип качып кутуласыңар? (Инжил. Матай 23: 24 – 33).

Эгерде падышачылык ич ара бөлүнсө анда ал падышачылык кулайт. Эгерде үй – бүлө ич ара бөлүнсө анда ал үй бузулат. Эгерде шайтан да өзүнө өзү каршы чыгып бөлүнсө, анда ал тура албайт, анын күнү бүтөт. (Марк 3: 24 – 26)

Бул адамдар мени тили менен урматташат, бирок алардын жүрөктөрү менден алыс. Алардын мени урматтаганы бекер, анткени алардын үйрөткөнү адамдык эрежелер. Силер Кудайдын осуятын таштап, адамдык салттарды кармайсыңар (Марк 7:3)

## Кимдерге кайгы

Байлар Силерге кайгы анткени өзүңөрдүн көңүл соорото турган нерсеңерди  алгансыңар. Азыр курсагы ток жүргөндөр, силерге кайгы Анткени ачка болосуңар. Азыр жыргап күлгөндөр, силерге кайгы! Анткени боздоп ыйлайсыңар! Эгерде силерди элдин баары мактаса силерге кайгы!

Анткени алардын ата – бабалары жалган пайгамбарларга ушундай мамиле жасашкан (Лука 6: 24 – 26).

Мен баш ийбеген жаман жол менен жүргөн, өз ойлору менен жүргөн элге токойлордо курмандык чалып кыш үстүндө жыпар жыттуу зат түтөтүп, мени дайыма ачууланткан. Мүрзөлөрдө отурган, үңкүрлөрдө түнөгөн, чочконун этин жеген идиштерине жийиркеничтүү тамак бышырган элге бир күн бою колумду сунуп турдум.

Ал эл «Токто, мага жакындаба, анткени мен сенден ыйыкмын» - дейт. Ал эл - менин таноом үчүн түтүн, бир күн бою күйүп турган от.

Менин алдымда мына мындай деп жазылган: унчукпай калбайм, жазалайм, аларды мыйзамсыздыгына жараша жазалайм.

Силерди мыйзамсыздыктарыңар үчүн дейт Теңир, тоолордо жыпар жыттуу зат түтөтүп, адырларда мени шылдыңдаган ата – бабаларыңардын мыйзамсыздыгы үчүн жазалайм. Аларды мурунку иштерине жараша жеткире жазалайм». (Ышайа 65: 2 -8)

Баарыңар мага каршы күнөөгө баттыңар (Библия. Жеремия 2: 29).

Чымчыкка толгон капастай алардын үйлөрү алдамчылыкка толгон ошол аркылуу алар текеберденишти, байышты.

Алар толушту, семиришти ар кандай жамандыктын чегинен өтүштү. Алар сот иштерин жетимдердин иштерин адилеттүү чечишпейт, жыргап жашашат, жакырлардын адилеттүү ишине акыйкаттык кылышпайт.

Кантип мен аларды ушул үчүн жазалабай коеюн? – дейт Теңир. Менин жаным ушундай элден кантип өч албай койсун? (Библия Жер 5: 27 – 29).

Кичинесинен чоңуна чейин булардын ар бири ач көздүккө берилген пайгамбардан ыйык кызмат кылуучуга чейин жалган иш кылышат (Жер 6: 13)

Жалган айтуу үчүн тилдерин жаадай тартышат, жерде жалган иштери менен күч алып бара жатышат, анткени бир жамандыктан экинчи жамандыкка өтүшөт. Мени билишпейт (Жеремия 9: 3).

Мыйзамсыздарды айыптоо. Куткарыш үчүн Теңирдин колу кыскарган жок, угуш үчүн анын кулагы катуу болуп калган жок. Бирок мыйзамсыздыгыңар аларды кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр анын жүзүн силерден буруп жатат. Анткени силердин колуңар кан төгүп, манжаларыңар мыйзамсыздык кылып булганган. Оозуңар жалганды сүйлөйт тилиңер калпты айтат. Акыйкаттык үчүн эч ким үнүн чыгарбайт. Чындык үчүн эч ким күрөшпөйт. Жок нерсеге таянышат, калп айтышат. Алардын боюна жамандык бүтөт, адилетсиз иштерди төрөшөт. Уу жыландын жумурткасын чыгарышат, жөргөмүштүн желесин токушат. Алардын жумурткаларын жеген адам өлөт эгерде жарса, ичинен жылан чыгат. Алардын кийимдери желеге жарыбайт. Алар өздөрү жасаган нерселери менен жашына алышпайт. Алардын иштери адилетсиз иштер, зордук зомбулук – алардын колунда. (Библия Ышайа 59: 1 – 6)

**Куткаруучунун убадаланышы**

Чындык жок болду, жамандыктан качкан кордукка дуушар болду. Мунун Теңир көрдү, акыйкаттыктын жоктугу анын көзүнө жийиркеничтүү көрүндү. Адил Адам жок экенин көрдү, арачы боло турган адам жок экенине таң калды. Ошондо ага өзүнүн каруу булчуңу жардам берди. Аны өзүнүн чындыгы колдоду. Ал чындыкты соот кылып кийди, куткаруу туулгасын өзүнүн башына кийди. Өч алуу чапанын кийип, кызгаанчактыкты жабуу кылып жамынды. Иштерине жараша ал өзүнүн душмандарын каары менен жазалайт, өзүнүн душмандарынан өч алат, аралдарга тиешесин берет. Ошондо Теңирдин ысымынан батыштагылар коркушат, анын даңкынан чыгыштагылар коркушат. Эгерде душман дарыядай каптап кирсе, Теңирдин деми аны кууп жиберет.

«Ошондо Сионго, мыйзамсыздыкты таштап, кудайга кайрылган Жакыптын уулдарына куткаруучу келет, - дейт Теңир. Бул менин алар менен түзгөн келишимим – дейт Теңир, - сендеги Менин Рухум, сенин оозуңа салган менин сөздөрүм, сенин оозуңдан, сенин укум – тукумуңдун оозунан, сенин урпактарыңдын укум – тукумунун оозунан мындан аары түбөлүккө, түбөлүккө түшпөйт (Библ. Ышайа 59: 15 – 21).

**Санат сөз**

Теңир мындай дейт: Адамдан үмүттөнгөн өз денесин тирек кылган, **жүрөгү** Теңирден алыстаган адамга каргыш! Ал адам чөлдөгү бадалдай болот, ал ырайымдын келгенин көрбөйт, чөлдөгү ысык жерлерге, түшүм бербеген, эч Ким жашабаган жерге отрукташат.

**Теңирден үмуттөнгөн, Теңирге таянган адам баталуу.** Анткени ал адам суу боюнча тигилген тамырын суу түбүнө жайган дарактай болот. Ал аптапты сезбейт. Анын жалбырактары жашыл бойдон турат, ал кургакчылык убагында да коркпойт, мөмө берүүсүн токтотпойт. **Адамдын жүрөгү өтө анткор, өтө бузулган,аны ким биле алат.**

Мен, Теңир ар бир адамга өзүнүн жолуна жана кылган иштеринин жемишине жараша тийешесин бериш үчүн, жүрөккө чейин кирип, ички дүйнөнү сынап **турам**. (Ыйык китеп Жер.17:1-10)

**Адамдын жүрөгү**

Кудай Теңир ар бир адамды жаратканда кемчиликсиз жарататат. Жана биз Анын алдына кемчиликсиз тагы жок барышыбыз керек. Адамдын жүрөгүн талаа деп эсептейли. Адам күнөө кетиргенде ал талаага отоо чөп чыгат.Эгерде күнөө кетирбей адилет жашаса ал талаага буудай, арпа эккен сыяктуу пайдалуу нерсе чыгат. Жүрөккө себилген жамандык жыл өткөн сайын өсөт, тамырлайт, жетилет, тамыр жайып дагы көбөйөт. Отоо чөптүн тамыры муундан муунга өтүп турат. Отоо чөптүн тамыры жайылып бекем орношкон сайын адамдын жүрөгү катууланат. Отоо чөптүн түрү көп болгон сыяктуу эле, күнөөнүн да түрү көп. Көптөгөн отоо чөптөрдүн тамырлары жайылып биригип чырмалышкан сайын жүрөк катат. Адам ошол жүрөгүнөн орун алган жаман рухтарга баш ийип Кудайдан алыстайт. Себеби отоо чөп баскан талаага эгин эгип болобу. Эч качан болбойт. Эмне үчүн акыркы күндөрү оору-жарааттын түрү көп,Жүрөк ооруган мындан көп оору менен төрөлгөн балдар да көп. Ата-бабалардын жүрөктөрүнө себилген отоо чөптөрдүн түрү муундан муунга өткөн сайын көбөйүп тамырлап жатпайбы. Бизге калтырган белектери жүрөк ооруларынын түрлөрү:

- ИБС Стенокардия
- Отүшкөн инфаркт  миокарда
- Гипертониялык оору
- Ревматизм
- Миокардит
- Перикардит
- Эндокардит
- Аорталык атеросклероз
- Атересклеротикалык кардиосклероз
- Постинфарктык  кардиосклероз
- Жүрөктө курч жетишпестик ,

- Жүрөктөгү өнөкөт жетишпестик
- жүрөктүн пороку.

**Жүрөк – Мотор**

Машинанын мотору май болбосо жүрбөйт. Бензин болбосо машина жүрбөйт. Мотор жараксыз болсо машина жараксыз болгон сыяктуу эле адамдын жүрөгү таза болбосо кыймылдай албайт. Кылдырап, эптеп кыбыраган мотор менен жүргөн  машина, аварияга кабылат, урунат, сынат, катуураак урунса жараксыз болуп мусорго ыргытылат.

Адам дагы алсыз, кубаты жок, оорукчан  жүрөк менен эптеп өлбөстүн күнүн көрөт. Начар жүрөк менен адамдын денеси ишке жараксыз болот. Жылбай жатууга туура келет. Акырында начарлап оо дүйнөгө узай берет.

Адам эртерээк мотор жөнүндө кам көрүүсү керек. Моторго өзүнүн тиешелүү болгон майдан башка майды куюп салса жараксыз болот. Ал иштебейт. Зордоп иштетип салса мурункудан бетер иштен чыгат.

Адам заттын жүрөгүнө да ошондой тиешелүү болгон май керек. Ал май Кудайдын сөзү- Ыйык жазуу, Тоорат, Забур, Инжил. Ыйык Жазуудагы Кудайдын сөзү жүрөктү майлап, чыңдап, ишке жарактуу кылып тазалап турат. Эгерде силер ушул майдан башка май менен: санжыралар, жалган окутуулар,ужас фильмдер, боевиктер, ушак айтуу, айыптап соттоо, митайымдык, каргануу, сөгүнүү, ж.б. ушул сыяктуу майлар менен майласаңар анда силер адашасыңар. Бул майлар менен майланган жүрөк, ишке жараксыз болот. Акырындык менен мусорго ыргытылат. (Тозокко түшөт).

**Жүрөк – Капчык**

Жеңил капты көтөрүп өйдө чыгуу оңойбу же оор капты көтөрүп жогору чыгуу оңойбу?Албетте, ар кандай адам  жүк жок болсо, аябай жеңил болсо тезирээк жогору көтөрүлүп, болжогон жерге жетсем экен деп эңсейт. Эгерде

капчык же кап өтө оор болсо аны көтөрүп чыга албайсың? Ыргытып таштап жибергиң келет.Оор кап эч качан жогору көтөрүлбөйт, Зордук менен көтөрүп чыксаң да тоголонуп ылдый түшүп калат. Бул оор кап муундан муунга өтүп топтолуп келе жаткан күнөөгө толгон жүрөк. Жүгү жеңил кап, күнөөлөрдөн жуулуп тазаланган бейишке чыккан жүрөк. Анткени Кудай Ата адамдардын жүрөгүн текшерет. Оор капчыктын ичинде эмнелер бар анын ичи толгон күнөөлөр. Шайтандын талабына таандык болгон сапаттар: өзүмчүлдүк, менменсинүү, жалкоолук, кайдыгерлик, кара ниеттик, калпычылык, уурулук, акча жандуулук, дүнүйөкордук, сараңдык, ачкөздүк,сугалактык, жанды сүйүүчүлүк, денелик талап менен жашоо ж.б.

Мындай сапаттар Кудай алдында жийиркеничтүү. Ыпластыкка толгон жүрөк оттуу көлгө, отко ыргытылат.

Ал эми жеңил капчык Кудай жолунда жашаган, күнөөлөрү үчүн тобо кылган, Ыйса Теңирдин Куткаруусун кабыл алып Шайтандын түрмөсүнөн эркиндике чыккан адам.

Ал адамдын жүрөгү Ыйса Теңирдин Ыйык Каны менен жуулуп тазаланып, Кудай Атанын  тогуз толуктугу, Ыйык Рухтун жемиштерине толтурулган жүрөк, бейишке  чыгат.

## Үрөн себүүчү талаа (Жүрөк)

Жакшы үрөн себүү үчүн талаа сатып алдыңыз.- Сиз дүйнөгө жаралдыңыз. Ал талаа отоо чөп баскан  тала- муундан муунга өтүп келе жаткан күнөөкөр жүрөк. Эгин себүү үчүн ал талааны  отоо чөптөрдөн тазалайсыз. Жакшы үрөндү сепкенден кийин да отоо чөптөрдү жулуп тазалап турасыз(Сыноо). Эгерде отоо чөптөрдү чабык мезгилинде эрикпей, күч жумшап жакшылап майда тамырларын калтырбай тазалабасаңыз алар кайра- кайра чыга беришет. (Бекем ишенимде туруу).Түшүм жыйнаган мезгилге чейин өсүп,

уруктап, тамырлап, кийинки андан аркы жылдары да жок болбойт. -Сизден кийинки муундар.

Ошол эле талаадагы отоо чөптөр сыяктуу эле адамдын күнөөкөр натурасындагы жүрөгүндө отоо чөптөр басып турат. М: ажырык- таарыныч тамырын миң жыл кургатып, сууга салса кайра тирилип жашай берет.

Шоро- түйшүк тартуу.

Козогар- дүйнөкордук, акчажандуулук.

Уйгак- үнөмчүлдүк, өзүмчүлдүк.

Тикен- заар тилдүүлүк, урушчаактык, митайымдык.

Меңдубана- чылым чегүү,наркомания, аракечтик.

Чырмоок- Жалкоолук, өз жанын сүйүүчүлүк.

Төө тикен- ойноштук, аялжандуулук. ж.б. көптөгөн отоо чөптөр- терс сапаттар бар.

**Жүрөктүн отоо чөптөрүнөн кантип кутулуу керек?**

1. Тобо кылуу. Күнөөлөрү үчүн, ата-бабаларынын, ата-энелеринин күнөөлөрү үчүн -кечирим суроо.
2. Жүрөгүн отоо чөптөрдөн, ыпластыктардан тазалоосун сурануу «Өзүңө жаккандай кылып өзгөрт мени Кудай»- деп Ыйса Теңирдин Ысымынан сурануу жана Анын Куткаруусун кабыл алуу.
3. Жүрөккө Ыйса Теңирдин Ыйык Канын чакыруу- Жерди сугарып жумшартуу.
4. Отоо чөптөрдү тамыры менен жулуп салууну сурануу- ишеним менен сыйынуу.
5. Ачуу тамырлар калбай жок болгонго чейин туруктуу -сыйынуу.
6. Орозо тутуу-шор, азот салбоо.

7. Ачуу тамырлар көктөп кетпес үчүн -күнөө кылбоо.

Талаа, отоо чөптөрдөн тазаланды, жакшы түшүм берүүчү үрөн керек. Жакшы үрөн жакшы түшүм берет. Жакшы үрөн -жакшы сапат бир гана Кудайдан Ыйык Рух аркылуу себилип өнүп чыгат.

Жакшы үрөндү:

1. Ыйса Теңирдин Ыйык Канын чакыруу менен сугарып.
2. Кудай сөзү менен чапкылап, жумшартып.
3. Даңктоо менен дары берип.
4. Ыйык Рух менен жарык берип.
5. Жакшы Кабар айтуу менен азот салып.
6. Жыйынга баруу менен культивациялап.
7. Күбөлөндүрүү менен мөмөсүн жетилтип.
8. Мөмөсүн бышыруу менен жеткилеңдикке жетүү керек.
9. Бышкан мөмөнү кийинки муундар менен бөлүшүү керек.

Урөөндөр, Мөмөлөр: Сүйүү

1. Бир туугандык сүйүү,
2. Боорукердик
3. Сабырдуулук
4. Чыдамкайлык
5. Туруктуулук
6. Кудай сөзүнө болгон ишеним
7. Токтоолук
8. Ырайымдуулук
9. Мээримдүүлүк
10. Чынчылдык
11. Адилеттик ж.б.

Ар дайым рухий курал жарактуу, үзүгүлтүксүз сыйынуу менен душманга (шайтандын азгырыгына) каршы туруусу керек.

Талаадагы өскөн отоо чөптөрдү тазалоо мүмкүнчүлүгү бар. Ал талааны суу менен сугарып, жумшартып туруп чөптөрдү жулуу керек. Жумшартпай жулса чөптүн  тамыры калат. Кайра өсүп чыгат. Адамдын жүрөгүн, адамзаттын күнөөкөр бейнесин тазалоо үчүн Кудай Теңир Ыйсаны курмандыкка чалган. Кимде Ким аны чындык деп кабыл алып жүрөгүнө чакырса. Анын жүрөгү Ыйсанын ыйык каны  менен сугарылат. Айкаш жыгач менен малаланып, чөп тамырлары менен кошо жок болот. Ачуу тамырлары менен кошо жулуп тазалоо керек. Антпесе чырмоок баскан талаага -пахта эгилеби? Ажырык баскан талаага- буудай эгилеби. Жек көрүү толгон жүрөккө -сүйүү киреби. Калпычылык каптаган жүрөктү- чындык ээлейби.

## Кудай сөзүн угуу жана аткаруу

Ар бир Адам укканга даяр болсун, ойлонуп сүйлөсүн, ачууга алдырбасын. Анткени ачууланган адам Кудайга жаккан ишти жасабайт. Ошондуктан ар кандай ыпластыкты жана  калган жаман адаттарды таштап, жүрөгүңөргө себилип жаткан, жаныңарды куткара ала турган сөздү момундук менен кабыл алгыла. Сөздү угуучулар гана болуп өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулардан болгула (Жакан 1:19-22). Ким өзүн такыбаа эсептесе, бирок тилин тартпаса, анда ал өзүн алдап жатат, анын такыбаалыгы болбогон нерсе.

Кудай Атанын  алдындагы таза жана кемчиликсиз такыбалык – бул жетим жесирлерге кам көрүү жана өзүн бул дүйнөдө таза сактоо (Жакып 1:26,27).

## Кан айлануу (суу аккан арык)

Арыктан тунук суу, кир суу, ылай суу, туздуу суу ж.б. агат. Ар кандай эле арыкты тазалап, чаап, арыкты кеңейтип турбаса кичирейип, көзү толот, суунун агымы начарлайт, кээ бир жерлерге жетпей да калат. Суу жетпеген дарак куурайт.

Адамдын денесиндеги кан айлануу системасы дагы ошол арыкта аккан суу сыяктуу. Адамдын ата-бабаларынан бери келе жаткан күнөөлөр – бул кандын составына түшкөн микроб, оору жараат, алсыздык. Кырылып чабылып, мусордон, таштардан, тамырлырлардан, бөтөлкөлөрдөн ж.б. керексиз пайдасыз заттардан тазаланбаган арык – бул куткарылбаган адамдын кан айлануу системасы. Куткарылбаган дене таза болбойт. Тазаланбаган денедеги кан айлануу алсыз, начар болот. Кээ бир жерлерге жетпей да калат. Ошондон оору жараат, алсыздык пайда болот. Жогорку кан басым, төмөнкү кан басым, аз кандуулук, ак кан, кандын рагы, тромбоцит, ворикоз сыяктуу ж.б. оорулар пайда болот. Баш оору мээге кан жетпестик, эс тутуму начар, кем акылдык,кекечтик ж.б. толгон токой оорулардын түрлөрү.

Эмне үчүн муундан муунга өткөн сайын оорунун түрү көп, ооруган пенде андан көп,эрте өлгөн мындан көп. Арыкта, кан тамырда күнөө көп.

**Дарак (дене)**

Дени таза  дарактын сырткы келбети кооз. Шактары бекем жалбырактары калың болот. Андай дарактардын мөмөлөрү чоң жеткилең, даамдуу, курт түшпөгөн болот. Дени таза дарак көп жылдарга чейин мөмө берет. Өзү да тамырлап көбөйөт. Анткени анын өзөгү (омурткасы) ички түзүлүшү таза ,тунук,курт жебеген,сынган жери жок. Ал эми ички өзөгү чириген, курт жеген, курт кумурска уялаган (күнөөкөр, күнөөсү көп адам) дарактын шактары алсыз,морт, жалбырактары жеткилең эмес. Мөмөсү жетилип быша албайт. Курт түшөт соолуйт, чүрүшөт, даамсыз болот. Анын мөмөсүнөн урук алынбайт, тамырынан көбөйө албайт. Куурап отко ыргытылат. (Тозоктун отуна күйөт).


Адамдар дагы ушул дарактар сымал. Жакшы күнөөсү азы укумдап-тукумдап көбөйөт.

Жаман, күнөөсү көбү өзүнөн алсыз, начар муундарды калтырышат. Кээ бир муундарда тукумсуздук,төрөбөстүк пайда болгон учурлар да бар.

## Муун - Дарак

Дарактын тамыры жоон сууга жакын жайгашса шактары бийик өсөт. Бийик дарак кооз, көлөкөнү көп берет, мөмөнү да мол берет. Шактары да көп болот.Шактары канча болсо анын төбөсүнө чыгуу да оңой жана тез. Коркунуч жок. Ушул эле дарак сымал үй-бүлөдө ишенүүчү көп болсо асман падышачылыгына жетүү да жеңил, оңой, коркунучу жок болот.

***Асман падышачылыгы.***



## Тил

Баарыбыз тең көп күнөө кетиребиз. Ким сүйлөгөн сөзүнөн күнөө кетирбесе, ал бүтүндөй денесин башкара алган жеткилең адам. Мына, атка ооздук салып анын бүт денесин башкарабыз же кемелерди алалык: алар кандай чоң болбосун, кандай катуу шамал айдабасын, анны башкарган киши каалаган жагына кичине бургуч менен бура алат. Ошондой эле тил дагы денебиздин кичине мүчөсү бирок чоң нерсени кылат. Байка, кичинекей эле от чоң токойду жок кылат.

Тил – от, ал денебиздеги жамандыкка толгон дүйнө. Биздин бүт жашообуз аркылуу жамандыкты тартат. Тозоктун оту менен бүт жашообузду өрттөп жок кылат.

Адам бардык айбандарды, канаттуларды, сойлоп жүрүүчүлөр менен деңиз жаныбарларын башкарып келди  жана башкарууда, ал эми тилди эч ким   башкара албайт.  Бул ээ-жаа бербеген жамандык. Ал өлтүрө турган ууга толгон тилибиз менен Эге атабызды алкайбыз ошол эле тилибиз менен Кудайга окшош  адамдарды каргайбыз. Бир эле ооздон алкыш да,  жамандык да, каргыш да чыгат. Боордошторум мындай кылган жарабайт. Бир эле булактан шор да, шор эмес да суу чыгабы? Боордошторум, анжирден зайтун же жүзүмдөн анжир өсүп чыкпайт. Ошол сымал бир эле булактан шор да, шор эмес да суу агып чыкпайт.

(Инжил Жакып 3:2-12)

Адамдын оозунан чыккан жакшы сөз да, жаман сөз да денеге жана өз чөйрөсүнө себилген үрөн болот. Адамдын ички дүйнөсүн жамандык ээлегенден кийин ооздон жаман эле сөздөр, сөгүнүү, карганууу чыгат. Жада калса эң жаман сөздөрдү тамаша иретинде, бири-бирине кайрылуу үчүн, сүйүнгөндө, кубанганда, чочуганда, кыжырланганда, ачууланганда, алкаганда да колдонуп калышат. Ички дүйнөнү ээлеп бүткөн жамандык сырткы ауранды да тынч койбойт. Ээлейт, адамдын оозунан кандай түрдөгү канча түрдүү жаман сөз чыккан болсо, ошончо түрдүү пайдасы жок отоо чөп, пайдасыз дарактар өсүп чыгат. Өмүр өткүчө канча жолу айтылса ошончо жолу сугарылып шор салынып турат.

**Таарынган адам, таарынчактык.**

Кыргыз эли момун эл. Бирок кыргыздардын арасында канга сиңген, жанга баткан кечирбестик бар. Ал кечирбестик төмөнкү сөздөр менен далилденип турат:

- мен аны эч качан унутпайм.

- мен өлгөндө кошо кетет.

- анын кылган жамандыгын кантип эле унутуп калайын.

-көкүрөгүмдө жазылган бойдон өчө элек.

- жүрөгүмдүн төрүндө сакталуу

- эсимден эч кете элек.

- көңүлүмдө тык этип турат.

- башкасын унутсам да анысын эч унута албайм.

- көкүрөгүмдө көрүмө кошо кетет ж.б. ушул сыяктуу сөздөр- таарынычтын далили, кечирбестик дарагы, жек көрүүнүн мөмөсү.

Таарынычтын тамыры ашказан, ичеги карын, жүрөк,туберкулез, рак ооруларына алып келет.

Күнүмдүк жашоодо таарынбаган пенде жок.Апасы – апасына, кайнатасына, кайненесине,кайнага, кайнаэжелерине ж.б.

Атасы – апасына, аялына, атасына, балдарына дос жарларына ж.б.

Балдары - ата – энесине , ата – энеси, балдарына, чоң ата, чоң энелер – келин кыздарына,күйөө балдарына. Эки кошуна бири-бирине, абысындар – абысындарга, достор – досторго, коллегалар бири-бирине. Деги эле эки кыргыз бири – бирин капа кылып таарынтпаса күн өтпөйт. Тамаша сүйлөп таарынышкандар мындан көп. Чындыкты айтып жаман көрүнгөн мындан көп. Кыскасы тык эткендин баары таарыныч. Себеби таарынычтын тамыры бизде аябай терең орногон. Илгерки өткөн ата – бабалардан бери тамырлап келе жатат. Таарынычты адабий көркөм чыгармалардан? Кинолордон, газета – журналдардан окуп көрүп турабыз.

Кыргызстанда таарыныч рухунун кесепетинен- ашказан, кызыл өңгөчтөн рак болгондор, туберкулез менен жабыркагандар абдан көп. Жана алар өнөкөт ооруларга айланып, муундан муунга өтүп келе жатат. Эки Адам бири – бирине таарынса анда экөө тең бири – бирин туткунга түртөт.

Таарыныч шайтандын тузагы болот. Алар шайтандын капканына түшүшөт. Таарынган Адам таарыныч менен күнөө кетирип жатат. Алар Кудай алдында кылмышкер болуп жатышат. Жана түрмөгө түшүшөт. Кудайдын кечиримдүү болгула, бири – бириңерди сүйгүлө деген насаат сөзүн аткарышпай күнөө кетирип (кылмыш кылып) жатышат. Ар бир кетирген бир кадам күнөө аркылуу, шайтан адамды колго түшүрүп турат. Күнөө кетирди деген документти колуна карматып туткунга алат, эркинен ажыратат. Эркинен ажыратылып туткунда жашаган адам кожоюндун буйруганын жасайт. Жаман кожоюн, жаман күзөтчү жаман ишке, кылмышка буйруйт б.а. күнөөгө түртөт.

Таарыныч – денедеги көп жиндер үчүн ачылган чоң дарбаза. Чоң дарбаза аркылуу кирген көп жиндер көп күнөөгө түртөт: кечирбестик, жек көрүү, айыптап, соттоо, наразылык, каргануу, сөгүнүү, чылым чегүү, ичкилик.

Эмне үчүн адамдар жетишпеген жашоодо жашашат. Себеби таарынгандар бири – бирин байлап коюшат. М: Байланып турган малды элестеткиле. Ал байланган мал тоё чөп жебейт. Ичем дегенин ичпейт. Малдын ээси эмне алып келип берсе ошону гана жей алат. Жакса жа, жакпаса да курсагы ачканынан жейт. Кир суу берсе да ичет.

Ал эми бош жүргөн мал тоё чөп жейт. Сууну тандап каалаган жерден каалашынча ичет. Көлөкөдө жатып эс алат. Ал эми ошол байланган малдын ордуна таарынган адамдарды коюп көргүлө. Кишенделген, капканга түшкөн адам эркин иштей албайт. Каалаган жумушун аткара албайт. Каалаган досту күтө албайт, болжогон жерине жете албайт. Каалаган жарына колу жетпейт. Анын чөйрөсүнө айланып - адашып келип калган досту күтөт.

Шайтан жетелеп келген, өзүнө ылайыктуу эмес жарга жетет. Андан аркы жашоосу ийгиликсиз, жетишпеген жашоо. Кудайдан алыстоо.

Ийгилик жакындан көрүнүп турса да жетпейсиң, себеби кишенделүүсүң. Сен каалаган тамактар сатылууда бирок алып жей албайсың. Себеби эркин эмессиң. Ошол үчүн эркиндикке кадам ташта бир тууган. Актоочуну актоочум, Куткаруучуну Куткаруучум деп кабыл ал. Ал Ыйса Теңир. Ыйса

Теңир сени күнөөлөрүңдөн актап, түрмөнүн туткунунан куткарат, эркиндикке чыгарат.

**Таарынычтан пайда болгон оорулар.**

**Оорулардын түрлөрү.**

1. Өтүшкөн гострит.
2. өнөкөт гострит.
3. ашказандын жараты.
4. 12 эли ичегинин жараты.
5. Эзофагит
6. Рефлюкс – эзофагит
7. Эрозивдүү гострит
8. Ашказан рагы
9. Ичеги карын оорулары
10. Энтероколит
11. Панкреатит: өтүшкөн жана өнөкөт ж.б.

**Кечирбестиктен пайда болгон бөйрөк оорулары**.

1. Өтүшкөн жана өнөкөт пиелонефрит.

2. Гломерулонефрит бөйрөктөгү жетишпестик.

3. Табарсыктагы таштар:

4. Цистит

5. Уретрит
6. Бөйрөктүн туберкулезы
7. Бөйрөк Амилондозу ж.б.

**Четке кагылуудан пайда болгон оорулар:**

1. Неврит
2. невралгия
3. Миозит
4. Миолгия
5. Остеохондроз
6. Баш сөөк ичиндеги гипертензия ж.б.

**Ич күйдүүлүктөн пайда болгон оорулар:**

1. Полиартрит
2. Артроз
3. Подагра
4. Ревматизм
5. Миозит
6. Мисялгия ж.б.

# Глава 2. Айтматов Чыңгыз Төрөкуловичтин «Кыямат» чыгармасындагы куткаруу менен кулчулуктун паралеллдүүлүгү.

## 2.1. Кудайдын Куткаруу курмандыгы кимдер үчүн

Адам турмушун кандай деп болот. Эмнеси болсо да, адамдардын чечмелиги жөн эле түгөнгүс чиеленишкен мамилелелери, ар кандай тагдырлардын, ар кандай муундар менен кыйчалышы ушунчалык татаал дейсиң, бүгүнкү компьютердик системанын эң мыктысы да кадыресе эле адам табияттарынын жалпылыгын интеграциялап бере албас.

Бул алты киши, тагыраак айтканда, бешөө, анткени шопур Кепа өз алдынча, буларга айдоочу болуп гана кошулган жана алтоонун ичиндеги үй-бүлөлүү адам, бирок дегиниси, ал деле дилинде булардан алыс кетпеген, айырмасы анча эмес жан,кыскасы, бул алтоо кайнаса каны кошулбаган карама-каршылыктардын кошулушу да мүмкүн, аны териштирүү үчүн компьютердик интеграициянын кереги жок деген ойго далил боло алчу алтоо. Баарынан мурда алтоо тең көрүнгөн жерде бытпылдык аткан, кудайдан жөө качкан, Кепадан башка бешөөсү тең үй - жайсыз немелер. Алтоо тең турмушта жолу болбогон , өздөрүнөн башканын баарына наразы, ошол үчүн баарына ызырынган, андыктан дүйнөгө ошондой мамиле кылган немелер.

Бул калаадан_айырмаланып турган эле Авдий деген Тоораттан алган аты бар (жөөттөрдүн ушундай бир пайгамбары болгон имиш)жанагы жаш жигит. Пророк Авдий – чындап эле кичи пайгамбарлардан болгон. Анын пайгамбарчылыгы Библиядагы 1022 беттерде берилген. (Авдий кыргызча – Абды, Абдий, Абидин)

Бул ысым кыргыз тилинде префикс катары колдонулат. Мисалы:

Абдыкадыр, Абдымиталип, Абдылдажан, Абдылас, Абдылазиз, Абдылда, Абдиллабек, Абидин, Абдий, Абдымуса, Абдиламит, Абдымитал, Абдыманап, Абдыкасым, Абдыкабыл, Абдыкалык, Абдысултан, Абдымомун, Абдымамат, Абдымаматкул, Абдысамат, Абдыгулабдыкерим ж.б.

Инжил китебиндеги Матай ( англисче Mathew, орусча Матвей) аттуу Ыйса Тенирдин расулунун ысымы да префикс катары колдонулат. Мисалы:

Маткасым, Маткалык, Маткарим, Матисак, Матмуса, Матисак, Матиса, Матисан, Матиса, Матискак, Матсултан, Матий ж.б.

Куткаруучу Ыйса (англисче Jesus, орусча Иисус) ысымын бут дуйно мамлекеттери ыйык тутушат. Балдарына мындай ысым коюшпайт.

Дуйно жузундогу мамлекет, улут, уруулардын ичинен эн коп «Иса» ысымын койгон-КЫРГЫЗДАР! Мисалы:

Иса, Ысабек, Ысабай, Изабек, Ызабек, Исакалы, Исамидин, Исамамат, Исмамат, Исматилла, Исакул, ж.б.

Жана суффикс катары да колдонушат: Матиса, Абдулиса, Абдыниса, Айниса, Гулиса, Нуриса, Гульниза, Нургиза, Наргиза, Муниса ж.б.

Ч.Айтматов бул Кудайдан жөө качкан алты кишиге эмне үчүн Авдийди кошуп койгон. Кудай бардык пенделерин күнөөкөр жашоодон кайтарып, адилет жашоого буруп, кырсыктан, түрмөдөн, өлүмдөн куткарганы келип,алдын ала чара колдонот. Кудай ар бир жаралган пендесине канатын ачып корголойт. Алар кандай гана күнөөгө батпасын!!!

**Обер** дегени – атууга ылайык деп, карамагындагы өлүк жыйноочуларды өзү көндүргөн жашы да улуу киши. Экинчиден, өзү бир кезде аскер кызматындагыларды кайра тарбиялоо тармагында ага лейтанант болуп жүрүп, кийин ал даражасынан ажыраган неме экен, алиги сөздүн маанисин түшүнөт белем. Даражасынан ажыраганда ылымталаш жолдоштору катуу кейип, берилип иштедиң деп, өзүңөн кетти деп сооротушкан. Чоңдорунун адилетсиздигине ичинен кан өтүп, сурагандарга

ошондой түшүндүрүп, аскерден куулган чыныгы күнөөсүн айтчу эмес. Өткөн иш өттү, эми аны кайра  жаңыртып отуруунун кереги жок.

Экинчи киши – **Миша Шабашник**_ Мишаш болот, бука жиндүү неме, кимди болсун, а түгүл Обердин өзүн да ашатып сөгүп жиберет. Ылайык келсин- келбесин, эки сөзүнүн бири: «Энеңди», - ушу сөз менен оозандыргандай сүйлөйт.

**Гамлет – Галкин** карапайым, жоош, мурда областык театрдын артисти болчу, ичип кетип маалына жетпей сахнадан кетип калган.

**Үзүкбай –** Абориген айдаган жагыңа жүргөн, каяша дегенди билбеген, ар намыстан үч күн кийин туулган, эмне айтсаң ошого макул, аракка жумшасаң Түндүк уюлга барып келүүгө даяр. Оболу тракторчу болчу, анан көзү ачылбай иче баштаган кезинде бир түнү тракторун чоң жолдун ортосуна таштап кетет.Өтүп бараткан бир машине тракторго урунуп, киши майып болот. Үзүкбай эки жылга камалат. Камактан чыгып, кайсы бир шаарда санда жок жумушчу болуп жан багат, арак ичет. Ошентип жүрүп Оберге кошулат да, кылчайбастан,кың дебестен аны ээрчип алат. Обер – Кандалов чынында ийри тумшук киши, азган – тозгондордун ичинен иттей ээрчип алчууларын оңой эле тандачу. (Кыямат 35-36 бб)

**Петруха** – кайсы бир курулуштарда иштейт экен, жай келер замат Моюнкум кандайсың деп  жортуулдап жүрүп берет экен, кара куурай кайерде кандай өсөрүн коён жатагына чейин билген неме экен. Үйүндө жалгыз карыган энеси калыптыр, анысы да ичкиликтин түбүнө жакындап калган неме окшойт.

Ага – инилери чийдей тарап, көбүнесе газопровод куруп, түндүктө экен.

(Кыямат 77 бет).

**Ленька** – үйрөнчүк, үй-жайы кыйыныраак апасын билбейт, таштандылардын  үйүндө багылыптыр. Үчкө чыкканда Мурманскелик бир капитан – көбүнесе Кубага каттап турган алыс сапар кеменин капитаны зайыбын ээрчитип келип, эреже менен өзүнө каттатып алыптыр. Өз баласы жок экен. Беш жыл өтпөй баары ойрон болуптур алиги зайыбы бирөөнүн этегин кармап, Ленинград жакка кете бериптир. Капитан ичкиликке берилип, портто гана иштеп калыптыр. Ленька окуусун элдир – селдир окуп, жаш бала кароосуз калат, ээнбаш өсөт, ага дүйнө кордонунун жылуулугу кагат. Бала өзү менен өзү  болот. Башы оогон жакка кете берет, кайрылса – келе берет.

Ошентип, Ленька чабагандыкка өткөнүнө мына эки жылдын жүзү болуптур, өзү да баңгиликтин кызыгына кире баштаган көрүнөт, он алтыга араң толгон бала, он гүлүнүн бири ачыла элек.

Жогоруда келтирилген каармандардын баардыгы кулчулуктун курмандыктары Обер – Кандалов (Хандалов) мансапкорлук рухунун кулу. Аттан түшсө да үзөңгүдөн түшкүсү келбейт, мурдагы эле буйрук берип, кагып согуп үйрөнгөн жаны ошончо толгон жумуштан чабагандардын башчысы болуу жумушун тандайт. Ичкиликтин кулу, зөөкүрлүктүн кулу.

Миша Шабашник – жек көрүүнүн, ичкиликтин, акчанын, ыпластыктын, сөгүнүүнүн кулу. Жүрөк кандай ыпластыкка толгон болсо жүрөктөн ошол атып чыгат. Жек көрүү руху жүрөгүндө толуп, бүт организмди, бүт аурасын каптап Мишаштын денесине бийлигин жүргүзүп калган. Кимди болбосун «Энеңди» деп сөгүнгөнү буга далил.

Гамлет – Галкин ичкиликтин руху ичинде үрөн болуп атасы, же апасы аркылуу себилген, ал үрөн  улам аз – аздан жыл өкөн  сайын өсүп жетилип, ички дүйнөнүн ар бир клеткасына чейин ээлеп,сыртка шактап мөмө берип, мөмөсүн өзү терип жеп калган. Арактан башка мөмө денесинде ээлеген эмес. Дарак ички да сырткы да чөйрөнү караңгылатып, кымындай жарык жок.

Арактын айынан театрдан айдалып, чабагандарга туш болгон. Шайтан колго түшкөн кулун эч качан коё бербейт. Ар кандай шарт түзүп, кылмышка – күнөөгө гана түртөт.

Үзүкбай Абориген ичкиликтин кулу. Арак дегенде баарына даяр. Анын бүт сезимин аракечтик ээлеп калган. Көргөн көзү арак, уккан сөзү арак, жыттаган жыты арак, тууганы арак. Аракечтиктин азабынан түрмөгө да түшкөн, түрмөдөн чыккан. Бирок аракечтиктин түрмөсүнөн эркиндикке чыккан эмес.

Петруха акчанын жана  баңгиликтин кулу. Бул кулчулукка четке кагылуу руху себепкер. Анын апасынын   ичкиликтен  түгөнүп бараткан абалы балага таасир этпей койбойт. Апасы – ичкичтин баласы кароосуз, багуусуз калып, четке кагылат. Ата – эненин сүйүүсүнө тоюп чоңойбогон, четке кагылган балдарды, шайтан оңой эле капазга түшүрүп, кулдукка алат. Акчага азгырып барып, баңгиликтин кулчулугуна байлаган.

Ленька четке кагылуунун кулу. Бул бала ата – энесин билбейт. Балдар үйүндө багылган, каралган. Аны бала кылып асырап  алышкан. Бирок Ленька

– жаралган сааттан эле четке кагылуунун руху аны ээлеген. Ошол бойдон ал шайтан кулчулугунан эркиндикке чыкпады. Эркиндикке чыгып, ар бир куткарылбаган пенде бул ааламдан кул боюнча өтөт.

Ибилис, Ленька кайда барбасын четке кактырып турду. Эч жерге батпады. Эч ким аны батырбады. Себеби Ленька эркин эмес, кул. Кулду акырындап жылдырып жатып 16 жашында баңгиликтин кулчулугуна байлады.

Ар бир жаралган пендени куткаруу үчүн, актоо үчүн, эркиндикке чыгаруу үчүн, ийбадаткананын ичин (дененин ичин) тазалап, ыйык рухун толтуруу үчүн Кудай Ыйса Теңирди курмандыкка чалып айкаш жыгачта канын төккөн. Адамзатты кулчулуктан куткаруу үчүн дагы эле кам көрүүдө жана аларды куткаруу үчүн адамзатка адамзатты колдонот.

Буларды куткаруу үчүн Кудай Теңир Авдий Каллистратовду колдонду. Ал өзү узун бойлуу, ак куба жигит. Бир катар курбалары өңдөнүп, ал да чачын ийнине түшүрүп коңур куйкум сакалын да коё берген. Бул кейпи жаштыгына анча көрк кошо албаса да кудайы момун кылып көрсөтчү.

Ою – дили уйгу – туйгу экенин билдирип, тостойгон көк көздөрү жылтылдап турат. (Кыямат 39 бет). Семинарист Авдий Каллистратов өз учурунда диний окуусун бүтүп, чиркөөнүн бир кызматына жетип калгандай болсо, Обер – Кандалов менен жолукмак беле,ушинтип байланып кузовдо байланып турмак беле.

Авдийдин семинариядагы окуулаштары, мектеп окуучуларынын баарындай же курбулары бир жолу тандап алган турмуш жолунан тайбай, раматылык диакондун уулу Авдийге караганда алдаганча өжөр айрыкча эстүү  болуп чыгышты. Алар диний окуусун бүтүрүп, чиркөө кызматында мансап кууп баратышат. Башында Авдий жөндөмдүү окуучулардын катарына кирип, окууман динчилдердин сүймөнчүгү болуп жүргөн. Авдий азыр окуулаштарына тагдырлаш болгон болсо, Обер – Кандалов менен тагдырлаш болмок беле. Анан калса Обер – Кандалов попторду чын пейилинде мезгилдин жаңылыштыгы деп эсептеп,  жөн жай кызыкчылык үчүн да өмүрүндө чиркөөнүн жанына барган жан эмес, барууну ойлоп да койбойт. (Кыямат 30-31 бб).

Алтоонун ичинен эң улуусу Обер – Кандалов өмүрүндө чиркөөгө барбаган болсо, калгандарынан эч кандай үмүт жок. Авдий буларга

салыштырмалуу Кудайды билет чиркөөнү билет. Ыйык жазууну окуган өзү диакондун уулу.

Бирок Авдий эмне үчүн буларды куткарып кала албады. Кудай сөзүн жеткире албады. Ыйса Теңирдин Куткаруусу жөнүндө жеткире түшүндүрө албай акырында өзү сынып калды.

Эң биринчи себеби- Авдий өзү динчилдик кулчулугунан куткарылган эмес. Экинчиден -анын бала кезинен алган билими тарбиясы Кудайдын талабына жооп берерлик эмес.

Үчүнчүдөн- диний окуу Католик чиркөөнүн окутуулары кызматтары жалган окутууларга кирет.

Асыл максат менен мессия сыяктанып келип, нашаа чогулткан тыйуу салынган баңгилик менен соода кылгандардын, ошентип күнөөгө баткандардын көзүн ачмаксың. Келип алып пенденин пейлин тазалап сактап калаар түпкүлүктүү акылыңды жаратмаксың. Билесиңби, ал акылың элдин баарын илгертен жадатып бүткөнү үчүн үч чакырым жерден каңырсыган сийдик жыттанып жийиркентип турат. Келип алып бизди арам жолдон кайтарат имишсиң, биз таянып өзгөрүп, агарып, сен дит койгон жалчы бир актык ниетке кирмек экенбиз.

Биздин эл  бүт бир беткей ойлонот деп, тигине батыштагылар көчүгү менен күлүп олтурат. Адам тукумунун  ажатын аччу сөрөй… эки колу, эки жакка керилип,эки алаканына мык кагылып, башы салаңдап азаптуу жүзүн сумсайтып өлүп берген.

**Суктангыла, ыйлагыла, кыямат кайымга чейин сыйынгыла деген… Бизди** өзүбүздөн куткармакчы болуп карасаң түбөлүктүү эрмек таап, кээ бир  митаамдардын ойлоп чыкмайын.

Анан кана, дүйнөдө ким куткарылып эмне куткарылды? Жооп берчи Голгофага чейин кандай болсо ошол бойдон эле келе жатат. Адам ошол эле бойдон. Адамдын пейилинде да андан бери эч өзгөрүү  болгон жок. Бизге окшогон күнөөкөр пенделер болсо куткарып алчу бирөө келет деп күтүп жүрөбүз. Бул иште Каллистратов сен гана жетишпей жаттың эле. Мына эми сен келдиң көктөн түшүп, көктөн түштүң көптөн күткөнүбүз!

Гришан шылдыңдагандай тыржыйды. Кош келиңиз жаңы Христос мен тууралуу эмне десең ошо де, бирок Христостун атына акаарат айтпа деп кагып койду Авдий. (Кыямат 124-125)

Керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн талаадан терип алган нашаа менен бирге азап – торду башкаларга алып баратасыңар. Көз ирмем азгыруу менен силер адамдарды өз чөйрөңөргө жан кашайгандык менен күнөөгө батуунун чөйрөсүнө тартып жатасыңар. (Кыямат 122 бет).

Түшүнсөң, бул туюктан чыгар жол бар. Мына ушерде,ачык асмандын астында тобо кылгыла, бул жоругуңарды мындан ары биротоло таштайбыз деп, жашыруун базардан табар пайдаңардан баш тартабыз деп ант бергиле да, Кудайдын атын алып жүргөн аң сезимиңерге, баарыбызды бириктирип турган акыл эске моюн сунгула. (Кыямат 128бет)

Сен жеткенге мен дагы.Мен адамдарга баңгиликтин жыргалы аркылуу бактынын даамын таткызам, Кудайын таанытам.Силер үгүт насаатыңар менен, таянып чокунганыңар менен таап бере албаган нерсени адамдарга мен берем. Башкаларга караганда мен өз кишилеримди Кудайга тез жеткирем.(Кыямат 129 бет)

Экөөбүз бири-бирибизге ылайык келбеген карама – каршылыкпыз, ошон үчүн сен мени кубалап жатасың. Сен менден коркосуң. Бирок мен баары бир айтканыман кайтпаймын: тобо кыл, чабагандарды желеңен бошот. Мен сага жардам берем. (Кыямат 131бет)

***II***

Кече аны синедриондун сотуна базардын жанынан алып өтүп баратканда динчилер менен аксакалдардын айдактоосу менен көпчүлүк журт жабалактап келип,төпөштөп салган. Бирөөлөрү аябай уруп жатты,башкалары бетине түкүрүп жатты, динулама Кайафанын кишилери аны аябай жек көрөрүн Иисус мына ошондо түшүндү. Түшүндү да Иерусалимдин сотунан ага эч кандай жакшылык болбостугун билди. Анын селсаяк экенине кадик кылбагансып, храмдарда жана аянттарда анын насыяттарын дем чыгарбай, кулак түрүп уккандар ушулар эмес беле, кодигин ээрчиткен көк эшегин минип алып, ал шаардын капкасынан кирип келе жатканда шаңдана тосуп чыгып, эшегинин бут алдына гүл ыргытып, ак ниеттен: «Давид уулуна Осанна! Көктөн тилеген Осанна!»-деп ураан чакырып туруучулар ушулар эмес беле. Эми анын бири жок, жаалданган калың топтун ишенимсиздигине Иисус адамча таң калды. (Кыямат 143 бет)

Иисус болсо бет алдында мойнун созултуп, самсаалаган узун чач башын шылкыйтып, тытылган кийимчен, жылаңаяк турат, кыязы, сапеги кечеги тополондо жоголгон го, анын артынан сарай террассасынын каша

кычыктарынан алыскы адырдагы шаар үйлөрү көрүнөт. Прокуратордун алдында суракта турган немени шаар күтүүдө. Кара ниет шаар курмандыгын күтүүдө (Кыямат 145 бет). Элдин айтуусуна караганда Христ деген атка конгон селсаяк орду толбос зыян келтирбе. Ал өзү мойсопут момун, ар кандай сыркоодон айыктырган дарыгер дешет баары. Аа жанагы Кудайдын уулу экен, мессия экен, Иудеянын падышасы экен деген сөздөр элдин аңызы окшойт.

Мен сени Римге кадыр баркың менен кайтса дейм. Жамандык кылба. Бая күзөтчүлөр алып бара жатканда көрдүм аны, сулуу неме турбайбы, тим эле Кудай. (Бул Понтий Пилаттын зайыбынын каты). Алдын – ала чечилген тагдырынын бүтүшүн билинер – билинбес күлүмсүрөө менен күтүп турган Иисус Назариянды кыя карап, дагы муну ойлоду: бу кишинин оюндагысы эмне? Өзү кайра жаралбай калган акылман насаат окуусу эмнеге турарын түшүнүп, эми ичинен сыздап өкүнүп тургандыр. Өз капканына өзү түштү. Эми чыгып көр: бардык жерге, бүт адамзат тукумуна, түбөлүккө бир гана Кудай дейт. Бир ишеним. Адилеттиктин бир дөөлөтү дейт. Максатын кара! Ар кимдин каалаганы ушул эмеспи, ошонусу менен уткусу бар! Иудеянын падышасынын, дүйнөнүн түркүгүнүн, менсиз жер үстүндөгүлөр кор болор деп кекирейбе… Аа тиги Назарянин болсо, өз илимин жактап, император менен кулду бир тең кылгысы бар анткени дейт, Кудай бирөө гана, бардык адамдар Кудай алдында бирдей, адилеттиктин Дөөлөтү баарына тең келет дейм. Элдин эс акылын дүүлүктүрүп, кара – тамандарды дүрбөлөң кылып, дүйнөнүн тартибин өз билгендей кайра кургусу бар (Кыямат 153 бет).

«Ошондо мен жаратканга, Асмандагы Атама жалындым» Ата! дедим – О, Эгер сен ушу насибиңди мага буюрбай эле койсоң болор эле! Бирок эрк өзүңдө Сенин эркиңдей болсун, эми мына, кырына жете кылкылдаган азаптуу кесе өтүп кетпей, буйтап кетпей, кайрылгыс болуп жакындап келет, анан сен өзүң да алдын ала көрүп билип турган жорук болот. Эгер ошондой болмок болсо, анда Оо, Кудай, жаным апа, мени төрөгөн, мага жан берген апа, уулуңдун бешенесине жазылганын биле жүрүп, ушунча жылдан бери кандай үмүт менен өстүрдүң? Кудайдын каалоосу боюнча бүгүн жаным өлүмгө кыйыларын биле жүрүп, күндөрдүн эң бир жаманы, эң бир каардуу күнү, анткени адамга өз өлүмүнөн ашкан азап жок., ал эми жүрөк алдынан чыккан тукуму, баласы көзүңчө өлүп бара жатканын көрүп туруу энеге эки эсе азап, ушунун баарын биле жүрүп кантип өстүрдүң экен… Кечир мени, эне, Сенин тагдырыңды мен белгилеген эмесмин, Көктөгү улуу Атам,

көңүлүбүздү кайыш кылбай ага буралы. Анын эрки болсун! (Кыямат 155-бет)

Сени керип өлтүрүшкөн күндө да үчүнчү күнү кайра тирилет имишсиң, тирилип алып, өзү келген бир күнү жерге түшүп келет экенсиң да, Каар сотун жүргүзөт экенсиң …азыр жашап жаткандарды да, кийин жарык дүйнөгө келчүлөрдү да, өлгөндөрдүн арбактарын да, адам зат жаралгандан берки муундардын бардыгын ошол Каар сотто жазалайт экенсиң…

Мен бир нерсени гана билип алайын дейм, өлгөндөн кийин туулбай – этпей эле кайра жер бетине келип, өлүү – тирүү жандардын баарын соттош кантип болсун. Анан ал сот кайсы жерде өтөт, көктөбү же дагы бир жайдабы? Сага ишенген адамдар жанынын түбөлүк тынчтыгы үчүн ал күндү кантип күтүшү керек?... Ал күн качан келерин  эч ким алдын алып  айта албайт, анткени ал дүйнөнү жараткандын өзүнүн оюнда жазылуу. Биз үчүн миң жылдап созулган нерсе,  ал үчүн көз ирмемдей эле. Кеп мааниси башкада. Жараткан бизге дүйнөдөгү эң бийик ырыскыны акыл эс берген. Анан акыл – эстүү жашоого эрк берген.

Көктүн ырыскысын биз кандайча пайдаланаар экенбиз, адамдардын жашоо маңызы өз рухун жетилтип отуруу, дүйнөдө мындан бийик максат жок (Кыямат 160-бет).

Аа силер адамдар, бийик актык менен Христин пейилинде жашоо үчүн өзүңөр келесиңер, таанылбаган  келечектеги муундар болуп силер мага келесиңер. Мезгил боюнча миң жылдап артыңарда кала бергеним менен мен силердин келечегиңер болом (Кыямат 161-бет).

Адамдардын көздөрүнүн ачылышына жана дилинде кудай пейилинин ойгонушуна деп мен өмүрүмдү кыйганымды эстеген сайын калтаарып, элдердин муундан мууну түбөлүккө кейиштүү тобо менен жашап өтөр. Ошон үчүн адамдарга өчпөс үлгү болуш үчүн мен жарык дүйнөгө жаралып келгем. Адамдар менин атыма бел байлап, үмүт кылып, өздөрүнүн азап – тозогу аркылуу, өздөрүндөгү жамандык менен күн сайын күрөшүүсү аркылуу, кемчилигине жийиркениши аркылуу, Кудайды сүйө турган, демек өзүнө окшогондорду, адамдарды сүйөр пейилин бузган кемчилигине, зордук менен канкорлукка жийиркене караган күрөшүү аркылуу мага жол тартып жүрүп отурушсун деп мен өмүрүмдөн кечип жатамын. (Кыямат 162-бет).

Адам каргыш алган күндөн тартып азаптануу жана кыйналуу башталган, кылымдардан кылымдарга бир адамдардын башка адамдарга көрсөтө турган

зулумдугу, ошондон улам жамандыктан жамандык, калптан – калп жаралыш жолун басып өтүп келе жатканы. Ушунун бары жарык дүйнөдө жашап өткөн жана жашап жаткандарга сабак болот чыгар. Адамдардын тукум жетеги Эдемден куулуп чыккандан бери жамандыктын эмне деген ташкыны жүрбөдү. Эмне деген согуштар, ырайымсыздыктар, кара кыргын, кызыл сүргүндөр, адилетсиздиктер, кордуктар болбоду ошонун баарын көрдү адамдар!Дүйнө жаралгандан бери жакшылыкка, табигый тазалыкка каршы ашынган, апаат кылчу күнөөнүн бардыгы Каар сотунун жазасынан күчтүү эмей эмине? Тарыхтын тарых болуш милдети эмне, акыл эстүү пенделерди Кудайдын сүйүү жана боорукердик бийлигине жеткирүү. Бирок адамдардын тарыхында канча жаман сыноолор болду алдыда албуутанган мукиттин толкундарындай дагы канча алаамат болгону турат (Кыямат 163-бет).

Бийлик бийлеп турган дүйнө башка боло албайт, Кимде күч болсо бийлик ошондо, дүйнөнү түбөлүккө күчтүүлөр гана бийлеп жүрүп отурат, ушундай боло келген жана боло берет. Асмандагы жылдыздар өзгөрүүсүз турган сыңары бул тартип да өзгөрбөйт. Жылдыздарды эч ким ордунан жылдыра албайт. Адам тукумуна сен бекер эле жан тартып  жатасың аны куткарам деп өмүрүңдү кыймагың да бекер.  (Кыямат 165-бет).

Өлүм алдындагы ойлор түз Кудайга жетет. Адам өлөр алдында жеке ойлогону Кудайга жагат, ошолор боюнча Кудай  адамга баа берет. Тирүү жандыктардын ичинен эң бийиги кылып жараткан адамдардын акыркыдан акыркы ойлору дайыма таза болот, чын пейилинен чыгат, ошондуктан аларда митаамдык жок, жалаң акыйкат… Ошон үчүн бешенеме жазылган кыйноону айбанча бүжүрөп уят болбой наркым менен көтөргүдөй ал –кубат бер деп, Жаратканыман,баарына кеңпейил Атаман суранып турам… Мен эми даярмын, мени дагы кармаба кереги жок, мен барайын. (Кыямат 169-бет)

Губернатордун жоокерлери Ыйсаны акимчиликке алып барышып. Анын алдына бүт полкту чогултушту.

Ыйсаны чечинтишип үстүнө кочкул Кызыл чапан жабышты. Тикенектен таажы жазашып башына кийгизишти да оң колуна таяк карматып коюшту. Анан алдына чөгөлөй калып: «Жашасын Иудейлердин падышасы!» - деп келечелешт, бетине жаба түкүрүп, колундагы таякты алып башка ургулай башташты.

Шылдыңдап бүтүшкөндө, үстүндөгү кочкул Кызыл чапанды сыйырып алып, Өзүнүн кийимин кийгизишти да, айкаш жыгачка кадаганы алып жөнөштү (Инжил Матай 27:27-31).

## Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы

Жолдо киринеялык Ысманды жолуктурушуп, аны Ыйсанын айкаш жыгачын көтөрүп барууга мажбурлашты. Голгофа ((Баш Сөөк) Кыяматта (Кашка Дөбө) деп берилген) деген жерге келишкенде алар Ыйсага от кошулган шарапты беришти. Ыйса ооз тийип көрүп, ичкиси келбеди. Айкаш жыгачка кадагандар чүчү кулак кармашып, кийимдерин бөлүшүп, ошол жерде Ыйсаны кайтарып олтурушту. Алар Ыйсанын башынын жогору жагына Анын айыбы жазылган тактаны бекитишти. Тактада «Бул Ыйса, Иудейлердин падышасы» деген жазуу бар эле. Ыйса менен кошо дагы эки каракчыны бирин оң жагына, бирин сол жагына айкаш жыгачтарга кадап салышты. Өтүп бара жаткандар Ыйсаны кордоп, баштарын ийкегилешип:- Эй, ийбадаткананы бузуп кайра тургузуучу! Кудайдын Уулу болсоң айкаш жыгачтан түшүп, өзүңдү куткарбайсыңбы?- деп жатышты. Жогорку дин кызматчылар да аларга кошулуп, дин мугалимдери жана Эл башчылары менен бирге: Башкаларды куткарыптыр өзүн болсо куткара албай турат! Ысрайылдын падышасы айкаш жыгачтан түшсөңчү, кана биз ага ишенип калалы. Кудайга таянчу эле, кана, кааласа аны бошотсунчу, анткени «мен Кудайдын Уулумун дечү эмес беле!» дешти. Ыйса менен кошо кадалган каракчылар да Аны кордоп жатышты. (Матай 27: 32-44)

## Ыйсанын өлүмү

Түшкү саат он экилерден баштап, бүт жерди караңгылык басып, ал саат үчкө чейин созулду. Саат үчтөрдө Ыйса: -Эли,Эли! Лама сабактани? – деп катуу үн менен боздоп жиберди. Бул сөздүн мааниси: «Кудайым ай,Кудайым! Эмне үчүн мени таштап кеттиң?» Ошол жерде тургандардын кээ бири муну угуп: Бул Ильясты чакырып жатат дешти. Ошол замат алардын бири жүгүрүп барып, соргучту сирке сууга малды да, таяктын учуна сайып алып, Ыйсанын оозуна такады. Ал эми башкалары: - Токточу көрөлү, Ильяс келет, аны куткарат бекен!- дешти. Ыйса болсо дагы бир жолу катуу кыйкырып, анан жан берди. Ошол замат ийбадатканадагы көшөгө башынан аягына чейин экиге бөлүнүп айрылды. Жер силкинип, таштар быркырады. Көрлөр ачылып, көптөгөн ыйыктар тирилди. Кийин Ыйса тирилгенде, алар көрлөрүнөн

чыгып, Ыйык шаар Иерусалимге киришти да, көп адамдардын көзүнө көрүнүштү. Жердин силкингенин жана андан башка болуп жаткан окуяларды көрүп, үрөйлөрү учкан римдик жүз башы жана аны менен бирге Ыйсаны кайтарып тургандар: - Бул чындыгында Кудайдын Уулу болгон экен!- дешти. Ошол жерди алыстан карап турган көптөгөн  аялдар бар эле. Булар Ыйсага кызмат кылып, Аны Галилеядан бери ээрчип келишкен болчу. Алардын арасында магдалык Мария, Жакып менен Жосенин энеси – Мариям жана Зебедейдин аялы бар эле. (Матай 27:45-56)

## Ыйсанын көргө коюлушу

Кеч киргенде, Ариматиялык Жусуп аттуу бир бай Адам келди. Ал да Ыйсанын шакирти болчу. Ал Пилатка келип, Ыйсанын сөөгүн сурады. Пилат сөөктү берүүгө буйрук берди. Жусуп сөөктү алып, таза кездемеге ороп, асканы оюп өзүнө арнап жасаган жаңы көргө жаткырды да оозун чоң таш менен бекитип туруп, кетип калды. Магдалалык Мария менен дагы башка Мариям болсо ошол жерде, көрдүн маңдайында отурушкан (Матай 27:57-61)

## Көрдөгү күзөт

Кийинки күнү, жуманын эртесинде жогорку дин кызматчылар менен фарисейлер Пилаттын алдына чогулушуп ага: - Мырза, жанагы алдамчы көзү тирүүсүндө: «Үч күндөн кийин тирилем» дегенин эстедик. Шакирттери келип, сөгүн уурдап алып элге: «Ал тирилди», деп айтышы мүмкүн. Ошондуктан үчүнчү күнгө чейин көр жакшылап бекитилсин деп буйрук бериңиз. Эгер алар ушундай кылышса, анда алардын бул алдамчылыгы биринчисинен да жаман болот,- дешти.

Пилат аларга:

-Сакчылар мына, алгыла да, аны билгендей кылып кайтара бергиле! – деп жооп берди. Ошондо алар барып, көрдүн оозундагы чоң ташка мөөр басып, сакчыларга кайтартып коюшту. (Матай 27: 62-66)

## Ыйсанын тирилиши

Дем алыштын эртеси, таң азанда Магдалалык Мариям менен дагы башка Мариям көрдү көргөнү келишти. Аңгыча абдан катуу жер титирөө болду. Анткени жараткан Эгенин периштеси асмандан түшүп, көрдүн оозундагы ташты жылдырып таштап, үстүнө отуруп алган болчу. Ал күн нурундай жаркырап, кийими кардай аппак эле. Сакчылар андан корккону нан калчылдап өлгөн кишилердей болуп, катып калышты. Периште болсо аялдарга минтип сүйлөдү: - Силер коркпогула! Анткени айкаш жыгачка кадалган Ыйсаны издеп жүргөнүңөрдү билем. Ал бул жерде жок. Өзү айткандай, тирилип кетти, келип жаткан жайын карагыла! Анан тез барып, шакирттерине: «Ыйса өлүмдөн кайра тирилип кетиптир, силерден мурда Галилеяга барат, Аны ошол жактан көрөсүңөр» дегиле. Силерге айтарым ушул! Бир чети коркуп, бир чети аябай кубанган аялдар көрдөн шарт бурулуп, Ыйсанын шакирттерине кабарлаганы чуркап жөнөштү. Аңгыча алардын алдынан Ыйса жолугуп:

- Саламатсыңарбы? – деди.

Аялдар жакындап келип, бутунан кучактап, Анын алдына жүзтөмөндөп жыгылышты.

Ыйса аларга:

Коркпогула боордошторуңарга барып айткыла, алар Галилея аймагына барышсын, Мени ошол жактан көрүшөт деди. (Матай 28:1-10)

## Сакчылардын сатылып кетиши

Аялдар жолдо бара жатышканда, сакчылардын айрымдары шаарга барып, жогорку дин  кызматчыларга болгон окуяны төкпөй чачпай айтып беришти. Жогорку дин кызматчылары Эл башчылары менен жыйын өткөрүшүп чечим кабыл алышты.Анан жоокерлерге көп акча берип:

- «Түндө биз уктап калганыбызда, шакирттери келип, аны уурдап кетишти» дегиле. Эгер муну губернатор угуп калса, анда анын көңүлүн биз жайгарабыз, силер болсо кам санабагыла, баарын өзүбүз бүтүрөбүз дешти.

Сакчылар болсо акчаны алып, тигилер айткандай кылышты. Ал эми бул жалган сөз иудейлердин арасында ушул күнгө чейин кеңири тарап, айтылып жүрөт. (Матай 28: 11-15)

### Ыйса шакирттерине көрүндү

Он бир шакирт болсо Ыйса «баргыла» деп буюрган  Галилеядагы тоого кетишти. Ал жерден Ыйсаны көрүшүп, Анын алдына жүзтөмөндөп жыгылышты. Алардын кээ бири мунун чындык экенине ишене албай турушту. Ыйса шакирттерине жакын келип мындай деди:

- Көктөгү да, жердеги да бийликтин баары Менин колума берилди.Ошондуктан барып, бардык элдерди Ата,Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүрүп, Мен силерге  буюруганымдын баарын сактоого үйрөтүп, Мага шакирт кылгыла! Мына, ***Мен акыр заманга чейин, бардык убактарда, силер менен болом.***(Матай 28:16-20)

### Марктын жазган жакшы кабары боюнча аяттар.

### Ыйсанын эки шакиртине көрүнүшү.

Мындан соң, Ыйса айылга бара жатышкан эки шакиртине башкача кейипте көрүндү. Эки шакирт кайтып келип, калгандарына көргөндөрүн айтып беришти, бирок аларга да ишенишпеди.

### Ыйсанын он бир шакиртине көрүнүшү

Мындан соң, Ыйса тамактанып олтурушкан он бир шакиртине көрүндү. Шакирттеринин өздөрү да ишенбей, Өзүнүн тирилгенин көргөндөргө да кежиренип ишенбей коюшканы үчүн аларды урушту. Анан Ыйса аларга мындай деди:

- Бүт жер жүзүн кыдырып, бардык адамдарга Жакшы Кабарды жарыя кылгыла. Ким ишенип, чөмүлдүрүлсө, ал куткарылат. Ал эми Ким ишенбесе,ал айыпталат. Ишенгендерди бул жышаандар коштойт: алар Менин атым менен жиндерди кубалашат, жаңы тилдерде сүйлөшөт, жыландарды кармап алышса же уу ичип алышса, зыян тартышпайт, ооруларга кол коюшса алар айыгып кетишет. (Марк 16: 12-18)

**Ыйсанын көккө көтөрүлүшү**

Ушул сөздөрдү айтып бүткөн соң, Эгебиз Ыйса көккө көтөрүлүп, Кудайдын оң жагына ардактуу орунга олтурду. Шакирттери болсо, бардык жерлерде ушул Жакшы Кабарды таратып жүрүштү. Эгебиз аларга жар болуп айтылган сөздорду кереметүү жышаандар менен ырастап жатышты.

Аялдар Петр менен Анын шериктерине барып, өздөрүнө айтылган сөздүн баарын кыскача айтып беришти. Ушундан соң, Ыйса шакирттери аркылуу күн чыгыштан күн батышка чейин түбөлүк куткаруунун ыйык жана өлбөс - өчпөс кабарын таратты. (Марк 16: 19-20)

Ыйсанын он эки шакиртинин ичинен Кыргызстанга Жакшы Кабар таратуу үчүн Матай келген. Орусча Матфей, англисче «Mathew»

Матайдын жакшы кабар тараткан Ыйык шаары Ысык-Көлдүн түбүндө. Аны Кудай суу менен жаап жашырып койгон. Кыямат күнү жер бетине чыгат. Ыйсанын өлүп тирилүүсү жөнүндө Жакшы Кабарды Лука жазган, Жакан жазган жакшы кабардан да окуса болот. Ыйсанын куткаруусу бүткүл адамзат үчүн!!!

## 2.2 Кыяматтагы кулчулуктун курмандыктары болгон каармандар үчүнчү бөлүм.

**Базарбай Нойгутов**

А Базарбайга геологдорду Ачы-Ташка жеткирип коюш текейден арзан иш – атка минет да жөнөп кетет. Ал ансыз деле эки күндүн биринде сандалып, жумушу барбы, жокпу айрыкча ал жай өтүп жаткан, ичкиликтин жыты чыккан жерлердин бирин калтырбай кыдырып жүрбөйбү. Ал эми айлык алып келем деп совхоздун кеңсесине кеткен күндөрү бүт бригада: чабан, эки жардамчы койчу, түнкү кароолчу койчу, айрыкча аялы (а да иштейт болуп катталат), төл малын болсо жардамга келген сакмалчылар бүт баарынын ичкени ирим, жегени желим болот. Ал күндөрү Базарбай түн ичинде келет: аттын тиги капталына бир ооп, бул капталына бир ооп, өлөрчө мас келет, бул жердегилердин иштеп тапкан акчасын алып келе жаткандыгысы. Мына, үч айдан бери Боронбай кассир айлыкты кашарга өзү жеткирип келчү болду. Закон боюнча ар ким водомостко өзү кол коюп, акчаны өзү алыш керек дейт.

Өзү алып келсе өзү алып келсин, андай эле каалап турса, болду болбоду тиги оңбогон катындын кылганы: совхоздун директоруна барып даттана калган да. Минтип жүргөндө бу жыйырма беш сом коктон өзү эле чөнтөккө түшүп келип олтурбайбы. (Кыямат 222-223 бет)

Базарбай Нойгутов ичкиликтин, аракечтиктин кулу. Аракечтиктин руху Базарбайдын ичинен орун алган. Анын ички органдарын, кан айлануу системаларын, эң майда клеткаларына чейин ээлеп бүттү.Сырткы аурасына чейин бийлик кылып баштаган. Жогорку үзүндүдөн эле көрүнүп турат. Көзү менен аракты кармайт. Мурду менен арак чыгаар жерди издейт. Буту менен аш-той издеп арак ичет. Адам ибилистен болгон рухтун кулу болгондон кийин. Ибилис ага ал кулчулуктан баш көтөрбөй, кыңк этпей жүрө турган шарт тузуп берет. Жыйырма беш сомду кулга кожоюн-ибилис берди. Көктөн түшкөн жок, жерден аны менен кошо ичинде жашап жаткан ибилистин жини таап берди. Базарбай ичкилик ичип күнөөгө батып турбаса, ичиндеги рух алсыз боло түшпөйбү. Рух өзүнө күч топтоо үчүн ар кандай амалдарды, адамдардын акылына салып колуна даярдап турат. Жыйырма беш сомдон тышкары дагы бир бөтөлкө арак. Жана дагы Акбара менен Ташчайнардын төрт бөлтүрүгү, аларды да сатып ичет. Ошону менен токтоп калбайт, дагы жана дагы. Эгерде Базарбайды рух ээлеп калбаса, бөлтүрүктөрдү алып жатканда жок дегенде алардын абалы, бөлтүрүктөрдүн ата – эне бөрүлөрү жөнүндө ойлонот эле да. Бу төрт бөлтүрүктүн тагдырын ал небак чече салган: бирден ала качып барып сатып жиберген.

Сатканда да кабын чыгара сатарына көзү жетип турат, өткөн жылы да бир чабан ушинтип бир үңкүрдө жаткан бөлтүрүктөрдү бүт шыпырып алып баса берип, зоо базарга өткөрүп, ар бир бөлтүрүккө элүү сомдон чаап алган. (Кыямат 233- бет)

Турсун -муну кандай гана тарбиялабады нечен келтек, нечен таяк жеди өмүр бою этинин көгөргөнү кетпей, а түгүл ошондон Көк Турсун аталды, жок болбойт тилиң тешилип, тилиң тарттпайт. Геолоктордун көзүнчө эине кыйкырат. Канча ирет ушинтип кыйкырып чыкканында Базарбай баса калып муунткан кезде көздөрү чанагынан ыргып кете жаздабады. Андайда койдум деп жоош боло калат да, анан эле анысын тарс унутуп салат. Бирок Базарбай бу жолу анын жаагын башкача кылып басты. «Бери кирчи, сөз бар» деп үйгө киргизип алды да, кирер замат үн сөзү жок, алкымдан бурай кармап, дубалга ныгыра басты эле, экөө бетме – бет турат, аялдын кунары заматта уча түштү, так ушул жерден ал аялынын небак наары качып, көгала болуп бүткөн, бырыш баскан, жүдөгөн, небак нуру өчкөн көздөрүнөн артта калган

жылдардын бардык кайгы касиретин өкүнүч арманын сезди, аялынын өлүктөй алсыз көз карашынан, муунта кармаганда бир жагынан кемирейе түшкөн тиштери жок капкара оозунан анын бу өмүрдө тарткан азап – тозогун, кыйналышын, тагдырына ачуу ызаасын жазбай көрду, муну көргөндө аялы эмес, өзү да өзүнө жек көрүнө түштү, жаалы кайнаганы боюнча жылаандай ышкырды, энеңди гана урайын канчык, азыр кыңк деп көр, талпагыңды ташка жая салам! Ушинтти да, тигинден ары силкип ыргытып жиберди. Аялы лам деп сөз айткан жок, ар жакта турган чакаларды колуна алып, эшикти карс жаап, короого чыгып кетти.

**Көк Турсун-** түйшүктүн түпкүрүндө чабак атып, тилине гана күчүн чыгарат. Аа Ыйык жазууда: «Эч кандай түйшүк тартпагыла, түйшүк тартуу менен боюңарды бир чыканак өстүрө аласыңарбы». Эртең эмне ичем, эмне жейм деп түйшүк тартпагыла, эртеңки күн өз түйшүгүн өзү тартсын… деп жазылган. Түйшүк тартуунун кулчулугунан боштондукка чыга албаган Турсун өз идишин (денесин) өзү сындырып өз чырайын өзү өчүрүп бүттү деп түшүнөбүз. Бирок анын ичиндеги орун алган, бүт каны жанын ээлеп бүткөн, ээлеп бүтүп сырткы чөйрөсүндө колдон, буттан жетелеп түйшүктүн туңгуюгуна түртүп жатат. Ал жаман рух Турсундун сулуулугун, чырайын, жаштыгын, энергиясын, акылын уурдап бүтүп, тилине бийлик кылып жатат. А Ыйык Жазууда үй - бүлөөдөгү мамиле жөнүндө төмөнкүдөй жазылган: «аялдар күйөөңөргө баш ийгиле». Ошондо күйөолөрүңөрдүн Кудай сөзүнө моюн сунбагандары да силердин таза, такыбаа жашооңорду көрүп, айткан сөзүңөр эмес, жүрүш турушуңар аркылуу Жаратканга кайрылат. Силердин сулуулугуңар сыртыңарда: чачыңардын өрүлүшүндө, алтын буюмдарды тагынууңарда же көз жоосун алган кооз кийимдерди кийүүңөрдө эмес, ичиңерде, дилиңерде: момундук менен токтоолукта болсун. Бул эч көөнөрбөс сулуулук. Кудай муну абдан баалайт. Эзелки заманда эрлерине баш ийип, Кудайга үмүт менен караган такыбаа аялдар да ушундай жасанышкан. Андыктан силер, күйөөлөр аялыңардын назиктигин эске алып, аларга түшүнүү менен мамиле кылгыла. Аларды сыйлагыла, себеби Кудай берген ырыскылуу өмүргө аялдар да ээ болгон, ошондо сыйынууңарга эч нерсе тоскоол болбойт

(1 Петр 3: 1-7)

Базарбай менен Турсундун жашоосу Ыйык жазуудагы үй- бүлөлүк мамиле деген талаптын кымындай жерине дал келбейт.

Мындай жашоо Кыяматтагы Базарбай менен  Көк Турсунда гана дейсиңерби?  Жок, миңдеген, миллиондогон үй – бүлөлөрдүн жашоосунун бир мисалы.

**Бостон Үркүнчиев** – иш дегенде ичкен ашы тургай, жанын кошо таштап жиберет эмеспи, оозуна алы жетпегендер «баягы кайран заман болгондо бул кулак катары Сибирге айдалмак» деп айтып жүрүшөт. А Базарбай деген ким кадимки азиялык катардагы азамат чабан. (Кыямат 260-бет). Баарын кылган Базарбай. Каргашадай болуп кайдан келе калды, элдин баарын дүрбөтүп. Мындай нерсе Бостонго тимеле бычактай тиет. Бостон өзү ушундай адам уу – чууну ополоң тополоңду, Базарбайга окшоп, уят – сыйды бетинен небак сыйрып таштагандарды жаман көрөт. Албетте, Базарбай да аны жакшы көрүп турган жери жок, Бостондун иши өйдөлөгөн сайын көрө албайт. А ишти өйдөлөнтүш үчүн канча эмгек жасалып, канча тер төгүш керек, аны менен Базарбайдын иши жок. Мына, таң заардан тургандан алпурушуп баштайт. Каш карайганга чейин бардык ишине өзү катышып, өзү башында турушу керек.

Бостон - өзүмчүлдүк  рухунун кулу. Баардыгы анын айтканындай, дегениндей болуш керек. Бардык жумуш анын көңүлүндөгүдөй болуусу керек. Анын буюмдарына эч ким тийбөөсү керек.

## Инжил. Акылмандыктын эки түрү.

Араңарда акыл – эстүү, түшүнүгү кенен адам барбы? Болсо, анысын пакиза жүрүм – туруму, акыл ой момундугу менен далилдесин. Эгер ичиңерде ачуу көрө албастык менен өзүмчүлдүк жашаса, анда акылмандыгыңарга мактанып, чындыкты бурмалабагыла. Мындай «акылмандуулук» көктөн келген эмес, ал жерден, күнөөкөр адамдан жана ибилистен  келген акылмандуулук каерде коро албастык менен озумчулдук болсо, тартипсиздик менен түрдүү жаманчылык да ошол жерде. Ал эми Көктөн келген акылмандыгы бар ишенгендер эң алды күнөөдөн бошонгон таза жүрөктүү, тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, башкаларга кайырымы менен жакшылыгы көп, ниети ак жана акпеилдуу болушат. Тынчтыкты сүйгөн адамдар тынчтык үрөнүн сээп, адилеттик жемишин алышат (Жакып 4:13-18)

Бостон менен Базарбайдын мамилеси бул айтылган, ыйык жазууда жазылган Кудай талабына тескери келет. Булардын мүнөзүнүн Кудай

талабына жооп берерлик эмес экенин жиндер билишет. Жана ошол аркылуу экөөнү аябай пайдаланышат. Базарбайда көрө албастык, Бостондо өзүмчүлдүк.

## III – бөлүм

- Менин ишим бар, түнү менен кирпик какканыбыз жок, эки карышкыр таң атканча жарыша уулуп, короонун желкесинде жүрдү. Бөлтүрүгүнө жетмейинче булар тынчыбайт. Мен карышкырлардын кыялын жакшы биллем. Бостон суранып келиботурат. Так ушундан пайдаланып, муну бир шакаба чечип, келеке кылып өзүн көргөзүп алууну көздөдү Базарбай. Бостон Базарбайга өтүнүч менен келет деген эмне! Түшкө кирбей турган жорук. Ырас өзү жамбашка келип берди, эми бир чаап алайын деп чечти ал. Түнү бою тынчтык көрбөй чыгышканы сооп болуптур. Гүлүмканды эркелеткенге чамаң келбеген экен да! деп бир жагынан ичинен кыбасы канып табалады. Дайыма ушинтип_турушкай эле! Бостонду кабагынын астынан тиктеп, минтти:

- Сен менин башымды айлантпа, Бостон! Акмакты тапкан экенсиң! Мен эмне бөлтүрүктөрдү сага тартуу кылайын деп алып келиптирминби.

Өзүңдү деги ким  ойлойсуң? Сенин өз кызыкчылыгың бар, менин өз кызыкчылыгым бар. Сен катының менен тынч уктадыңбы, тынч уктаган жоксуңбу менин урганым барбы, урганым жок.

- Ойлончу, Базарбай, жок  эле жок дегениң жарабас.

- Бул жерде ойлоно турган эч нерсе жок.

- Бекер кылып жатасың деди Бостон, ичинен өрттөнүп турганын билгизбей.

Чоң ката кетиргенин түшүндү. Эми жалгыз бир жол калды, ошого салып көрүнүү чечти. Сөзүнүн калыбынан жазбашка аракет кылып салмактуу айтты: Андай болсо кел, ачык, ак сода кылалы – сен сат мен сатып алайын! Сен ансыз да буларды сатканы отурбайсыңбы. Мына мага сат, мен алам. Көңүлүңдөгү бааны айт, болду сөз бүтөт!

- Сатпайм! – Базарбай ордунан тура калды, алтын берем десең да сага сатпайм! Сат дейт дегеле, айтып турганын карасаң. Сен акчалуу киши, мен акчасыз киши! Урдум мен сенин акчалуу экениңди. Сатам мен

бөлтүрүктөрдү, акчасын ичем, бирок сага сатпайм, билдиңби! Мен сенин ким экениңди уруп да койбойм!Кетип кал азыр, атыңа мин да, кетип кал, жакшы айтып турганда кетип кал.

- Кой баланын жоругун жасаба, Базарбай! Кел ажылдашпай, эркекче сүйлөшөлү. Бөлтүрүктөрдү сатканың сага баары бир эмеспи!

- Баары бир эмес. Сен мага акыл үйрөтпөй эле кой. Мен сенсиз эле акылдуумун. Мен сага көргүлүктү көргөзүп коём, көргөзгөндө да, партиялык чогулушуң  бар эмеспи, сен төшүңдү каккылап, мен алдыңкынын алдыңкысымын деп койкоңдоп элдин баарына акыл үйрөтүп олтурган чогулушуң, так ошол чогулушуңдун  өзүндө көргөзөм башканы кой, атың ким десе таппай каласың. Атаңды бир таанытам сага эки дүйнөдө эсиңен кеткис болот!

- Ой – тобо! – Чын дилинен таң калды Бостон, Базарбайдан коргонуп аткандаи жазгана берип, айтты: Сен опузалабай коё туруп, түшүндүрчү, эмне эле мынча оңураңдап жатасың?

- Оңураңдайм, оңураңдай турган жөнүм бар. Сен бийликке каршы чыгып жатасың. Түшүндүңбү! Бизде да көз, бизде да акыл бар! Чоңдор жырткыч айбандарды аёосуз жок кылгыла деп жатат, а сен карышкырларды эркелетип, көбөйтүп өстүрөм дейсиң – ушуну көздөп жатасың жалганбы? Сен илгерки кулактардын өзүсүң, алдагы кулактардын аң – сезимине жык толгон башың менен ойлонуп көрчү! Мен карышкырдын үңкүрүндөгү тукумду бүт жоготтум, демек мамлекетке чоң пайда алып келдим, а сен аларды кайра чуңкуруна алып барып салам деп олтурасың.Өсө берсин, көбөйө берсин дегениң да, туурабы? Анан да мени сатып алгысы бар!

- Сени сатып алайын дегеним жок – сени көрөйүн деген   көзүм жок, мен бөлтүрүктөрдү сат деп жатам. Сен мени коркутуп, үркүткөнүңдү коюп мээңди биртке иштетип, ойлонуп көрчү! Эмне кылганы жатасың, ушул иштен кийин сенин эмне адамдык касиетиң калат! Андай эле баатыр экенсиң,элден мурун дөбөт менен канчыгын жоготпойсуңбу! Баарын коюп канчыгын алыш керек эле да, момундай болуп атат деп.

- Чамасы жетчү ким - өзүң эмессиңби?

- Мага айтсаң, мен деле жарамакмын!

Мына эми – эр болсоң карышкырларды таап ал. Турук алган жерин майсап салдыңбы, эми дөбөт менен канчыгын кайдан издеп, кайдан таап өлтүрөсүң?

Эмми бу тегеректеги малжандан эчтеме калбай алар да мойсойт, өңүтү келген эле жерден адамдан өч алат, кантип токтотосуң? Сен бул жагын ойлодуңбу?

- И, айт, айта түш. Карышкырлардын адвокаты кайда десе- бул жерде турган турбайбы. Сенин айтып жатканыңа ким ишенет, кана далилдеп берчи! Карышкырлар антет, карышкырлар минтет деп. Тим эле чогу жүргөн кишилердей сүйлөйт, элдин башын айлантып жүрүп көнгөнүн карасаң. Эй, мен сенин ичиңде эмне бар экенин көрүп турам! Мен сага айтып коёюн: Эгер бул жерге  мага кыр көрсөткөнү келген болсоң … - Базарбай сөзүн бүтпөй. чачы жок жалтыраган башынан тумагын жулуп алып, Бостондун маңдайына ыргып жетти, кебетеси дүңкүндөп сүзө качырган буканын эле өзү, - экөө сүзүшчүдөй болуп көкүрөктөрү тирешип бетме – бет туруп калышты, экөө тең күш – күш этет, экөөнүн тең бири бирине жек көрүүсү кайнап чыккан. (Кыямат 262-264)

## Инжил. Ачууну кармай билүү тууралуу

Байыркыларга «киши өлтүрбө» жана «Ким киши өлтүрсө» сот  алдында айыпталат деп айтылган сөздү силер уккансыңар. Мен болсо силерге айтам: кимде ким боордошуна ачууланса, ал сот алдында айыпталат. Ким боордошуна: «Сен көңдөйсүң!» десе, ал жогорку сотко тартылат. Ким сен наадансың!- десе, ал тозок отуна татыктуу. (Матай 5: 21,22)

## Таш менен урганды аш менен ур

Силер: Көзгө көз, тишке тиш! деп айтылганын да уккансыңар. А мен силерге айтам: силерге жамандык кылгысы келгендерге каршы чыкпагыла, оң жаагыңарга чапканга сол жаагыңарды тоскула. Соттошкусу келип, көйнөгүңөрдү талашкандарга чапаныңарды да чечип бергиле. Силерди өзү менен бир чакырым басып барууга мажбурлагандар менен эки чакырым баргыла. Силерден карыз алгысы келгендерге арkaңарды салбагыла. (Матай 5: 38-42)

- Кыямат: Эмне айтмакчысың дагы? Туталанган Бостондун үнү. – Айт, убактым жок!

- Мен эбактан билем, сен өжөрсүң битирсиң, митаамдыгың жанда жок, өз көмөчүңө гана күл тартып өз гана пайдаңды көздөйсүң, ошон үчүн чогулуш калтырбай катышасың, болбосо сага окшогон чабансыз эле өткөрүп коюшат алар. Сыртынан антип мыкты болумуш этип жүрөсүң. Ал эми бирөөнүн колунан жылтыраган бирдемени көргөндө өлүп кете жаздарыңды эч ким билбейт. Мына, бул олжону сен албай, мен алып калбадымбы, бөлтүрүктөр сеники эмес меники болуп калбадыбы, ушул үчүн ичиң ачышып, жаның күйүп жатат. Бул жакта бирөөнүн иши оңунан чыгыб атса сен болсо балакетти тынч алып уктайсыңбы?

- Тору ата! Чыдабай кетти Бостон, -мен эртеден бери эмне деген жүзү кара менен сүйлөшүп олтургам! Мен өзүм акмакмын! Эмнеге келдим дейм да! Эми бөлтүрүктөрдү берсең да албайм. Бар ишиңди жасай бер! Өкүнүчкө, ызага буулуккан Бостон мамыга барып чылбырды чечип – чечпей жулуп алды, басмайылды күч менен бир тартканда ат темтеңдей түштү, ээрге шап минип, артын карабай жөнөп берди. (Кыямат 264-265 бет)

Кудай ырайымдуу Бостон менен Базарбайдын ушул эпизоддогу мамилеси Ыйык Жазууда берилген Кудайдын парзына такыр эле тескери. Ибилис экөөнүн кулчулугунан пайдаланып, экөөнү тең аябай күнөөгө батырды.

Экөөнүн жаңжалы күчөгөн сайын жиндердин табасы канып, ансайын ансайын күчөтүп, экөөнүн оң энергиясын тартып алып күчкө толушту. Ал экөөнү жек көрүүнүн туу чокусуна чыгарышты. Жек көрүүнүн аягы жок кылуу менен бүтөрүн алар билишет. Экөө күнөөнүн түпкүрүнө түшсө дагы Кудайдын ырайымы күчтүү. Ушул замат Кудай Ата Көк Турсун аркылуу болсо да экөөнү элдештирип жаңжалды токтоткусу келди. Бирок ….

- Ачуусу келгени ушунчалык, артынан Базарбайдын аялынын кыйкырганын да уккан жок. Бечара Көк Турсун аз эле жерден жетпей калды.

«Башкаларды өзүңдү сүйгөндөй сүй» Ал эми бири – бириңди жутуп ийчүдөй болуп, кемирип – кесе берсеңер, абайлагыла, акыры бириңди бириң жок кылып тынасыңар. (Галаттыктарга 5: 14,150)

***Эрназар –*** Бостон сыяктуу эле табиятынан ишке сарамжал жигит эле, а кээ бирөөнүн көз карашынан алганда, мындай ак жүрөк келесоо аз – совхоздун малын өз малындай, өз кожолугундай карайт, мээси айланып калгансып. Эрназардын мына ошол башка касиети анын бардык ойлогон оюн, кылган ишин аныктап турчу – иштегенде кудум өзү үчүн иштеп жаткандай иштечү,

чарбага өзүнүн жеген нанына, ичкен суусуна кам көргөндөй камкордук жасачу. Эмгекчилдик, иштермандык анын канында бар эле, ошол жаратылыш берген касиетти ал турмушта өнүктүргөн - өрчүткөн: түпкүлүгүндө бул касиет, бул сапат бүткүл ааламдык мааниге ээ эмеспи, мындай сапатты табийгат адамдардын бардыгына бирдей берген, бирок бирөөлөр тиричилик жолунда өнүктүрүп кетет, бирөөлөр антпейт. Мына, ойлой келсең жалкоолор кайсы жерде гана жок балдардын да, чоңдордун да, эркектердин да, аялдардын арасында толуп жатат. Адамдар жалкоолуктан өздөрүн өздөрү аксатып, турмушунда канча бактысыздык, бечаралыкты баштан кечирип жатканын түшүнбөйбү, же кандай деп таң каласың.

Бостон менен Эрназар экөө тең анык иштерман болгондуктан, ички дүйнөлөрү бири – бирине шайкеш келип, жакын болуп кетишти. Экөө бири биринин оюн айттырбай түшүнүп, эриш аркак болуп ынтымактуу жакшы иштешти. Бирок аларды турмушундагы каргашалуу ишке экөөнүн так ошол эриш – аркактыгы түрткү берип кеткендей болду. (Кыямат 271 бет).

Мына ошол кезде экөөнө оторду Ала – Мөңгү ашуусун ашырып, жайлатып келүү ою туулду. Муну Эрназар чыгарды. Жайды жайлата тоо этегин тытып, бир тал чөп үчүн кошуна чабандар менен жакалашып олтурганча, ашуу ашып, Кичибел жайлоосуна кетип калганыбыз түзүк эмеспи деп калды ал.

Аксакалдардын айтымында, илгери байлар үйүр – үйүр жылкыларын, койлорун ошол жакка жайлатчу экен. «Кичибел» деген ыр ошол кезде эеле чыккан экен. Кичибел чакан жайлоо болсо да чөбүнүн күчтүүлүгүнө чек жетпейт имиш, ошону билишкен да. Беш кун ошол жерде отогон мал бир ай бою байлангандай семирип чыга келет дешет (Кыямат 275- бет)

Эрназар бир нерсени талкуулап, оюн ортого салганды, бир нерсеге кызыгып, тактап сураганды жакшы көрчү, өзү да келишимдүү жигит эле, аскерде согуштан кийинки акыркы кавалериялык бөлүктөрдө кызмат кылган экен. Андан бери канча мезгил өтсө да баскан турганына сырткы келбетине көргөн көз суктанат. (Кыямат 274- бет)

Кудай Ата ар бир адамды өзгөчө сулуу, келбеттүү, акылдуу, көркөм жаратат. Адамзат жер үстүнө пайда болуп, жарык дүйнөгө келе элегинде эң сонун пландарды түзүп өзүнө кызмат кыла турган, өзүнүн эркин аткара

турган, Жакшы Кабар тарата турган бактылуу өмүр сүрүп, жазылган өмүрү бүткөн күнү кайра өз алдына келсин деп жаратат.

Бирок адамдар билимсиздигинен, Ыйык Жазууну окуп жүрбөгөндүктөн Кудайдын насаат сөзүн угуп рухий тамак жебегендиктен руху жакыр боюнча өтүп кетишет. Кудайдын Ыйык Жазуусун али угуп же кармап көрбөгөндөр да арабызда жок эмес.

Адам жарык дүйнөгө келген күндөн баштап баланы  Кудайга гана багыштоо керек. Ата – эне баланын өмүрүн, тагдырын, келечегин, ден – соолугун, турмушун, келечектеги жарын., күнүмдүк жашоосун, тарбиясын, билимин, кесибин ж.б  Кудайга  Ыйса Теңирдин Ысымынан тапшырып сыйынып туруусу керек.

Эгер бала ата – эненин сыйынуусунда болбосо Кудайдын бала үчүн түзгөн планынын бири да аткарылбайт. Турмушу такыр тескери айланып кетет. Күтүлбөгөн окуялар, күтүлбөгөн кокустуктар, ойго келбеген окуяларга туш болот. Кудайдын жазган жарына да жетпейт. Күтүлбөгөн жерден жолуккан адам менен  кол кармашып кете берет. Мисалы: Европада эркек үйлөнөрдөн мурун, кыз турмушка чыгардан  мурун үч жыл  сыйынуу үйүнө барып сыйынышат. Мага кимди жазган болсоң жолуктур. Менин өмүр жолдошум сенин эркиңдегидей болсун – деп сыйынышат. А бизчи……?

Эгерде Эрназардын ата – энеси дагы баласы үчүн сыйынып жүргөндө, турмуш жолу такыр башка болмок. Кудайым Эрназарды ошончолук келишимдүү сулуу адам кылып жараткандан кийин эң сонун пландар менен жараткан да.   Бирок Эрназардын Кудайдан алыстыгынан шайтан пайдаланып аны азгырып, адаштырып жатып акыры, эрте күндө туңгуюкка алып кетти. Эгер Эрназардай эң жакшы каарман тозокко түшүп туңгуюктун түпкүрүндө калса, калган кулдардын көрөр күнү белгилүү го.

«Бостон шарт бурулуп карап, денеси дүркүрөй түштү: Эрназар бир заматта көздөн кайым жок болуп кетти - өзү да жок, аты да жок. Эми эле ал келе жаткан жерде кар чаңы гана көтөрүлүп турат, - Эрназар! – деп ачуу кыйкырып жиберди Бостон, өлүктөй тынч жаткан айлананы жаңырта капыстан чыккан өз үнүнөн өзү чочуп кетти. Бостон кар чаңый түшкөн жерге кандай жеткенин билбей калды, күү менен болгон неме эмне кереметтин күчү менен токтой калганы белгисиз, токтоор замат артына кетенчиктей түштү алдында түпсүз туңгуюк аңырайып ачылып жаткан эле. Капкара болуп үңүрөйгөн түпкүрдөн түбөлүк тоңуп жаткан муздун суук илеби уруп турат.

Бостон карга боортоктоп жата калып, туңгуюктун кырына чейин сойлоп барды, эмне болуп кеткенин али аңдай элек эле, тагыраак айтканда, ошону аңдап – ойлоого жүрөгү даабай жаткан эле. Коркунуч бир паста анын бүт ой санаасын, сезим туйгусун шал кылып, денени өлтүрүп салды.» (Кыямат 291-бет)

Адамдын денеси рух алдында алсыз, Адам кандайдыр бир нерсени терең кабыл алганда, дене ээрип алсыздык каптайт да, жаман рухтун денеге кирүүсүнө жол ачылат. Мисалы: өкүнүч, кайгы, муң, таарыныч, кызганыч, кыжырдануу, маньяк, коркунуч, ж.б коргоосуз дененин ичинде Кудайдын Ыйык Руху жок денени, ал жаман Рух ээлеп алат да дененин ичинде кошо жашап өлгөнчө жүрө берет. Эгерде Адам тобо кылып Ыйса Теңирдин куткаруусу менен куткарылбаса! Жер үстүндөгү, адамдын денесин ээлеген жаман рухтар 3 гана нерседен коркушат:

1. Ыйса Теңирдин Ысымы
2. Ыйса Теңирдин Ыйык каны.
3. Ыйса Теңирдин айкаш жыгачы

Эгер адамзат буларды кабыл албаса ичиндеги рух эч качан чыгып кетпейт. – Ошентсе да ал акырындап жылып баратты, кандайдыр бир күч анын кыймылдоосуна, тыноо кагуусуна демөөр болду. (Кыямат 291-бет)

Кудай ырайымдуу. Кудайдын мээрими, ырайымы, боорукердиги күчтүү. Чыканактары менен таканчыктап, улам алдыга тартылып, бетине жармаша түшкөн карды колу менен силкип ыргытып, сойлоп баратты. Ал кардын астында муздун калың катмары жатканын түшүндү, кар алдындагы жаракалар туурасында, аларга бир учурларда үйүрү менен жылкылардын түшүп кеткендиги жөнүндөгү элден уккан сөздөр эсине келди, элде «Жаракага кет» деген каргыш да бар экенин эстеди. Бирок кай күнөөсү үчүн бул каргыштын Эрназардын башына, Эрназардын гана эмес , Бостондун өзүнүн башына тие турган жөнү бар эле?(292-293 бб)

## Тил жөнүндө Ыйык Жазууда

… баарыбыз көп жаңылабыз. Оозунан жаңылышпаган адам - бүт денесин ооздуруктай алган жеткилең адам. Баш ийдириш үчүн, биз атты ооздуктап, анын бүт денесин башкарабыз. (Жакып 3: 1-3)

Тил да – от, адилетсиз дүйнө. Дене мүчөлөрүбүздүн арасында жайгашкан ал бүт денебизди булгайт, өзү тозок оту менен тутангандыктан, жашообуздун айланасын өрттөп жок кылат. (Жакып3:6)

Ал эми тилди эч бир адам багындыра албайт. Тил ээ жаа бербеген жаман нерсе. Ал өлтүрүүчү ууга толгон (Жакып 3:8) Тилдерин жыландай соймоңдотушат, ооздорунда жыландын уусу бар. (Забур 139:4) «Сөздөрү оозу ачылган кордой сасык,тилдери жалган гана айтып турат»Жыландын заарын чачат -эриндери. Ооздоруна ачуу сөз, каргыш толгон .(Римдиктерге 3: 13,14)

Адамдар арасында сөздүн күчүнө көңүл бурбай эле карганып – шиленип, сөгүнө берген адамдар көп. Жада калса бири – бирине тамаша ирээтинде жаман сөздөр менен кайрылгандар да көп. Мисалы: Эй, шүмшүк. Ай, бокбасар, Ай, башыңды жегир!- энелердин балдарына айткан сөздөрү: Өлүгүңдү көрөйүн. Арка мойнуң астында калсын.! Сениби, шашпа барган жериңден кайтпай кал! Мойнуң үзүлсүн!  ж.б.Буга окшогон каргыш сөздөрдүн түрү биздин кыргыз элинде аябай өнүккөн.

А бирок Ыйык Жазууда: **«Оозуңардан  эч кандай жаман сөз чыкпасын». Андан көрө сөзүңөр уккандардын купулана толуп, алардын көңүлүн** көтөрүп турсун. (Эфестиктерге 4:28)

Ошондой эле уятсыз, маңызсыз жана маскаралаган сөздөрдү сүйлөбөгүлө, мындай кылуу жарабайт; анын ордуна ыраазычылык келтиргиле (Эфестиктерге 5:4)

Машаяктын сөзү толугу менен силердин оюңарда болсун: бир бириңе болгон акылмандык менен таалим берип, акыл насаат айтып, жүрөктөгү ыраазычылык менен Кудайды мактап, даңазалап, рухий ырларды ырдагыла.(Колостуктарга 3:16)

Дайыма жылуу мамиле кылып, жагымдуу сүйлөгүлө, ошондо ар бир адамга кандай жооп узатышты билесиңер. (Колостуктарга 4: 6) Оозуңар менен эмне сепсеңер ошону оруп  жейсиңер. Демек, тил менен каргыш сепкен адам каргыштын түшүмүн оруп жейт. Балким, Эрназарды да бирөө жарым. «Жаракага кет» - деп каргагандыр.

Ар качан колдо барга ыраазы болбой, бул аз, аз, дагы болсо деп жутунганы үчүнбү, тойбостугу үчүнбү ыя, анан башка эмне үчүн болмок

эле… Бул иштин мындай балээ менен бүтөрүн кайдан билди… (Кыямат 219 – бет)

«Эмне жеп, эмне ичебиз» деп жаныңарды ойлоп, эмне кийебиз деп денеңерди ойлоп түйшүк тартпагыла. Тамактан жан, кийимден дене артык да. (Матай 6: 25)

Эмнени жейт болдук экен? Эмне ичер экенбиз? Эмнени кийер экенбиз? деп түйшүктөнбөгүлө! Силер баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө ойлоп, Анын каалаганын аткаргыла! Ошондо Ал силерди жанагылардын баарына жеткизет. Андыктан эртеңки күн үчүн түйшүк тартпагыла, себеби эртең тарта турган түйшүктөрүңөр башка, ар күндүн кыйынчылыгы өзүнө жетет.(Матай 7:31-34)

Бостон жараканын четине жетип карады аңгыраган капкара жар; муздун одур – бодур, урчук – бурчугуна капталы тик ылдый, түбү көрүнбөгөн түпкүргө кеткен. Буга түшкөн адам эмне болду? Бостондун ыйманы учуп, денеси калтырап кетти (Кыямат 291- бет). Бул үзүндү бизге тозоктун бир көрүнүшүн сүрөттөп берип жатат. Тозокко түшкөндөрдү жазалай турган жазанын түрлөрү аябай көп.

Ал күндө асман титиреп чайкалат. Тоолор да ордунан жылып жолго түшөт. Мына ошол Күндө Машаякты жалганчы деп, өздөрү чуңгуган туура эмес жолдорунда адашып жүрө турган кимселерге кыйроо болот! Ал күндө алар жаканамдын отуна айдалышат! Силер жалган деп жүргөн тозок мына ушул! (К.К.Ват-туур сүрөсү 52: 9-14)

Ал күндө биз тозокко: «Толуп бүттүңбү?» дейбиз, ал болсо: «Дагы кошумча барбы?» дейт. (К.К.Каф сүрөсү 50:30)

Альпинистердин айтымына караганда туңгуюктун тереңдиги алты кабат үйдүн бийиктигиндей бар экен. Түшүп чыккан альпинисттер Эрназарды алып чыгуу мүмкүн эмес, -дешти. Ал өзү да, аты да, муз менен кошо муз болуп тоңуп, муздун калың катмарына кире түшкөн имиш. Абдан катуу ургуласа да чыгар түрү жок, а катуу ургулаганда муз тилкелери жылышып, урап кетиши мүмкүн, анда өлүктү алабыз деп баргандар өздөрү муздун астында калары бышык, - деп түшүндүрүштү альпинистер… Бостон жаракага түшүп Эрназар менен коштошуп чыксын, башка

эч арга жок, - дешти алар…

Андан кийин айлап – жылдап, ар качандан бир качан көкүрөгүнө жат болуп бүткөн бир коркунучтуу түштү кайрадан кайра өңүндөгүдөй көрүп жүрдү. Түшүндө ал аркандарга асынып, муз дубалды колундагы панар менен жарык кылып, туңгуюкка түшүп бара жатат. Колундагысы кокус түшүп кетпесе деп, дагы бир панар алып алган. Ангыча эле караса ошол алып алган панары жок, качан, кайдан түшүп калганы белгисиз. Көңүлүнө бүлүк түшүп, жүрөгү шуулдайт. Кыйкырмакчы болот. Бирок ал жер алдындагы аңгыраган муз үңкүрүнө улам ылдыйлап акырын түшө берет. Бир маалда көрдө караңгылыкта панардын жарыгы музга жармашып тоңуп калган Эрназардын өлүгүнө барып тиет; Эрназар тизелеп олтурат (чындыгында ошондой болчу), - тону кайрылып башын жаап калыптыр, жүзүнө кан жая берген, эриндери бек кымтылган, көздөрү жумулуу, «Эрназар» - дейт ага Бостон, бул мен! Бул жер аябай караңгы, коркунучтуу экен, мен сага панар алып келе жаттым эле, жоготуп алдым. Байкабай жоготуп алдым, Эрназар. Бирок мен сени панарсыз калтырбайм, өзүмдүкүн берем. Ме, менин панарымды

ал, Эрназар! Бирок Эрназар панарды албайт, жооп да бербейт, үндөбөйт. Бостон солкулдап өксүп ыйлайт, көзүнөн жашы агып жаткан бойдон ойгонуп кетет.

Андай күндөрү анын кабагы ачылбай, көңүлү чөгүп, таңдан кечке маанайы пас жүрөт. Бул түш туурасында ал эч качан, эч кимге, бир да жанга, … айткан жок (Кыямат 255-295 бет)

**Арзыгүл -** бейтынчтыктын кулу.

Бейтынчтыктан – боор оруулардын бардык түрү пайда болот;

- Активдүү персистирдик гепатит
- Холецистит
- Өттөгү таш
- өт бөлүп чыгаруучу жолдордун дискинезиясы.
- Боордун циррозу
- Боордун рагы
- Элирдик гипатоз
- Боордун абсцесси
- Боор экинакоккогу

- Вирустук гепатит А,В,С,Д, Е.

Арзыгүлдүн тынчы кетип олтурат кой, жүр, Гүлүмкан үйгө баралы.(Кыямат 298 бет) Алдыларынан Эрназардын кыздарын жетелеп, Арзыгүл чыкты; эки аял бири бирине жетип, көрүшпөй жүрүп, эми

көрүшкөндөй кучакташып, өксүп - өксүп ыйлап жиберишти. Ошондон жарым жыл өткөндөн кийин Арзыгүл ооруканада…

Бостон палатада, аялы жаткан керебеттин жанында, жубайынын аябай азган, кан – сөлү жок кебетесин көрүп , көңүлү сыздап олтурган.

- Менин сага айтайын деген сөзүм бар, -деди ал энтигип, зорго сүйлөп. Бостон анын көздөрүнүн сарысы дагы да көбөйүп, бир түндө баштагыдан да нуру өчүп, чүңүрөйө түшкөнүн байкады…

- Ар нерсенин өз учуру бар, -деди Арзыгүл кубарган эриндерин араң кыбыратып. Мен бүт баарын тегерете ойлоп чыктым – ооруканада жатсаң, ойлобогондо эмне кыласың? Экөөбүз жаман жашабаппыз, муну ойлондум; тагдырыма ыраазымын. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, балдарды бактык, өстүрдүк, эми өз алдынча жан – сактап кетүүгө кудуреттери жетет. Балдар тууралуу экөөбүз өзүнчө да сүйлөшөбүз. Мен сени аяйм, Бостон. Баарынан да сени аяйм. Эбиң жок, адамдын ич – койнуна кирет, мамиле түзөт дегенди билбейсиң, эч кимдин алдында жүгүнгүң келбейт. – (Текебердик руху бар Бостондо)Жашың да барып калды, жаш эмессиң. Менин көзүм өткөндөн кийин кишиден качканыңды кой. (Четке кагылуу руху бар, себеби атасыз өскөн). Жалгыз коко башың менен жашап жүрө бербе дегеним, Бостон. Ашымды берерсиң, анан кийики жашооң кандай болот, аны ойлон, сен бир үйдө жалгыз калганыңды каалабаймын. Балдардын өз турмушу бар. Бул жерде жатып, сени да, өзүмдү да жакшы эле ойлодум. Гүлүмкан мага тынбай келип жатат.Өзүң билесиң, бизге ал бөлөк – бөтөн киши эмес. Тагдыр ушул экен, жаш балдары менен жесир калды, мыкты келин. Менин сага айтар акылым – ошого үйлөнүп ал. Андан кийин кандай жашайсың өзүң чеч. Ар кимдин акылы өзүндө. Мен көз жумгандан кийин ушул ортобузда болгон сөздү Гүлүмканга төкпөй чачпай айт… Балким, тагдырыңар мен каалагадай болуп чыгар. Эрназардын балдарына да ата ордуна ата керек… (Кыямат 299-300 бет)

Арзыгүлдү бейтынчтык руху ээлеп, анын жанын уурдоого даяр турат. Анын бийлиги Арзыгүлдүн денесине орноп келген үчүн, аны жаткан жеринде да тынч жаткырбай, кетер көрүнө тынч кетирбей, ой үстүнө ой, санаа үстүнө санаа кошуп, өлөөр алдында да бир топ адам үчүн тынчсызданып, келечек үчүн да бейтынчтык каптатып оорусун ого бетер оорлоштуруп өлүмгө даярдап койгон.

Арзыгүл бардыгын Кудайга тапшыра алган жок. Кудайга тапшыруу оюна да келбеди. Себеби ал рухтун кулу эле.

**Гүлүмкан - окультизмдин кулу.** Эгер адамдын өткөн муундарында ата теги же эне тегинде – сыйкырчылык, бакшычылык, молдочулук, көзү ачыктык, намазкөйлүк ж.б. ушул сыяктуу окульт менен байланышкан болсо, кийинки муундардын шору, турмушунда жолу болбойт. Жакшы жашоо да көрбөйт. Гүлүмкан – жаш, келишкен келин. Базарбайдын көзү бекер жерден түшкөн эмес. Бирок эки күйөөгө тийди экөөнөн тең айрылды. Айрылганына өзү, өзүндөгү каргыш себепкер болду. Баласынан да айрылды.

Гүлүмкан Эрназардын аз жерден артист болуп кала жаздаганын айтып күлүп калар эле. Бир кинорежиссёр келип, Эрназардын киного тартылганга аябай үгүттөйт. Сенин күйөөң Америкада болсо небак кавбой болуп, кинодо ойноп жүрмөк, - дейт ал. Анда Гүлүмкан; билем мен силердин киноңорду,бир жылкычыбызды киного тартабыз деп алып кетип, аныбыздан ошондон бери – дайыны жок, бир артист кыз ээрчитип кеткен имиш. Мен Эрназарды эя жакка жибербейм дептир. Күлөсүң да! (Кыямат 280 – бет)

Ошондо Кудай өз ырайымы менен Эрназарды балээден сактагысы келген. Ошол жолду тандаганда анын турмушу такыр башкача болуп, олмок да эмес. Эгер Гүлүмкан каршы болбогондо.

Кыйкырыкты укканда, арттагы куугунду көргөндө карышкыр - табийгый сезим да өз жанын ала качууга шашты, дагы ылдамдай арыш керди. Артынан тынбай кыйкырып, Бостон келе жатат:

- Акбара! Ташта Баламды, Акбара! – дегенин кайра – кайра айтат. Бостондон арттараак чырылдап – чыркырап, сактай көр эле сактай көр деп, Гүлүмкан менен Арзыгүл келе жатат.

- Ат! Атпайсыңбы? Ай! – деп кыйкырды Гүлүмкан. Бала карышкырдын жонунда бара жаткан кантип атат, Бостонго ал оюна келген жок. Ата – бабаларын иштеткен жиндер анын акылын караңгылатып койду. Кыйкырык куугун Акбаранын кан – жанын козутуп, анын жырткычтык сезим – туйгусунун баарын дүркүрөтүп, ойготуп жиберди, ал олжону колдон чыгарбоону чечти. (Кыямат 334 бет) Бостон ошол замат акыркы окту октой салып, кайра мээледи, кандайча атып жибергенин өзү да байкабай калды, бир көргөндө карышкыр бир секирип алып, капталына кулап түшкөнүн көрдү. Мылтыкты ийинине салып коюп, Бостон эс – мас болгон кишидей жыгылган Акбараны көздөй чуркады. Ага чуркабай эле бир ордунда жайма – жай

керилип созулуп арыш керип жаткандай сезилип кетти. Акыры жетти, жетип, кышкы ызгаарда жылаңач тургандай каны муздай түштү. Эмне кылар айласын таппай, көргөн көзүнө ишенбей, кыйкырайын десе кыйкырыгы чыкпай, иреңи заматта күлдөй өчүп капыстан ичине ок тийген кишидей бети – башы бырышып – тырышып, турган ордунда тегеренип кетти. Акбара али тирүү болчу, анын жанында көкүрөгүн ок көзөп аткан бала сулк жаткан эле. Дүйнө жымжырт боло түштүбү, же кулак тунуп калдыбы – дабыштар, эми эле чайыттай ачылып турган жер суу жоголуп, анын ордун кызыл өрт каптаган караңгылык басты да калды. Бостон өз көзүнө - өзү ишенбей, кызыл ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түшүп, жерден көтөрүп ала койду көкүрөгүнө кыскан боюнча артына кетенчиктеди; өлүм алдында жаткан канчык карышкырдын көпкө көздөрүн эмнегедир таң кала тиктеп өттү. Анан артына бурулду да, күйүттөн тамагы буулуп, ары жакта чуркап келе жаткан аялдарды көздөй басты. (Кыямат 335- бет)

Адам жашаган жерде көрүнбөгөн дүйнө кошо жашайт. Көрүнбөгөн дүйнөдө жиндер, азыткылар, демондор жашашат. Алар адамдар арасындагы башаламандыкты, карама – каршылыкты аябай күчөтүп, адам – акылын башкара албай, тең салмактуулугун жоготуп, эмне кылып жатканын билбей калган абалга чейин чыгарышат. Эгер адам кул болсо, анда Кудайдын руху жок болсо. Көзү эчтемени көрбөй , өлгөн уулун көкүрөгүнө кысып, сендиректеп кетип баратты. Артынада бакырып көз жашын төгүп, кимгедир бирдемелерди тынбай айтып Гүлүмкан, аны колтуктап, үңүлдөп ыйлап Асылгүл келе жатты.Эси ооп, эңги – деңги болуп келе жаткан Бостон булардын үнүн уккан жок. Аңгыча шаркыратманын шар эткен үнү эшитилгендей, бул дүйнөнүн дабыш – үндөрүнүн баары жаңырыктап, кулагы ачыла түштү; эмне окуя болуп өткөнүн ал эми гана даана сезди, эки көзүн көккө кадап адамдын жүрөгү түшкүдөй үн менен кыйкырып жиберди: - Менде эмне өчүң бар ыя, эмне минтип жазаладың?Бостон болгон окуяны түшүндү.

- Жиндер кулдар аркылуу өз максаттарына жетишти. Аларга жан керек эле. Алар жан аркылуу  адамдарды азгырып жүрө беришет. Максаттары ишке ашкандан кийин гана Бостондун кулагы менен, көзүн ачып коюшту. Бирок Бостон кимге кайрылууну билбестен, бул жазаны Кудайдан көрүп жатат.

Гүлүмкан – окульттун кулу. Окульттун кулу болгондорду, Ибилис адам өлтүрүүгө

жумшашат. Жиндерге адамдардын жаны керек. Ошон үчүн Молдонун кыздарынын күйөөлөрү, балдары, неберелери, эрте – эрте өлүп турушат. Алар өздөрү кул болуп кызмат өтөп жашай беришет.

А адамдар кырсык болсо да, өлүм болсо да Кудайдын жазыгы, Кудай бешенеге жазып койгон да, - дешет.

Бостон мылтыгын алып үйдөн чыкты, катуу кармашка камданып жаткансып, мылтыкка беш окту катары менен салды, дагы бешөөн чөнтөгүнө солоду. Бостон чөйрөсүндөгү рухтарга, жиндерге каршы күрөшүүсү керек эле. Донкүлүктү токуп, үзөңгүгө бутун салып – салбай шап минди да, аялына да, кошунасы Арзыгүлгө да бир ооз сөз айтпай, жөнөп кетти. Бостонду жүк жүктөгөн машинеге чукул келип калганда гана байкашты. Базарбай машиненин үстүнөн ыргып түшүп, аны таң кала тиктеп туруп калды.

- Эмне? – деди ал Бостонго, желкесин кашый берип, Бостондун каны күйүп, чычаладай капкара болуп чыккан ирeңине үнүлө тигилди, - Эмне келдиң? Эмне минтип карайсың мени? – Бир жамандыкты жүрөгү сезип, карбаластай түштү, - Баягы бөлтүрүктөрбү дагы? Кыларга ишиң жокпу, ошондон башка? Жазып бер дешти, жазып бердим.

- Урдум мен сенин жазганыңды, - деди Бостон, үнү катаал чыкты, тиктегени ок жеген карышкырдыкындай оор эле. – Аны териштире турган убакыт жок. Менин сага айтарым башка: сен бул дүйнөдө жашоого татыктуу эмессиң, ошон үчүн тагдырыңды өз колум менен чечкени келдим. Базарбай калкалануга үлгүргөн жок. Бостон мылтыгын колго шарт алды да, мээлеп – мээлебей туруп эле басып калды. Базарбай темтеңдеп түштү, машиненин далдасына өтө качмакчы болду эле, экинчи ок далысына барып кадалды. Базарбай ордунда үч жолу чимирилип барып, жерге кулап, жерди чапчыган колдору диртилдеп, жатып калды. Окуя көз ачып жумганча болуп өткөндүктөн, ар ким турган ордунда селейип – селейип катып калган эле . (Кыямат 337 – бет)

Сооруга алаканы менен бир чаап, чү деп койду эле, ат күтүүсүздөн мындай эркиндик тийгенине таң калып, кашарды көздөй берди.

Бостон жөө жолун улантты … А жол көк ирим Ысык – Көлгө улам жакындап келе жатты. Бостон ошол көк иримге кирип, жок болуп кетүүнү каалады, жашагысы келип да, келбей да турду, мынабу түрмөктөнүп келип жээке бир урунуп, жок болуп, кайра эле арт жактан өзүнөн өзү түрүлүп, кайрадан пайда

болуп жаткан ак жал толкундардай, жок болууга да, бар болууга да кайыл болуп келе жаты… (Кыямат 339-340 бет)

## 2.3. бөлүм. Кыяматтагы каада салттын адамдарга болгон терс таасири.

Айтайын дегеним бул; бутпарастар курмандыктарын Кудайга эмес, жиндерге  багышташат. Силердин жиндер менен үлүштөш болушуңарды каалабайм. Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да чөйчөгүнөн иче албайсыңар. Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да досторконунан тамактана албайсыңар (Инжил. 1 Корунттуктарга 10: 20,21)

Кудайга эмес, жиндерге, өздөрү билбеген, ата – бабаларынын да оюна келбеген кошуна элдердин кудайларына, жаңы кудайларга курмандык чалышты. (Мыйзам кайталоо 32,17)

Ушул балээден өлбөй аман калган адамдар кылган жаман иштери үчүн өкүнүп, ниеттерин өзгөртүшкөн жок. Жиндерге кызмат кылганын, алтындан, күмүштөн, жезден,таштан, жыгачтан жасалган, көрө да, уга да, баса да албаган, жалган кудайларга табынганын токтотушпады. Ошондой эле киши өлтүргөнүнө, сыйкырчылык, ойноштук, жана уурулук кылганына өкүнүп, ниеттерин өзгөрткөн жок. (Инжил Аян 9:20)

Силер тирүү Кудайдын ийбадатканасысыңар. Анткени Кудай мындай деген; Ичинен алардын Мен турак табам,

Жашаймын Мен алардын арасында.

Кудай болуп алам аларга Мен,

Өз элим болуп калат алар Мага.

Эгебиз дагы мындай дейт: «Алардын арасынан чыгып кетип,

Алардан бөлүнгүлө өзүңөрчө»

Тийбесин колуңар арам затка.

Ошондо кабыл алам силерди Мен.

Атаңар болуп калам баарыңардын,

Уул – кыздарым болосуңар силер Мага,- дейт бизге кудуреттүү Кудай Таала. Ошентип сүйүктүүлөрүм, ушундай убадаларга ээ болуп, денебиз менен рухубузду булгаган ыпылас нерселердин бардыгынан тазаланып, Кудайды кадырлап, толугу менен адал өмүр сүрөлү. (2 Корунттуктар 6: 14-18)

Буркан – деген сөздүн ордуна Кудайдан башка заттар. Мисалы: Ыйык Жерлер, Мазарлар, Пайгамбарлар, баатырлардын күмбөздөрү, Акындардын күмбөздөрү, Ыйык таштар, Ыйык Тоолор, Өлгөн адамдар ж.б. ушул сыяктуулар он осуяттын биринчиси: «Менден башка кудайларың болбосун»

**II** Өзүңө буркан Жана жогорку асмандагы төмөнкү жердеги, жерден төмөн суудагы нерселердин түспөлүн жасаба.

**III** Аларга табынба, кызмат кылба, анткени Кудай – Теңириң Менмин.Мени жек көргөндөрдүн балдарын ата – бабаларынын күнөөсү учун үчүнчү, төртүнчү тукумуна чейин жазалаган кызганчаак Кудаймын.

Мени сүйгөндөрдүн, Менин осуяттарымды сактагандардын миңинчи тукумуна чейин ырайым кылган Кудаймын, - деп Кудай Ата таш лоокторго осуяттарды калтырган. Ошол осуяттарды аткарып жашагыла деген. А бирок биздин Эл «а» дегенде эле биринчи парзды бузушкан. Кыргызстанда эмне көп Ыйык Жер көп, Кыргыздардын кимиси көп атасы көп:

1. Арсланбап – Ата
2. Буба – Ата
3. Дөөт – Ата
4. Ысык – Ата
5. Кочкор – Ата
6. Тоскоол – Ата
7. Олуя – Ата
8. Абшыр – Ата
9. Сулайман – Ата
10. Шамшыкал – Ата
11. Шаймерден – Ата
12. Кыла – Ата ж.б.

Алладан башкага аталып союлган нерселерди гана арам кылды.(К.К.Бакара 2:173)

Энелери да көп? Бүбү – Эне, Умай – Эне, Батма Зуура апалар.

Бул Ыйык – жер деп барып табынышат,кой – эчкилерди алып барып союп жешет. Бири – бирин сыйлашат, Бирок бир да жолу Кудайды эскерип ыраазычылык айтышпайт. Өлгөндөрдүн колунан эмне келмек эле. Арбак колдосун деп адашып биринччи осуятты бузуп жатышат. Анысы аз келгенсип.АЗС терди, дукөндөрдү, кафе -ресторандар, ж.б. жана дагы толгон токой аталардын ысымынан.

Экинчи осуятты биз өлгөн адамдарга табынуу менен бузуп жатабыз.Биздин эл тирүүсүндө бири – бирин барктабайт, өлгөндө ага аябай табынат. Тирүүсүндө жебеген жылкыларды , мал, кой,куйруктарды тамак – аштын түрлөрү өлгөндөн кийин тартылат.

Кудай айткан тирүүңөрдө бири – бириңди сыйлап, кадырлагын, сүйгүн деген. Өлгөндү кудайга тапшыргыла. Анын эркине каршы турбагыла деген. Арналган союштарын, тамак – аштарын да Кудайга гана багыштоо керек, бул жерден дагы адашышат. Ыйык Жазууда жазылган жей турган тамагыңарга ыраазычылык келтирүү менен Менин ысымыма багыштагыла Мен аны Ыйыктап алкыштап, адалдап беремин, - деген.

А биз болсо сообу тийсин деп өлгөн-житкендердин баарын атайбыз.Өлгөндөрдүн ысымына багышталган тамак буркандарга багышталат, андай тамактарга жиндер туш тараптан келишип тойлошот. Алар кайдан келишет ажаатканадан, мусордон, ириген – чириген жерлерден курт басып жаткан чириндилерден, мазарлардан келишет. Алар колун жууп келет дейсиңерби? Жок, эч качан. Алар ошол бойдон өлүккө багышталып жаткан тамактардын бардык түрүнө келип колу бутун салышат, чабак атып тойлошот.

Алар адамдарга көрүнбөгөн дүйнө болгон үчүн, адамдар аларды көрбөй эле ошол арам болгон, кир, паразиттер жабышкан тамакты жей беришет. Алар ар дайым даяр турушат. Куран окулган эле жерге учуп барышат. Үйдө үйдүн ичинде бейшемби күнү окулуучу Куранга даяр турушат. Айрымдары андай куранды көп окуй турган үй – бүлөлөр менен кошо жашашат. Байыр алып жайгашып алышат. Үстөмдүк кылышат. Бийлик кылып, акылдарын башкарып алышат. Унутуп калбас үчүн ар кандай шылтоолорду таап Куранды окусун, мага тамак берсин деп ойлоруна салып шаштырып турушат.

Айрымдары тамак менен кошо ичкери дененин ичине деле кирип кетет. Кирип алып жашай беришет. Мындай арам тамак денеге кирип сиңгенден

кийин, адамдын ичиндеги жаман рухтар ансайын күчтөрүнө киришет. Оору – жараттары күчөйт. Андан арам тамактарды талап кылышат.

Мурда Базарбай бул үйдүн босогосун аттаган эмес дешке да болбойт. Бостон менен кошо чабан болуп коңшулаш, жайытташ, жети чакырымча тигиндейрээкте жашаган далай жылдын ичинде Базарбай бул үйгө ашык кеми жок  үч жолу кирип чыккан: биринчи жолу койчуман Эрназар Ала – Мөңгүнүн ашуусунда муздун жаракасына түшүп кетип өлгөндө ошонун кара ашына келген,экинчи жолу да өлүккө байланыштуу ошол Эрназар каза болгондон жарым жыл өткөндөн кийин Бостондун биринчи аялы дүйнөдөн кайтып (элдин айтымында Арзыгүл мыкты зайып болгон экен), ошондо аза күтүүгө келген, бул айлана – тегеректе жашагандардан эч ким калган эмес, эл кара жандай көп болгон ат, трактор, жүк машинелерге сан жетпейт. (Кыямат 240-241- бет)

Жиндер арам тамакты көптөрүнө жедирип, көптөрүн азгыргылары келет. Арзыгүл мыкты  аял болгонуна карабай  шайтанга жем болду.Эрназардын кара - ашынан кийин алты ай дегенде көз жумду. Эрназардын кара – ашында тойлогон жиндер, алты ай өткөрүп Арзыгүлдүн кара – ашында тойлошту. Андан көп узатпай Базарбайдын кара ашына, Кенжештин кара ашына даяр турушту. Жиндер кара ашты жеп эле туруп калышпайт. Өлүктөргө (жиндерге) багышталган аштын түрү;

- Үчүлүк аш
- Бейшембилик аш
- Кырктын ашы
- 52 күндүк аш
- Каада аш
- Көк кийди аш
- Үй чечүү ашы
- Орозо айт ашы
- Курман айт ашы
- Жылдык аш
- Ар бейшемби өлгөндөргө аталган аш
- өлгөндөрдүн туулган күндөруно арналган ашы
- Өлгөңдордү эскерүү ашы
- Аш берүү ашы жана дагы көптөгөн аштардын түрлөрүн жеп күчкө толушуп,

көбөйүшүп андан ары дагы башка кулдардын үстүнөн бийлик жүргүзүп өз максаттарын ишке ашырат .

Алар каада – салтты жакшы көргөн калкты каада – салттын кулчулугунун түпкүрүнө түртөт. Уламдан – улам каада – салттын түрлөрүн акылдарына киргизип турат, өздөрүнүң пайдасы үчүн. Алар жөн уурдаганга маашыр. Өзгөчө кулдарды; ата – тегинде молдочулук, бакшычылык, менен өткөндөрдүн балдарын өз жандарын өздөрүнө кыйдыртат. Кокустукка учуратат. Буркандардын ордуна Баланы, кийим кечени, акчаны, тамак – ашты, мансап бийлик, кумарды ж.б ушул сыяктуу заттарды да мисалга алсак болот.

Чарбактагы иштерин бүткөндөн кийин Бостон Кенжешке жаңы оюнчук сатып ала барууну ой кылды. Уулун сүйүнткүсү келди.

Мына эми бир ай өтүп - өтпөй экиге толо, томполоңдогон макоо, үйдө чуркап жүрөт. Оюн - караагын айт, кылык – жоруктарын карап олтуруп, жашы өйдөлөп бара жаткан Бостондун ичи элжирейт, анын ар бир айткан жаңы сөзүнө жетине албай кубанат. Эркектин балага, анын энесине имерилип, тартылып туруусунда катылып жаткан турмуштун терең, Ыйык маңызын Бостон ушул чүрпөсү аркылуу түшүндү. Бул Бостондун маңдайына жазылган тагдырдын эң акыркы жеткен бийик чекити эле. Ал аялына, баласына көкүрөгүндөгү болгон сүйүүсүн бүт берүүнү чечкен, жашоодон андан ашык эч нерсени талап кылбады, андан ашыкты каалабады, себеби дегенде ушул өзү эле адамга тагдырдан берилген эң бийик таалай эмеспи. Ырас, бул жонүңдө ал эч жерде айтпады, бирок ичинде мунун ушундай экенин күмөн санабайт. Аялы да ичинен анын ушундай сезимин тең бөлүшөрүнө ишенет. (Кыямат 313 – бет)

**Ыйык Жазуудагы Улуу Осуят: Эгебиз, биздин Кудайыбыз жалгыз эле. Ошондуктан Аны чын жүрөктөн, бүткүл Жан дүйнөң менен бардык акыл – оюң менен, бар күч – кубатың менен сүй!**

**Экинчиси; «Башкаларды өзүңдү сүйгөндөй сүй». Ушул экөөнөн чоң осуят жок,- деп жооп берди (Марк 12:29-31)**

Бостондун жакшы сапаттары көп бирок анын жашоосунда жогорку улуу осуяттардын аткарылуусу жок. Бостон үчүн бардыгынан кымбаты Кенжеши. Экинчи осуят боюнча Бостон Базарбайды жек көрөт. Парторгду да жек көрөт, чатак катуу чыкчыдай болуп калды. Кочкорбаев менен Бостон атууга өкүм кылынган кишилердей, бири үстөлдүн жанында,бири дубалдын түбүндө, мына аз болсо эле бирөө шалак деп жерге кулап түшчүдөй туруп калышты.

Абалды райкомдун жаш инструктору биртике оңдоп кетти. (Кыямат 308 – бет)

Тонго жетеби, - деди Эрназар, Бирок илгери ашуудан келме менен да аман эсен ашып кете беришкен, өзү да ашуу – келме деп аталат. Эсиңде барбы?

- Жок эсимде жок.

- Менин эсимде болуш керек, чоң атаман укчумун.

- Кана, айтчы

- Ушу, толук билбейм го дейм.

- Такыр билбегенден көрө түзүк. Кана башта!

- Болуптур, Сен менин артыман кайтала. Уктуңбу? Бостон, сен да айт: «О, Көкө Теңир, көк муздуу ашууңан жол бер. Алам десең малды алба, асмандагы карганы ал. Арабызда балдар бар, ызгаарыңа тоңдурба, тоңдурам десең асманда булактап учкан күкүк бар, аттын белин тарталы, өгүзгө жүктү арталы, Көкө Теңир жараткан, өзүңө келме айталы;ак кар, көк муз ашууңан өткөр, тунук булак, көк тулаң өрөөнүңө жеткир».Ушундай болсо керек эле, калганы эсимде жок.

- Каап… Толук билбейт экенсиң да.

- Билгенде эмне. Азыр мындай келмени эч кимге кереги жок, мектепте мунун баарын караңгылыктан, артта калгандыктан чыккан, азыр заман башка, ана кишилер космоско учуп жатат деп айтып жатпайбы,

Ээ, Боске, айтканга оңой, а биздин Кочкорбаевге окошогондор чогулуш сайын эскини баарын эчтемесин койбой сөгүп, үйлөнүү тоюн өткөргөндү да билбейсиңер, эмне үчүн тойдо өбүшпөйсүңөр, эмне үчүн колкту кайнагасы менен кучакташып алып бийлебейт деп жатпайбы. Балдарга ат койгонду да билбейсиңер, жаңы ысымдардын өйдөтөн бекитилип келген тизмеси бир, ошондон алып койгула, эски аттардын баарын жаңыртыш керек деп жатпайбы. Өлүк көмгөнгө да жармаша кетет туура эмес көөмп жатасыңар, тура эмес ыйлап жатасыңар деп. Кишилерге колдон ыйлаш керектиги жөнүндө да көргөзмө берип жатпайбы, эскиче ыйлаганды таштагыла, жаңыча ыйлагыла деп.

- Билбейм, Эрназар, ошонун баарын мени билбейт дейсиңби. Москвага бир барсам, мына ушу күздө көргөзмөгө жиберебиз деп жатышкандай түрлөрү бар. Эгер барып калсам, айтты – айтпады дээрсиң, ЦКга кирип сурайм;  бу Кочкорбаевге окшогондор бизге ушунчалык эле зарыл керекпи, же булар биздин шаарыбызга бүткөн эмелерби? Буга эч нерсе айтпашың керек, бир деме десең эле, сен партияга каршысың деп кекиртектен алат. Жалгыз өзү эле бүтүндөй партия. Баарынан да эч ким ага эч теме дей албайт. Мына биздин акыбал. Деректирдин өзү ага жолобой оолактап турат. Эми бул ушундай жаралып калган жалгыз киши болсо бир жөн го! Балээсинин баары Кочкорбаевге окшогондор башка жерлерде да аз эмес болуп жатпайбы. Кой уктайлы, Эрназар. Эртең алдыда кыйын жол турат. (Кыямат 282-283 бет)

**Инжил*;* Айыптабагыла, ошондо өзүңөр да айыпталбайсыңар. (Матай 7:1)**

Бутка табынуу, сыйкырчылык кылуу, кастануу,чыр – чатак, көрө албастык, ачуулануу, уруш талаш, келишпестик, жалган окутуу, жек көрүү, киши өлтүрүү, аракечтик, шапар тебүү жана башка ушул сыяктуулар. Силерге мурда эскерткенимдей эле, дагы да эскертемин мындай кылуучулар Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт.

Эрназар тирүү калган жок! Бостондун көңүлүн эми эч ким жубата албайт. Бул кайгы зар эми анын көкүрөгүнөн эч качан чыкпайт, көргө башы менен кошо жатат!..Ошондо Бостон катуу бакырды; Айткан келмебизди укпадыңбы сен ыя? Келтирген келмебизге берген кайырың ушубу, ушундан кийин сен эмнесиң ыя? Кимге айтып атканын өзү да аңдаган жок.

Ыйык Жазуунун эч бир жеринде келме келтирсеңер Мен силерге жардам берем деген эч кандай жазуу жок.  Бул да адамдардын өзүн өзү алдоочу билими. Мындай өздөрүн өздөрү  алдоочу ырым – жырым каада салттар өзгөчө биздин арабызда толтура.

**Адамзаттын жашоосундагы:**

**биринчи орунда Кудай  - Теңир,**

**экинчи орунда Ыйса – Теңир,**

**үчүнчү орунда үй – бүлөнүн башы эркек,**

**төртүнчү орунда жардамчы аял,**

**бешинчи орунда балдар болуусу зарыл.**

Ушул ирээт бузулса, же арасында бир боштук болсо эле болду ошол жерди шайтан ээлейт. Мисалы: Ыйса – Теңирдин орду өзгөчө орунда турат. Ушул жерде боштук болсо, ал жерге шайтан ар кандай ыпластыктарды, өзүнүн рухтарын коюп салат.

Мисалы: Базарбайга аракечтик жинин коюп бийлетип койгон.

Бостонго өзүмчүлдүк, жек көрүү жинин коюп башкартып койгон.

Бул ирээт жер үстүндө жаралган ар бир адамзаттын жашоосунун ирээти, тартиби.

**Адамдын акыл эси аң – сезими Кудайдын Ыйык Жазуусуна толуп турусу керек: Тоорат, Забур, Инжил**. Эгер Ыйык Жазуу жок болсо, ал акыл эсти, аң сезимди да шайтан бийлейт. Ыйык Жазуунун ордун ар кандай жаман ойлор, менменсинүүлөр, куру кыялдар, айыптоо – соттоо, ушак айтуу, дубалар, нараазычылыктар ж.б. менен толтуруп алат. Адамдагы жашоонун ирээтин бек сактап, ар дайым курал – жарактуу жүрүп, шайтанга – душманга каршы туруусу керек:

**Чындыктын курун курчанып,**

**бут кийимди кийип Жакшы Кабар айтууга даяр туруу,**

**адилет менен сүйүүнү соот кылып,**

**куткарылуунун үмүтүн тулга кылып кийип,**

**Ишенимдин калканын кармап, Кудай сөзүнүн кош миздүү кылычын кармап үзгүлтүксүз Рухтун жетегинде сыйынуу керек.**

Бардык адамдар үчүн падышалар жана бардык башкаруучулар үчүн сыйынгыла, өтүнгүлө жана ыраазычылык билдиргиле. Анткени бул жакшы жана биздин куткаруучубуз Кудайга жагат. (1Тиметей2: 23)

Адамдар тирүүнүн камын ойлоп, абалын сурагандын ордуна набыт болгонго табынышат.

- Качан гана шордуу Көк Турсун күйөөсүн кыйкырып барып басып жыгылганда, тургандарга бир заматта жан кирип, алар да чуулдап, өлүккө ынтылышты.(Кыямат 337 бет)

Мусулман аталган мамлекеттердин ичинен каза болгонго табынган өзгөчө биздин эл. Арабияда каза болгон адамга ыйлашпайт, кошок кошпойт. Кайтыш болгон саатта, ошол жерге коюп коюшат.Өзбек калкы дагы. Адам каза болгон саатта алып барып көмүшөт. Тили ката элегинде көмбөсө сурак бере албай калат деп көөмп коюшат.

Алар чуулдап табытка табынгандын ордуна. Бостон сага эмне болду жаның аябай кейип турат деп кайрылуулары керек эле. Үйгө келип ал наристенин денесин өзүнүн кичинекей керебетине жаткырды, керебет машине жүктөөгө камдап коюлган боюнча эле. Гүлүмкан баласынын баш жагына чыңырып келип кулады, Акбара түнкүсүн кандай боздоп уулуса, так ошондой боздоп, озондоду… Асылгүл жанына келип олтуруп үн кошту… (Кыямат 336 - бет)

-Бул экөө озондогондон баланы тирилтип алмак беле. Колдорунан эч нерсе келбейт. Кошок кошуп ага табынгандын ордуна Бостондун абалына көңүл буруп, токтотуп калуусу зарыл болчу.

**Ыйык Жазууда өлгөнгө кайгырбагыла, тирүүлөрдүн камын көрүп, бири – бириңерди куткаргыла деп жатпайбы.**

**3. Адамзатка коюлган талаптар.**

**3.1.Адамзаттын ааламга жаралышы жана жогорудан кайра төрөлүшү.**

**Глава.1.Адам Ата менен Машаяк.**

**Бир кишинин** кетирген жазыгы аркылуу бул дүйнөгө күнөө, күнөө аркылуу – өлүм келген сыяктуу, баары күнөөгө батышып, өлүм бүткүл адамзатына тарап кетти. Мыйзам жок кезде деле дүйнөдө күнөө бар болгон, бирок мыйзам жок жерде күнөөнүн эсеби жүргүзүлбөйт. Кантсе да, Адам атанын мезгилинен тартып Мусанын мезгилине чейин Адам атанықындай күнөө кетирбегендердин үстүнөн да өлүм өкүм жүргүзүп келди.

Адам Ата б/о келечекте келе турган бирөөнүн элеси эле. Бирок Кудайдын ыроологон ырайымын Адам кылган кылмышка салыштырууга болбойт. Бир киши – Адам атанын кылмышынан улам көптөгөн адамдар өлүм жазасына кесилсе, Кудайдын бир киши – Ыйса Машаяк аркылуу көптөгөн кишилерге тартуулаган ырайымы андан алда канча зор.

Кудайдын тартуусун ошол бир кишинин күнөөсүнө салыштырууга болбойт: бир эле күнөө кылынгандан кийин жазалоо өкүмү чыгарылган болсо, биз көп күнөө кылсак да, Кудайдын тартуусу бизге акталуу алып келди. Эгерде бир киши кетирген жалгыз күнөөнүн айынан дүйнөдө өлүм өкүм жүргүзө баштаганы анык болсо, анда айкөл Кудайыбыз тарабынан акталып, Анын ыроологон ырайымын алгандардын бир эле Киши – Ыйса Машаяктын кылганы аркылуу Кудай менен жашап, Аны менен бирге өкүм жүргүзөрү канчалык анык!

Ошентип, бир кишинин кылмышы аркылуу бүтүндөй адамзатка жазалоо өкүмү чыгарылган сыяктуу, бир кишинин адилеттүү иши аркылуу бүтүндөй адамзатка акталуу менен түбөлүк өмүр берилди. Бир кишинин Кудайга моюн сунбагандыгы аркылуу көп киши күнөөкөр болуп калгандай, бир кишинин Кудайга моюн сунгандыгы аркылуу көп киши акталат.

Мыйзам адамдар өздөрүнүн канчалык күнөөлүү экенин көрсүн деп берилген. Ал эми күнөөлөрү көбүрөөк көрүнгөн сайын, Кудайдын ырайымы андан бетер көбөйдү. Ошентип, бир кезде өкүм жүргүзө баштаган күнөө өлүмгө алып келген сыяктуу, Кудайдын өкүм жүргүзө баштаган ырайымы бизди актап, Эгебиз Ыйса Машаяк аркылуу түбөлүк өмүргө ээ кылат.

(Инжил Римдиктерге 6:12-21)

## Ыйык Рух берген- өмүр

Ошентип, эми Машаяк Ыйса менен биримдикте жашагандарга жазалоо өкүмү чыгарылбайт. Анткени Машаяк Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы силерди күнөө менен өлүмдүн мыйзамынан эркин кылды. Адам табиятынын алсыздыгынан улам мыйзам кыла албаган нерсени Кудай кылды. Бул үчүн Ал адам баласынын күнөөлүү денесине окшогон денеге бөлөнгөн Уулун жиберип, күнөөнүн жазасын Ага тарттырды. Муну Ал мыйзамдын адилеттүү талаптары күнөөлүү табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашаган биз аркылуу аткарылсын үчүн кылды. Адамдык табиятын ойлоонун кесепети – өлүм; Рух каалаганын ойлоонун шарапаты – өмүр менен тынчтык. Ошентип, адамдын табиятын ойлогон адам Кудайга кас болот: ал Кудай мыйзамына багынбайт жана багына да албайт. Өз адамдык табиятынын жетегинде жашагандар Кудайга жага алышпайт.

Силер болсо, жерде ичиңерде чынында эле Кудайдын Руху жашаса, адамдык

табиятыңардын эмес, Рухтун жетегиндесиңер. Кимде Машаяктын руху жок болсо, ал Машаякка таандык эмес. Бирок ичиңерде Машаяк жашап жатса, анда күнөөнүн айынан денеңер өлүк болсо да, Кудай алдында акталган үчүн рухуңар – тирүү. Ичиңерде Ыйсаны өлгөндөн тирилтип алган Кудайдын Руху жашап жаткан б/о, анда Машаякты тирилтип алган Кудай ичиңерде жашап жаткан Руху менен силердин өлө турган денеңерге да жаңы өмүр берет.

Биз адамдык табиятыбыздын эңсегени менен жашоого милдеттүү эмеспиз. Себеп дегенде, адамдык табиятыңардын жетегинде жашасаңар, анда өлөсүңөр, ал эми Рух аркылуу денеңердин күнөөлүү иштерин тыйсаңар, анда өмүргө ээ болосуңар. Кудай Рухунун жетегинде жашагандардын баары – Кудайдын балдары. Анткени Кудайдын ыроологон Руху силерди кайрадан коркунучка батырып, кул кылбайт. Кудайдын Руху силерди Анын балдары кылды. Ошол Рухтун кудурети менен биз Кудайды: “Абба! Ата!” – деп чакырабыз (Инжил. Римдик 8:1-15)

**Кудайдын жышааны : Эмануел**

“силерге Теңир өзү аян берет: Кыз кош бойлуу болуп, Уул төрөйт, Ага Эмануел деген ат коюшат. (Ышайа 7:14-16)

**Эмануелдин падышачылыгы**

Жышайдын тамырынан бутак чыгат, анын тамырынан жаш бутак өсүп чыгат.

Анын үстүнө Тенирдин Руху, даанышмандык жана акылмандык руху, кеңеш жана күч руху, билим жана Теңирден коркуу руху түшөт. Ал Теңирден коркуу рухуна толот, Өзүнүн көзү менен көргөнү боюнча соттобойт, Өзүнүн кулагынын укканы боюнча иш чечпейт.

Ал алсыздарды адилеттик менен соттойт, жерде азап чеккендердин ишин акыйкаттык менен чечет. Ал оорунун таягы менен жерди кыйратат, оозунун руку менен мыйзамсызды өлтүрөт.

Чындык Анын ичинин курчоосу болот, акыйкаттык Анын белиндеги куру болот.

Ошондо карышкыр козу менен бирге жашайт, илбирс улак менен бирге жатат. Музоо, жаш арстан, өгүз бирге болушат, алардын баарын жаш бала жетелейт. Уй ургаачы аюу менен бирге жайылып жүрөт, алардын балдары да

бирге жатышат. Арстан өгүздөй болуп чөп жейт. Эмчектеги наристе уулуу жыландын ийининин үстүндө ойнойт, эмчектен чыккан бала жыландын ийинине колун салат.

Менин ыйык тоомдун бүт жеринде жамандык кылышпайт, зыян келтиришпейт, анткени деңиз сууга толгонсуп, жер Кудайдын билимине толот.

(Библия. Ышайа 11:1-9)

## Куткаруучунун убадаланышы

Чындык жок болду, жамандыктан качкан кордукка дуушар болду. Муну Теңир көрдү, акыйкаттыктын жоктугу Анын көзүнө жийиркеничтүү көрүндү.Адил

адам жок экенин көрдү .Арачы боло турган адам жок экенине таң калды. Ошондо өзүнүн каруу – булчуңу жардам берди, Аны Өзүнүн чындыгы колдоду.

Ал чындыкты соот кылып кийди, куткаруу туулгасын Өзүнүн башына кийди. Өч алуу чапанын кийип, кызганчаактыкты жабуу кылып жамынды.

Иштерине жараша Ал Өзүнүн душмандарын каары менен жазалайт, Өзүнүн душмандарынан өч алат, аралдарга тиешесин берет. Ошондо Теңирдин ысымынан батыштагылар коркушат, Анын даңкынан чыгыштагылар коркушат. Эгерде душман дарыядай каптап кирсе, Теңирдин деми аны кууп жиберет. Ошондо Сионго, мыйзамсыздыкты таштап, Кудайга кайрылган Жакыптын уулдарына Куткаруучу келет, - дейт Теңир.

Бул Менин алар менен түзгөн келишимим, - дейт Теңир, - сендеги Менин Рухум, сенин оозуңа салган Менин сөздөрүм сенин оозуңдан, сенин укум – тукумундун оозунан, сенин урпактарыңдын укум – тукумунун оозунан мындан ары жана түбөлүккө түшпөйт.

(Библия. Ышайа 59:15-21)

## Чөмүлдүрүүчү Жакандын кызматы, анын Ыйса жөнүндө күбөлөндүрүүсү.

**Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылагы жакындап** калды. Жакан жөнүндө Ышайа пайгамбар: “Теңирге жол даярдагыла, Ал үчүн жолду түздөгүлө деп, чөлдө жар салган үн угулат; - деп айткан. (Матай 3: 3,2)

Мен силерди тобо кылганыңарды билдирген чөмүлдүрүү менен сууга чөмүлдүрүп жатам, бирок менин артымдан келе жаткан менден күчтүү. Мен Анын бут кийимин көтөрүп жүрүүгө да татыксызмын. Ал силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт. Анын күрөгү Өз колунда, Ал Өз кырманын тазалап, буудайын кампага жыйнайт, ал эми саманды өчпөс отко салат.” (Инжил. Матай 3:11)

ар бир күнөө жана акарат сөздөр кечирилет, бирок Рухка каршы айтылган акарат сөздөр кечирилбейт. Ким Адам Уулуна каршы сөз айтса, анын бул күнөөсү кечирилет. Ал эми ким Ыйык Рухка каршы сөз айтса, анын бул күнөөсү бул кылымда да, келечек кылымда да кечирилбейт.

(Инжил. Матай 12-31,32)

### Ыйса – Кудайдын момун кулу

“Мына, Менин тандап алган Кулум, Менин Сүйүктүүм, Мен Ага ыраазымын. Мен Ага Өзүмүн Рухумду берем. Ал элдерге акыйкаттыкты жар салат . Ал кыйкырбайт, үнүн көтөрбөйт,көчөдөн Анын үнүн укпайсың. Акыйкаттыкты жеңишке жеткирмейинче, чала сынган камышты сындырып салбайт, түтөп жаткан чырактын билигин өчүрүп салбайт.

Анын ысымынан элдер үмүттөнүшөт. (Инжил. Матай 12:18-21)

### Чыныгы кызмат.

Ким мени ээрчигиси келсе, ал өз жанынан кечип койсун жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат. (Инжил. Матай 16-24,25)

Асман менен жер жок болуп кетсе да Менин сөздөрүм аткарылбай калбайт. (Лука 21:33)

Чындыкты, чындыкты сага айтып коёюн, кимде ким жогорудан төрөлбөсө, Кудайдын Падышачылыгын көрбөйт: - деп жооп берди. Никедим Андан: “Карыган адам кайра кантип төрөлмөк эле? Эмне, ал энесинен курсагына экинчи жолу кирип, кайра төрөлөбү?” – деп сурады. Иса жооп берди: Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, кимде ким суудан жана Рухтан төрөлбөсө, Кудайдын Падышачалыгына кире албайт.

**Денеден дене, Рухтан Рух төрөлөт. (Инжил. Матай 3:3-6)**

Кудай бул дүйнөнү ушунчалык сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди.

**Кудай Өз уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди. Ага ишенген адам соттолбойт, ал эми ишенбеген адам соттолду. Анткени ал Кудайдын жалгыз Уулуна ишенбей койду.**(Инжил. Матай 3:16-18)

Чыныгы табынуучулар Атага рухтун жетеги менен, чын жүрөктөн табына жүргөн убакыт келет, ал тургай, келип да калды. Анткени Ата да Өзүнө ошондой табынуучуларды издейт. Кудай-Рух Ага табынуучулар да рухтун жетеги менен, чын жүрөктөн табынуулары керек.”(Инжил. Матай 4:23-24)

**Ыйса – Кудайга алып баруучу жол**

**“Мен жол, чындык жана өмүрмүн. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт. (Жакан 13:3)”**

**Мага ишенгиле: Мен Атамдын ичиндемин, Атам Менин ичимде. (Жакан 13:11)**

**Ыйык Рухтун убада кылынышы**

Мен атамдан өтүнүп сурайм, Атам силерге башка Сооротуучуну, чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот. Бул дүйнө Аны кабыл ала албайт, анткени Аны көрө албайт жана билбейт. Ал силер менен, силердин ичиңерде болот. (Жакан 12:16,17)

Мен силерге жибере турган Соороттуучу – Атамдан чыгып келе турган чындык Руху келгенде, Мен жөнүндө күбөлөндүрөт.

Атамдын Менин Ысымым урматына жиберген Соороттуучу Ыйык Руху болсо силерге баарын уйрөтөт жана Мен айткан сөздөрдүн баарын эсиңерге салат.

(Жакан 14:26).

Мен, Мен Өзүм силердин Соороттуучуңар болом. Өлө турган адамдан, чөптөн айырмасы жок адам баласынан корккон сен кимсиң? (Библия Ышайа 51:12)

**Ыйык Рухтун кызматы**

Бирок Мен силерге чындыкты айтып коеюн, Менин кеткеним силер үчүн жакшы! Эгерде кетпесем, силерге Соороттуучу келбейт. Эгерде кетсем, Аны силерге жиберем. Ал келип, бул дүйнөнүн күнөөсүн ашкере кылат, акыйкаттык жана келечектеги сот жөнүндө билдирет. Бул дүйнөнүн күнөөсү –Мага ишенбегендиги (Жакан 16:7-9)

Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет. **(Жакан 16:13)**

**Жогорудан төрөлүү**

Адамдын денеден төрөлүүсү – биологиялык процесс. Аталык жана энелик клеткалардын катышынан, эң жөнөкөй эки клеткадан 60 000 000 000 000 түрдүү түмөн клеткаларга чейин өсүп жетилип адам төрөлөт Дөөт падыша адамдын баланын төрөлүшүн – өзүнчө таң каларлык сыр деп айткан. Бул адамзаттын биринчи жаралуусу – физикалык төрөлүү, денеден – дененин төрөлүүсү.

**Экинчи төрөлүү – бул жогорудан төрөлүү –жаңыдан төрөлүү.**

Жогорудан төрөлүү – адамдын жаш курагынан көз каранды эмес. Жогорудан төрөлүү – бул Кудайдын жүзүн оң карап, адамдык табияттын талабынан баш тартып, Ыйык Рухтун жетегинде толугу менен өзгөрүп жаңыдан жаралуу. Жогорудан төрөлүүнү эч нерсе менен алмаштырып болбойт. Жаңыдан төрөлүү – бул адамдын ички дүйнөсүндөгү жаңылануу. Ички дүйнөдөгү адамдык натуранын Ыйык рухтун жетегинде өзгөрүп Рухий жашоого

айлануусу.

- Ким Машайактын ичинде болсо, ал жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду. Мунун баары Кудайдан, Кудай Машайак аркылуу бизди Өзү менен элдештирди жана бизге элдиштирүү кызматын берди.

Анткени Кудай Машаяктын ичинде болуп, дүйнөнү өзү менен элдештирди адамдардын күнөөлөрүн эске алган жок. Бизге болсо Кудай менен элдешүү жөнүндөгү сөздү жарыялоону тапшырды.(Инжил 2 Коринттуктарга 5:17-21)

**Эски жана жаңы жашоо**

- мындан ары силер бутпарастарга окшоп, куру кыял менен жашабагыла. Алардын акылы караңгылангандыктан, түркөйлүктөрүнүн жана жүрөктөрүнүн катууланганынын айынан Кудайдын жашоосунан четтеп калышкан.

Өздөрүнүн аң - сезиминен ажырап калган алар ар кандай ыпылас иштерди тойбостук менен жасап, бузуктукка берилип кетишкен.

(Инжил. Эфестиктерге 5:17-19)

**Чындык Ыйсада**.

Силер Ыйсадан алдамчы кумарлары менен чирип бара жаткан эски адамдын мурдагы жүрүм-турумун таштоо керек экендигин, акыл оюңарды жаңыртып турушуңар керек экендигин, чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамды кийүү керек экендигин үйрөнгөнсүңөр.(Инжил. Эфестиктерге 4:21-24)

- жердик табиятка тийиштүү болгондун баарын: жыныстык бузукулукту, адепсиздикти, айбандык кумарды, арам каалоолорду жана бутка табынуучулукка барабар болгон ач көздүктү жок кылгыла. Кудайга баш ийбеген адамдар мындай иштери үчүн Анын каарына калат.

- Эми болсо баарын: ачуулануну, туталанууну, каардануну, кара ниеттикти, ушакты жана адепсиз сөздөрдү таштагыла. Бир бириңерге калп айтпагыла, анткени эски табиятыңарды жаман иштери менен бирге чечип салып, жаңы табиятты кийгенсиңер.

Кудайды таанып билген сайын жаңыланган, жаратуучунун бейнесине

окшошуп бара жаткан жаңы табиятты кийгенсиңер.

(Инжил. Колостуктарга 3:5-10)

**Жаңы адамдын кулк – мүнөзү**

Андыктан калп айтууну таштап, баарыбыз бир денеде мүчө экенибизди эске алып, ар бириң башкаларга чындыкты гана айтып тургула. Ачуура алдырып күнөөгө кириптер болбогула, күн батканча ачууңарды баскыла да ибилистин эч бир амалына жол бербегиле! Ким бизге чейин уурулук кылса, эми анысын токтотсун. Андан көрө эмгектенип, муктаж б/н адамга бир нерсе бере алгыдай болуш үчүн, өз колу менен пайдалуу нерсе жасасын.

Оозуңардан эч кандай жаман сөз чыкпасын, тескеринче, уккандарга пайдалуу боло турган, ишенимди бекемдей турган жакшы сөздөрдү сүйлөгүлө. Кудайдын Рухун капа кылбагыла. Куткарылуу күнү ошол Рух менен мөөрлөнөсүңөр. Кыжырдан, ачуудан, каардан, кыйкырыктан, заар тилден жана ар кандай жамандыктан арылгыла. Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле. (Эфестиктерге 4:26-32)

Араңарда ойноштук, ар кандай ыпыластык жана дүнүйөкорлук жөнүндө сөз да болбошу керек, себеби ыйыктарга мындай кылуу жарабайт. Ошондой эле уятсыз, маңызсыз жана маскаралаган сөздөрдү сүйлөбөгүлө, мындай кылуу жарабайт, анын ордуна ыраазычылык келтиргиле.

**Билип койгула: ойноштук кылуучу, нике бузуучу, дүнүйөкөр, башкача айтканда, бутка табынуучу Машайактын жана Кудайдын Падышачылыгында мураска ээ болбойт.(Инжил. Эфестиктерге 5:3-5)**

**Үй-бүлөлүк жашоонун эрежелери**

Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле, анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы.

Жыйын Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин. Машайак Жыйынды суу менен тазартып,

сөзүнүн кудурети менен Кудай эли кылды. Машайак Жыйынды Өзүнө шаң салтанатка бөлөнгөн, тагы жок, эч кемчилиги жок , аруу жана кынтыксыз колукту кылып алуу үчүн ушуларды кылган.

Ошол сыяктуу эле күйөөлөр да аялдарын өздөрүнүн денесин сүйгөндөй сүйүшү керек. Аялын сүйгөн адам өзүн сүйөт. Анткени эч ким эч качан өзүнүн денесин жек көрбөйт, тескеринче, Машайак Жыйын үчүн кам көргөн сыяктуу, өз денесин азыктандырат, жылытат, анткени биз анын дене мүчөлөрүбүз Анын этинен жана сөөгүнөн жаратылганбыз. Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет, ошентип экөө бир дене болот.”

Бул сыр аябай терең, менин айтканым Машайакка жана Жыйынга тиешелүү силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн аял болсо күйөөсүн урматтасын. (Эфестиктерге 5:22-33)

**Балдар жана ата-энелер**

Балдар, ата-энеңердин тилин алгыла, бул Теңирге жагат, анткени ушундай кылганыңар туура. “Ата-энеңди сыйла” деген осуят убадалуу осуяттардын биринчиси: “Сага жакшы болуш үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болуш үчүн, ата-энеңди сыйла”. Аталар, силер да балдарыңарды кыжырдантпагыла, аларды Тенирдин үйрөтүүсү жана акыл-насааты менен тарбиялагыла.

(Эфес 6:1-4)

**Рухий курал-жарак**

Акырында айтаарым, Теңирдин жана Анын кудуреттүү күчүнөн күч алгыла. Ибилистин айла амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын кийгиле, анткени биз адамдарга каршы эмес, асман астындагы жаман руктарга: башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына каршы күрөшөбүз. Ошондуктан кыйын күндөрдө каршы тура алышыңар үчүн, Кудайдын бардык курал жарагын алгыла. Ошентип, чындык менен курчанып, адилдикти соот кылып кийип, бут кийимиңерди кийип, тынчтык жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууга даяр тургула.

Баарынан мурун амалкөйдүн оттуу жебелерин өчүрө алышыңар үчүн ишенимди калкан кылып алгыла.

Ошондой эле куткарылгандыгыңарды туулга кылып кийип, Кудай Сөзү болгон Рухтун кылычын алгыла.

Жалынуу жана сурануу менен бардык учурда Рух менен сыйынгыла. Дайыма сергек болуп, туруктуулук менен сыйынгыла, бардык ыйыктар үчүн. Ошондой эле мен үчүн сыйынгыла: мага керектүү сөз берилсин, Жакшы Кабардын сырын кайраттуулук менен ачык жарыялагыдай болоюн.

(Эфес 6:10-19)

**Жаңы өмүргө чөмүлдүрүлүү.**

Кудайдын ырайымы көбөйүш үчүн, биз күнөө кыла беришибиз керекпи? Албетте жок! Биз күнөө үчүн өлгөнбүз, кантип дагы эле күнөө кылып жашай бермек элек? Машайак Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилтилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз. Аныкындай өлүм аркылуу Ага кошулсак, анда Ага окшоп тирилүүгө да тийишпиз. Анткени күнөөкөр табиятыбыз жок болуу үчүн, мындан ары күнөөнүн кулдары болбошубуз үчүн, эски табиятыбыз Машайак менен бирге айкаш жыгачка керилгенин билебиз. Анткени өлгөн адам күнөөнүн бийлигинен бошотулган. Эгерде биз Машайак менен бирге өлсөк, анда Аны менен бирге жашаарыбызга да ишенебиз. Себеби өлгөндөрдүн арасынан тирилген Машайак кайра өлбөй турганын, эми өлүм Анын үстүнөн бийлик жүргүзбөй турганын билебиз. Анткени Ал өлгөндө, күнөө үчүн бир ирет өлдү. Эми жашаганда, Кудай үчүн жашайт. Ошондой эле силер да өзүңөрдү күнөө үчүн өлүкпүз, Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу Кудай үчүн тирүүбүз деп эсептегиле. Ошентип, дененин күнөөлүү кумарларына баш  ийбешиңер үчүн, күнөө силердин жок боло турган денеңерге бийлик жүргүзбөсүн.

Дене мүчөлөрүңөрдү күнөөгө адилетсиздиктин куралы катары бербегиле, тескеринче, өлгөндөрдүн арасынан тирилгендер катары өзүңөрдү жана дене мүчөлөрүңөрдү Кудайга адилеттиктин куралы катары бергиле. Күнөө силердин үстүңөрдөн бийлик жүргүзө албайт. Анткени силер мыйзамдын бийлиги астында эмес, Кудайдын ырайымынын астындасыңар.

(Инжил. Римдиктерге 6:1-14)

**Аралык**

Адам менен Кудай Теңирдин ортосундагы аралык мүмкүн болушунча жакын болгону эң жакшы. Адамзат ал аралыктын жакын болушуна өзү көп аракет жасоосу керек. (Анткени бизге эрк берилген). Андай аракетти жасоо үчүн адам эң биринчи күнөөкөр табийгый, денелик жашоонун түрмөсүнөн бошонуп, эркиндикке, жарыкка чыгуусу керек. Эркиндикке чыгуу үчүн адам акталуусу керек. Акталды деген документти колго кармап көрсөтмөйүнчө күзөтчүлөр боштондукка чыгарбайт. Жер ааламындагы адамзаттын актоочусу – бир гана Ыйса Теңир. Ар бир адам: "Мен Ыйса Теңирди куткаруучум жана Теңирим деп кабыл алам, күнөөлөрүм үчүн тобо кылдым. Ыйса менин күнөөлөрүм үчүн канын төгүп актаган". Ыйса менин актоочум "- мына менин документим деп көрсөтүп боштондукка, жарыкка чыгуусу керек – бул биринчи кадам. Боштондукка чыккан адам эркиндикке ээ болуп, эркин кыймыл жасап, аракеттене баштайт. Аракет кадамдарын Кудай тарапты көздөй туруктуулук менен, сабырдуулук, чыдамкайлык, терең ишеним менен таштоо керек.

Эркиндикке чыккандан кийин туура жолду тандай бил.

Төрт жол бар:

1. Кудайга алып баруучу
2. Тозокко алып баруучу
3. Түрмөгө кайра түшүрүүчү
4. Дүйнөлүк жашоого алып баруучу.

Биринчи жол – туура жол. Ыйса Теңир: "Мен – өмүр, жол жана чындыкмын" – деген. Кудайга Ыйсанын жолун жолдоочулар гана бара алат.Ыйса- Кудай менен адамдын ортосундагы – арачы. Ыйсанын жолун жолдогон сайын, аралык азайып жакындайт.

Анткени Адам Кудайдан канчалык алыс болсо, ошончолук шайтанга жакын болот. Ал алыс аралыкты, боштукту, - адамды азгыруучу жиндерге, кара жиндерге, дүйнөлүк жашоо, күнөөгө түртүүчү адаттар, каада – салттар, кайра түрмөгө алып баруучу кылмыштуу күнөөкөр жашоо ээлейт. Ал аралык азайып Кудайды көздөй кадам таштаган сайын алар да азая баштайт. Ал кадамды туруктуулук менен жылдырып туруу керек. Антпесе анда көзү ачыктар, молдолор, төлгөчүлөр, картежниктер, экстрасенстер, оюн – күлкү, шапар тебүү, каада-салтка аралашуу, же болбосо күнөөгө түртүүчү күнөөкөр жашоо ээлей баштайт. Көбөйөт. Ал аралыкты жакындатуу үчүн ортодогу

тоскоолдуктарды жоготуп азайтуу керек. Ал тоскоолдуктарды адам өз күчү менен жеңе албайт. Аларды жеңүү үчүн:

1. Жогоруудан төрөлүү
2. Дүйнөлүк жашоодон баш тартып, рухий жашоодо жашоо
3. Рухий жеткилеңдикке жетүү
4. Физикалык жеткилеңдикке жетүү.
5. Ыйса Теңирдин Ыйык Каны менен жуунуп тазалануу
6. Жүрөктү, акылды, рух жана денени Ыйыктап Алкыштоо
7. Акыл – ойду, жүрөктү Кудай Сөзү менен толтуруу
8. Суугa чөмүлүү. Ыйык Рухка чөмүлүү
9. Ыйык Рухтун жетегинде Кудайдын эркине баш ийүү
10. Ыйса Теңирдин Ыйык Каны менен чептеп коргонуу күн сайын
11. Рухий тамактануу, жетилүү
12. Дүйнөлүк жашоодон баш тартып, рухий жашоодо жашоо
13. Кудай Сөзү менен жашоо
14. Жыйынга катышуу
15. Орозо кармоо
16. Үзүлтүксүз сыйынуу.
17. Жакшы кабар айтуу
18. Кудайдын эркин аткаруу менен аралык азайып Кудайга Адам жакындайт. Ар бир Кудай менен жашаган адам Кудайдын ырайымы астында жашайт.

### 3.2 Сырттан тийген жарык жана ички дүйнөгө кирген жарык.

Ошондо Кудай: “Жарык болсун!” – деди. Жарык пайда болду Кудай жарыктын жакшы экенин көрүп, жарыкты караңгыдан ажыратты. Кудай жарыкты “күн”, караңгыны “түн” деп атады. (Библия. Башт 1:3-5)

Кеч кирип таң атты: биринчи күн өттү. Ушул кубулуш Кудай Теңирдин жер ааламын жаратып жаткандагы биринчи күнүнөн баштап, кайталанып, доордон доор, кылымдардан, кылымдар, жылдардан жылдар, айлардан айлар, апталардан апталар, күндөрдөн күндөр айланып өтүп келе жатат.

Түн кирген саатта бүт айлана- чөйрөнү караңгылык каптап, чырак издей баштайбыз. Жарык болбосо, чырак жанбаса айлана-чөйрөдөн эч нерсени көрбөйбүз. Басар жолубузду таба албай, уңкур-чуңкурду басып жыгылабыз.

Жей турган нанызбыз көрүнбөй, иче турган ашыбыз жерге төгүлөт. Жарык/свет өчкөн мезгилде жылт эткен жарык көрүнгөн жакты элеңдеп издей баштайбыз. Жашоо түгөнгөндөй көрүнүп кетет. А эгерде түн кирген бойдон таң атпай жарык түшпөй күн тийбей калган учурду эч бир пенде көз алдына элестетип көрө элек. Адам жарыкка күн нуруна ушунчалык муктаж. Күн нурусуз жарыксыз – жашоо жок.

«Алладан корккула жана Анын элчисине Ыйсага (Эмануилге келгиле). Ал зат силерге Өз ырайымынан эки эсе тартуу этет жана силер үчүн жүрө турган Нур пайда кылат дагы силердин күнөөңөрдү кечирет.»

(К.К. Хадид сүрөсү 75:2 28)

**Сөз адам болду**

Эң башында Сөз бар болгон. Сөз Кудайда болгон жана сөз Кудай болгон. Сөз эң башында Кудайда болгон. Бардыгы Ал аркылуу баштаган, эмне башталса да, Ансыз башталган эмес. Анда өмүр болгон, ал өмүр адамдар үчүн жарык болгон. Жарык болгон. Жарык караңгыда жаркырап турат, караңгылык жарыкты каптаган жок. Кудай жиберген бир адам болгон, анын ысымы Жакан эле. Ал күбөлөндүрүү үчүн келген. Баары ал аркылуу ишенип калыш үчүн, ал Жарык жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн келген. Бул дүйнөгө келген ар бир адамды Жарык кылуучу чыныгы Жарык бар эле.

Алар Алланын нурун ооздору менен өчүрмөкчү болушат. Алла болсо, каалашпаса да, Өз нурун толо жайуну каалайт. Ал өз (Уулун) пайгамбарын Туура Жол жана чындык менен бардык элге үстөмдүк кылуу үчүн жиберген

(К.К.Тообо сүрөөсү 9:32.33)

Башыңрды көтөрүп, асманды карагыла, төмөн жактагы жерди карагыла, анткени асман түтүндөй болуп жок болуп кетет, жер кийимдей эскирет, анын тургундары да жок болушат. Ал эми Менин куткаруум түбөлүк турат, Менин чындыгым жок болбойт. Чындыкты билгендер, жүрөгүндө Менин мыйзамымды сактаган эл, Мага кулак салгыла! Адамдардын акарат

айтканынан коркпогула, алардын жаман сөздөрүнөн үрөйүңөр учпасын. Анткени күбө аларды кийим жегендей жейт, курт аларды жүн жегендей жейт. Ал эми Менин куткаруум кылымдан кылымга турат.

(Ышайа 51:6-8)

Сенин сөзүң – бутума шам, жолума жарык (Забур 118:105)

Осуят – чырак, акыл – насаат – жарык, насыятты үйрөнүү – өмүргө жол.

**Кудай – жарык**

Биз Машайактан уккан Жакшы Кабарды азыр силерге жарыялап жатабыз: Кудай – жарык. Анда эч кандай караңгылык жок. Эгерде Аны менен мамилебиз бар деп жатсак, бирок караңгылыкта жүрсөң, анда жалган айтып жатабыз жана чындык боюнча мамиле кылган жокпуз. Ал жарыкта болгон сыяктуу биз да жарыкта жүрсөк, анда бири-бирибиз менен мамилебиз бар жана Анын Уулу Ыйсанын каны бизди ар кандай күнөөдөн арылтат. Эгерде күнөөбүз жок деп жатсак, анда өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана бизде чындык жок. Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет, жана бизди ар кандай адилетсиздиктен арылтат. (1 Жакан 1:5-9).

**Машайак биздин арачыбыз.**

Эгерде ким күнөө кылса, Атанын алдында адил арачыбыз Ыйса Машайак бар. Ал – биздин күнөөлөрүбүздүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөсүнүн күнүн төлөгөн курмандык. (1 Жакан 1:1,2)

**Кудай Сөзүн аткарып жашоо**

Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз. Ким: “Мен Кудайды таанып билдим” – десе, бирок Анын окуяттарын аткарбаса, ал жалганчы жана анын ичинде чындык жок. Ал эми ким Анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайыктын ичинде экенибизди ушундан улам билебиз. “Машайактын ичиндемин” деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек (1 Жакан 1:3-6)

Ким: “Жарыкта жүрөм”, - десе, бирок бир тууганын жек көрүп жатса, ал дагы деле караңгылыкта жүрөт.

Ким бир тууганын сүйсө, ал жарыкта жашап жатат, жана эч кимге азгырык болгон жок.

Ал эми ким бир тууганын жек көрсө, ал караңгылыкта жүрөт жана өзүнүн кайда бара жатканын билбейт. Анткени караңгылык анын көзүн сокур кылып койгон. (1 Жакан 2:9-11)

Ал тереӊ жана жашыруун сырларды ачат, караӊгылыкта эмне бар экенин билет, жарык Аны менен жашайт. (Библия Даниель 2:22)

**Ыйса- чыныгы жарык**

Ыйса аларга мындай деп  сүйлөдү: “Мен дүйнөнүн жарыгымын. Мени ээрчиген адам караӊгыда жүрбөй, өмүр жарыгына ээ болот”.

**Адамдын физиологиялык түзүлүшү**

Адамдын баш мээси 5 бөлүктөн турат: сүйрү, арткы, ортоӊку, аралык, акыркы мээ. 12 жуп баш мээ нервтери чыгат.

Дем алуу органдары 6: сырткы мурун, мурун көӊдөйү, коко, кекиртек, колко өпкөдөн турат.

Тамак сиӊирүү органдары 7: ооз көӊдөйү, кулкун - (глотка) кызыл өӊгөч, ашказан, ичке жана жоон ичеги, арткы тешик.

Көкүрөк клеткасы 3: омуртка тутумунун көкүрөк бөлүгү, төш сөөк, 12 жуп кабырга. Жүлүн 31 жуп жүлүн мээ нервтери чыгат.

Бөлүп чыгаруу системасы 4: бөйрөк, бөйрөк түтүгү, табарсык, заара болуп чыгаруу түтүк.

Жыныс органдары: аялдардын жыныс органдары: ичкиси: энелик урук бези, жатын түтүгү, жатын жыпкы. Сырткысы. Чоӊ, кичине жыныс эриндери, клитор, лобок, кыздык белги.

Эркектин жыныс органы ичкиси: аталык урук бези, жыныс клеткалары өтүүчү түтүн урук ыйлакчасы, предстатильдик без, бультоуретналдык без. Сырткы: эркектин жыныс мүчөсү, машонка (калтасы).

Сезүү органдары 5: көрүү – көз, угуу – кулак, даам билүү – тил, жыт сезүү –

мурун көңдөйү, туюу – тери.

Адамдын скелети 5: баш сөөгү, толку бой, колдун, буттун сөөктөрү.

Баш сөөгү эки бөлүктөн турат: бет жана мээ бөлүгү.

Тулку боюу: омуртка тутумунан, төш сөөгүнөн, 12 жуп кабыргадан турат. Колдун сөөктөрү ийин курчоо сөөктөрү: далы, акырек.

Эркин сөөктөр: каруу, билек чыканак сөөгү, укурук сөөгү, манжа сөөктөрү буттун сөөктөрү: жамбаш курчоо, жамбаш отургуч, уча сөөгүнөн турат.

Эркин сөөктөр:кашка тилик, жото, балдак жилик, буттун кетмен сөөктөрү.

**Адамдын ичиндеги жарык жана караңгылык.**

Адамдын физиономиясы аркылуу жарык кирет жана башкаларга дагы жарыгы тиет.

Иса Теңирдин Куткаруусун чындык деп ишеним менен кабыл алган күнү адамдын ичине чырак жагылат. Ал чырактын майы-

- Ыйык жазууну көз менен окуу аркылуу,
- кулак менен насаат сөз угуу аркылуу,
- мээ менен ой жүгүртүп кабыл алуу,
- ооз менен жакшы кабар айтуу,
- Кудайды данктоо аркылуу,
- кол бут менен ишенимди көрсөтүү,
- жүрөк менен такыбаа, тактыгын,
- тартиптүүлүгүн жыйынга баруу менен,
- ийилип, бүгүлүп, Кудайды даңктоо аркылуу,
  - ийилип, бүгүлүп,тизелеп Кудайга таазим этип сыйынуу менен көбөйтүп турат.
  - Жана анын жарыгы башкаларга да тиет.

Эгерде адамзат күнөө кетирсе ичке жагылган чырак өчүп, караңгылык

басат. Караңгылык адамды күнөөгө гана түртөт. М: Аракеч адамды мисалга алсак. Адамдын денеси эмнеге жеңилсе ошонун кулу. Анын бүт денеси ошону гана талап кылат. Адамдын көзү ошол күнөөгө түртөт. Кулагы менен ошону гана угат. Оюнда да ошол болот. Денесинин кыймыл- аракети да ошол нерсени аткарат. Адамдын жүрөгүн кандай күнөө ээлесе оозунан ошол нерсе атып чыгат. Атып чыкканда адамдын өзүнүн да алы жетпей калат.Мисалы:Аракеч – арактын кулу. Таң атса да арак. Кеч кирсе да арак. Үйүндө наны жок, балдары ачка олтурса да, ага арак табылат. Шайтан адамды кайсы күнөөнүн кулу кылса адамдын денеси, жаны ошол жаман рухтун гана кулу. Андай адамдын ички дүйнөсүн караңгылык каптап, кымындай жарык жок болот. Сырткы аурасынан бери каптайт. Олтурган жери араккана, достору аракечтер. Баскан жолу арак, жаткан жери – арак. Көзүн ачканда – арак. Бул жерде Мен бир гана аракечтик рухунун гана мисалын келтирдим. Аракечтиктин ордуна коё турган мисалдар толтура!!!

Ушундай караңгылыктын кулчулугунан ар бир пенде, ааламга жаралган ар бир адам, рассасына, улутуна, уругуна, өлкөсүнө, жерине, элине, каада-салтына, урук-учмагына, ата-бабаларына карабастан куткарылып, эркиндикке, жарыкка чыгуусу керек. Кудайдын бизди актап, кулчулуктан куткарып, жарыкка алып чыгуу үчүн жана Өзүнүн жарыгын ар бир адамга жеткирүү үчүн Ыйса Теңирди курмандыкка чалган. Аны жөн эле өлтүргөн эмес, айкаш жыгачка керип өлтүргөн жана 3 күндөн кийин тирилткен. Азап тартып өлгөндөн кийин, кырк күн ичинде Ыйса аларга көрүнүп, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айтып, Өзүнүн тирүү экендигин көптөгөн далилдер аркылуу көрсөттү.

Анан Ыйса аларды чогултуп, мындай буйрук берди: "Иерусалимден кетпегиле, тескерисинче, Атанын убадасын, Менден эмнени уксаңар, ошону күткүлө". Анткени Жакан суга чөмүлдүргөн, ал эми силер бир аз күндөн кийин, Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр (Эл. иши 1:3-5)

**Үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, а түгүл, бүт дүйнө жүзүндө Мен жөнүндө күбөлөндүрөсүңөр. Ыйса бул сөздөрдү айткандан кийин, алардын көз алдында асманга көтөрүлүп кетти, булут Аны алардын көз алдынан алып кетти.**

**(Элчилердин иши 1:8-9)**

**Ыйык Рухтун түшүшү**

Элүүнчү күн майрамында алардын бардыгы бир жерге чогулушту. Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин жаңыртты.

**Анан оттун жалынындай, экиге бөлүнгөн тилдей болгон бир нерсе келип, алардын ар биринин үстүнө түштү. Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша, ар кандай тилдерде сүйлөй башташты.**

**(Элч. иши 2:1-4)**

Ал Кудайдын- оң колу Ыйса асманга көтөрүлүп, Атасы убада кылган Ыйык Рухту алды да, үстүбүзгө төктү. Азыр силер ошону угуп көрүп турасыңар (Элч. иши 2:33)

Эмне үчүн айкаш жыгач деген суроо туулар. Үйдүн ичине свет киргизүү үчүн столба керек болгондой эле. Адамдын денесине жарык киргизүү үчүн Кудайга айкаш жыгач керек. Ыйсанын денеси –өткөргүч. Денеде 5 литр кан болот аны жер планетасынын экватор сызыгын 4 жолу айлантып сызганга жетет. Демек дүйнөнүн төрт бурчуна жетет. Кандан башка клеткалар, лимфа тамырлары, нерв тамырлары, нерв ткандары, булчуң ткандары, скелеттин таргыл ткандары, жүрөктүн таргыл тканы, жылма ткан, бездүү ткандар, эпителий ткандары, куб сымал ткандар, тутумдаштыргыч ткандар, кемирчек ткан, сөөк тканы, май тканы, чымыр ткань, көп катмарлуу ткань жалпак эпителий ж.б. өткөргүчтөр денеде толтура. Айкаш жыгач-столба Ыйсанын Денеси Кудайдын Рухун ар бир адамга жеткирүүчү - өткөргүч. Бөлмөнүн ичиндеги ирээтсиздик, башаламандык, кир, желе, чаң, ыпыластык светти жандырганда көрүнгөн сыяктуу- адамдын ичиндеги тартипсиздик, ирээтсиздик, ыпыластык, бир сөз менен айтканда күнөөлөрү Ыйык Рукту кабыл алганда көрүнөт. Өзүнүн күнөөкөр экендигин абийири айгинелейт. Ансыз адам караңгылыкта менин күнөөм жок деп өзүн өзү алдап жашай берет. Күнөөнүн кулчугунда жашаган адам:

-оору – жараттын курмандыгы

-шайтандын клиенти

-түбөлүк оттун отуну

-түбөлүк өлүмдүн ээси.

Адамдын организминдеги оору – жарааттын себепчиси – өзүндөгү күнөөсү. Мисалы: ашказан оорулары – таарыныччтан, боор оорулары – бейтынчтыктан, бөйрөк оорулары – кекчилдик, кечирбестиктен, көкүрөк без оорулары – битирликтен, үнөмчүлдүктөн, сахарный диабет – наразылык, кыжаалаттануу, давление – эмоцияны башкара албагандан жүрөк оорулары-митайымдык, заар тилдүүлүк, көз оорулары – окультизмден, кулак оорулары азан айтыруудан, өт оорулары – кызганычтан. Сөөк оорулары – ич күйдүлүктөн. Муун оорулары – ата бабаларындагы бакшычылыктан. Нерв оорулары – ата эне, ата – бабаларында молдочулук, атимбүлүк, бакшычылык, төлгө тартуу, намазкөйлүк, ажы сапар тартуу, көзү ачыктык, эмдөөчүлүк жана башка ушул сыяктуу окульт менен алектенишкенден. Аялдардын жыныс оорулары – эркектин үстүнөн үстөмдүк кылуу, эркекке баш ийбөөчүлүктөн.

Баш оорулары – адамзаттын үстүндөгү кара булут. Кара булут илгертен отуп келе жаткан муундардын күнөөлөрүнөн, тамак оорулары – карғануу, сөгүнүүдөн. Тери оорулары – түйшүк тартуудан. Аллергия- четке кагылуудан. Четке кагылуу – ата-эне ажырашканда, бойдон алдырам дегенде, уул күткөн мезгилде кыз төрөлүү, кыз күткөн мезгилде – уул төрөлсө, ата же эне каза болгондо, баланы башка бирөө ата энеден башка адам асырап багып алганда, өзүнө-өзү каргыш сөздөрдү айтканда пайда болот. Четке кагылуу руху ошол адамдын ичинде жашайт.

Эркектин жыныс органдары: ойноштуктан, табийгый эмес жыныстык катнаштан. Өпкө оорулары – таарынгаандыктан. Рак оорусунун тамыры – таарынычтан болот.

**“Акыркы күндөрдө мындай болот” – дейт Кудай, - Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт. Ошол күндөрдө Мен кулдарымдын үстүнө да, күңдөрүмдүн үстүнө да Өзүмдүн Рухумду төгөм, ошондо алар пайгамбарчылык кылышат. Асманда кереметтерди, жер үстүндө жышаандарды көрсөтөм, алар: кан, от жана түтүн. Теңирдин улуу жана коркунучтуу күнү келээрдин алдында күн караңгылайт, ай кандын**

**өңүндөй болуп кызарат. Ошондо мындай болот. Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат. (Элч. Иши 2:17-2)**

**Жарыкта жүргүлө**

Силер бир кезде караңгы элеңер, бирок азыр Теңир аркылуу жарык болдуңар, жарыктын балдары катары жашагыла.

Анткени жарыктын жемиши – боорукердик, адилдик, чындык. Кудайга эмне жагарын ажырата билгиле. Караңгылыктын жемишсиз иштерине аралашпагыла, бирок аларды ашкере кылгыла. Анткени алардын жашыруун кылып жаткандарын айтканга ооз да барбайт. Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык. Ошондуктан ыйык Жазууда: Уктап жаткан өлүк адам, ойгон, тирил, Машайак сени жарык кылат. “- деп  айтылган (Ыш. 26:19)

Ошентип**, кандай жашап жатканыңарга көңүл коюп карап, акылсыздардай эмес, акылдуулардай жашагыла. Убакытты пайдалана билгиле, анткени убакыт жаман.**

Ошон үчүн акылсыз болбогула, тескеринче, Кудайдын каалоосу эмне экендигин таанып билгиле.

Шарап ичип мас болбогула, анткени бул бузулган жашоого алып барат, тескерисинче, Рухка толгула: бири-бириңерге Забурларды, айтып, Теңирди чын жүрөгүңөр менен даңктап ырдагыла. Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан Кудай Атабызга бардык учурда бардык нерсе үчүн ыраазычылык келтиргиле. Кудайдан коркуу менен бири-бириңерге баш ийгиле (Эфестиктерге 5:8-21)

**Кудайга жаккан жашоо**

Кудайдын каалоосу – силердин ыйыкталышыңар: ойноштук кылуудан алыс болгула, ар ким өз денесин ыйык жана таза сактай билсин, Кудайды тааныбаган бутпарастарга окшоп дене кумарына батпасын, чектен чыгып, өз бир тууганын пайдаланып, бул нерседе өз кызыкчылыгын көздөбөсүн, анткени Теңир мунун баары үчүн өч алат. Анкени Кудай бизди ыпыластыкка эмес, ыйыктыкка чакырган. Баш ийбеген киши адамга эмес, бизге Өзүнүн Ыйык Рухун берген Кудайга баш ийбеген болот. (Эфес 4:3-8).

Ким Аллага байланышса анда айдан ачык туура жол тандаптыр.

Алладан чыныгы коркуу менен корккула жана мусулман болгон абалыңарда гана бул дүйнөдөн өткүлө.

(КК. Аали Имран 3:101,102)

Бул аяттагы,“мусулман”деген сөздүн мааниси: «Машайактын жолун жолдогон адам»

1 Өзүн бир гана кудайга багыштаган.
2 Ички дүйнөсү Ыйсанын ыйык каны менен жуулуп тазаланган.
3 Ичинде Кудайдан болгон рухтардан башка бир да жаман рух жок.
4 Алланын айткан сызыгынан чыкпаган.
5 Кудай менен баарлашкан, сыйынган, табынган.
6 Кудайдын эркин гана аткарып жашаган момун адам.

Силерди жакшылыкка чакыра турган, ибаадат-итаатка буйра турган жана күнөө-жаман иштерден кайтара турган бир жамаат( жыйын) болсун. Дал ошолор ийгилик табуучулар куткарылгандар. (К.К. Аали Имран 3:104) “Жаамат”- деген сөздүн мааниси “жыйын”. Машайакчылар жыйыны.

Ар бир куткарылган, тообо кылган адам Иса жыйынын мүчөсү болуусу керек. Машайакчылар жыйындан рухий тамактанышат. Рухка толуп турушат. Сүйүүгө толот.

**Мүчөлөр көп дене бирөө**

Дене бирөө болгону менен анын мүчөлөрү көп, бирок көп болгону менен, бир эле денени түзөт. Машайактын Денеси болуп эсептелген **Жыйын** да көп мүчөлөрдөн турат. Баардык адам – баарыбыз бир Рухка, бир денеге чөмүлүп, баарыбыз бир Рухтан ичкенбиз. Дене бир мүчөдөн эмес, көп мүчөдөн турат. Кудай ар бир мүчөнү денеге Өзү каалаганындай кылып жайгаштырган. Эгерде баары эле бир мүчө болсо, дене кантип дене болот?

Көп мүчө биригип, бир денени түзөт. Денебиздин анча маанилүү эмес болуп көрүнгөн мүчөлүрөбүзгө өзгөчө кам көрөбүз  көрксүз мүчөлөрүбүз көрктүү кийим кийишет көрктүү мүчөлөрүбүз буга муктаж эмес.

Бирок дене мүчөлөрү өз ара бөлүнбөш үчүн, мүчөлөрдүн бардыгы бири-бирине кам көрүш үчүн, Кудай дененин көрксүз мүчөсүн өзгөчө кам көрүлгүдөй кылып жайгаштырган.

Ошондуктан бир мүчө азап тартса, аны менен кошо бардык мүчөлөр азап тартышат. Бир мүчө даңкталса, аны менен кошо бардык мүчөлөр кубанышат.

Силер Машайактын денесисиңер, өз өзүнчө алганда, ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр. Кудай жыйынга, биринчиден, элчилерди, экинчиден, пайгамбарларды, үчүнчүдөн окутуучуларды дайындады. Калгандарына ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн, айыктыруу жөндөмдүүлүгүн, жардам берүү жөндөмдүүлүгүн, башкаруу жөндөмдүүлүгүн, ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн берди. Эң жакшы жөндөмдүүлүктөргө умтулгула, ошондо мен силерге мындан да жакшы жолду көрсөтөм. (1 Корун – 12:12-31)

Алланын Китебин адамдарга таалим берип жана өзүңөр окуп үйрөнүп, Жалгыз Аллага ибадат кыла турган кишилер болгула.(К.К. Аали Имран үрөөсү 3:79)

Куран Каримдеги "Китеп" деген сөз бир нече жолу, дээрлик ар бир сүрөөдө бир нече ирээт кайталанып жазылган. Китеп деген сөз грек тилинен алынган"библи", - "Библия"-китеп болот. Библиянын ичинде 3 ыйык китеп камтылган: Тоорат, Забур, Инжил.

**Алла айткан сөздөрдү эстегин: Эй Ыйса, албетте, Мен сени тирүү бойдон алуучумун жана өз жаныма Көтөрүүчүмүн, жана каапырлардын жамандыгынан кутултуучумун, ошондой эле тээ Кыямат Күнүнө чейин сени ээргичен заттарды каапырлардан жогору коёмун. Кийин мага кайтасыңар. Анан, өзүм силер талашып – тартышкан нерселер жөнүндө араңарда өкүм кыламын. Каапыр болгон кимселерге бул дүйнө жана Акыретте катуу азап менен азап беремин, жана алар үчүн эч кандай жардамчы болбойт.**

**(К.К. Аали Имран 3:55-56)**

**"Каапыр"** – деген сөздүн мааниси. Бул- денеде, денелик талаптарды, денелик кумарларды канааттандырып, күндөлүк түйшүк менен алектенип өткөн, эч качан рухту кабыл албаган, Рухтун жетегинде жашабаган, Кудайдын Рухуна толбогон, Кудайдын үнүн укпаган, Кудайдын эркин аткарбаган, Машайактын жолун жолдобогон, Машайак жыйынына мүчө

болбой, Өз денелик жашоо менен жашап көз жумган адам.

Алла момундардын Досу. Ал аларды караңгы туңгуюктардан жарыктыкка – нурга чыгарат. Каапырладын достору болсо шайтандар. Алар каапырларды жарыктык нурдан караңгы зулмат – туңгуюктарга түшүрүшөт. Дал ошолор тозокулар жана алар анда түбөлүк калышат.

(К.К. Бакара сүрөөсү 2:275-)

**3.3 Жакшы кабар кудурети, жалган окутуулардын кесепети**

**Жакшы кабар кудурети**

Мен Машаяк тууралуу Жакшы Кабарды жар салганыма сыймыктанам. Иудейлерден баштап, башка улуттагыларга чейин, ишеним туткандардын бардыгын куткаруучу Кудайдын кудурети – ошол кабарда, Адам баласын кантип актай тургандыгын жана ал актык толугу менен ишенимге гана байланыштуу болгонун Кудай жакшы Кабар аркылуу белгилүү кылган. Ыйык Жазууда айтылгандай **“ишенип акталган адам өмүр табат”.**

**Адамзаттын күнөөсү**

Кудай асмандан адамдардын бардык азгындыгы менен адилетсиздигине канчалык каарданганын көрсөттү, анткени алар өз адилетсиздиги менен чындыктын жолун тороп жатышат. Кудай Өзүн аларга белгилүү кылып, Ал тууралуу эмнелерди билүү мумкүн болсо, ошонун баары айдан ачык көрүнүп турат. Себеби дүйнө жаралгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөс түбөлүк кудурети менен кудайлык табиятын. Ал жараткан нерселерди карап туруп эле билсе болот. Андыктан адам баласынын актангыдай эч жөнү жок. Бирок Кудайды билишсе да, алар Аны Кудай катары даңазалашпады, Ага алкыш айтышпады. Анын ордуна курулай ой-жүгүртүүлөргө берилишип, эч нерсени туйбаган, акыл-эсин караңгылык басты. Акылдуусунушуп, чындыгында акылынан айрылып калышты. Өтүп кетпес Кудайга ийбадат кылуунун ордуна, алар өтүп кетер адамдын, куштардын төрт аяктуу сойлоочу жандыктардын сөлөкөттөрүнө табына башташты.

Андыктан Кудай аларды арамдыкка баткан бойдон калтырып, өздөрүнүн ышкы-кумарларына берилген алар өз денелерин өздөрү булгашты. **Кудайдын чындыгын** жалганга айырбаштап, жаратуучуга эмес,

жаратылган нерсеге табынып кызмат кылышты. Бардык алкышка болсо бир гана Кудай татыктуу. Оомийин.

Кылган иштерин көрүп, Кудай алардын уятсыз кумарга батуусуна жол берип койду. Бул адамдар Кудайды таанып билүүдөн баш тарткандыктан, Кудай аларды пейили бузулган бойдон калтырып, уятсыз нерселерди кылууларын тыйбады. Алар ар түрүү адилетсиздикке, кыянаттыкка, дүнүйөкорлукка, зулумдукка, көрө албастыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, доолашууга, алдамчылыкка жана кара ниеттикке берилишти. Алар бири-бирин ушакташып, жалаа жаап, Кудайга акаарат келтиришип, башкаларды басынтышып, мактанышып, кекирейишип, жамандыкты ойлоп тапкыч, эне-атасына моюн сунбаган, акылсыз, ишенимсиз, таш боор, ырайымсыз болушту. Кудайдын, мындай иш кылгандар өлүмгө татыктуу деген өкүмүн билишсе да, алар өздөрү гана ошентпестен, ошондой кылган башкаларды да колдошот.

**(Римдиктерге 1:16-32)**

**Кантип Кудай алдында акталса болот.**

Бирок эми Кудай адам баласына акталуунун жолун белгилүү кылды. Тоорат менен пайгамбарлардын жазгандарында акталуунун өзү мыйзамды аткаруудан келбейт. Кудай адамдарды алардын Ыйса Машайакка арткан ишеними, аркылуу актайт. Ыйса Машаякка ишенип, акталуу ишенгендердин бардыгы үчүн берилген: эч бир адамдын башкалардан айырмачылыгы жок, себеби баары күнөө кетирди, Кудай улуугунан куру алакан калышты. Эми болсо Кудайдын ырайымы менен бардыгы  бекер акталууга ээ болушту. Бул акталуу күнөөбүздүн кунун төлөп, бизге эркиндик берген Машаяк Ыйса аркылуу келет. Адамдардын мурда кылган күнөөлөрүн Кудай чыдамдуулук менен жазалабай келди. Эми Өзүнүн адилеттүү экенин көрсөтүү үчүн, Ал Машаякты биз үчүн курмандыкка берди.  Машаяктын каны Ага ишенгендердин баарын күнөөдөн арылтты**. Муну менен Кудай адилеттүү экенин жана Ыйсага ишенген ар кимди актап койгонун көрсөттү.**

(Римдиктерге 3:21-26)

Сен илгери Китепти (Библияны) жана Эмануелди билүүчү эмес  элең. Бирок Биз аны Нур менен жараттык, Аны менен пенделерибизден Өзүбүз каалаган кишилерге Туура жолду көрсөтөбүз. Албетте сен жакшы Кабардын жардамында туура жолго жетектейсиң.

(КК Аш – Шуура 42:52)

“Мага жанашкыла. Мына ушул туура жол”. Силерди эч качан шайтан азгырбасын! Албетте, ал силер үчүн ачык душман. Ыйса аларга күбөлүк – кереметтерди келтирип айтты: “Мына Мен силерге ич ара келише албай жаткан айрым нерселерди баян кылып берүү үчүн келдим. Ошондуктан, Алладан корккула жана Мага моюн сунгула!” Албетте, Алланын Өзү раббиңер жана Ага гана ибаадат кылгыла! Мына ушул Туура Жол”

(КК Аш – Шуура 43:61-64)

Андан сөз Ыйса туурасында өз ара талашып – тартышты. Ошондуктан, ал заалим кишилерге ал Күн-Кыяматтын жан чыдагыс азабынан турган кыйроо болсун!

(КК Аш – Шуура 43:65)

Момун жана момун аялдардын алдыларында жана оң тараптарында нурлар жанып, жанып турган Күндү эстегин. Силер үчүн Бүгүнкү жакшы кабар астынан дарыялар агып тура турган, түбөлүк кала турган бейиштер. Бул улуу бакыттын өзү! Ал күндө куткарылбаган адамдар Эмануэлди кабыл алган адамдардан: Бизди күтө тургулачы, биз да силердин нуруңардан бир аз алып пайдаланалык: дешсе, “Артыңарга кайтып нур издей бергиле”- делет (КК Хадид57:12,13)

**Кудайдын адилеттүү соту**

Башканы айыптап жаткан адамга айтарым бул: сен ким болсоң да минткениң үчүн актана албайсың, себеби башканы айыптаганың менен сен өзүңдү гана айыпка жыгасың, анткени башканы айыптап жатып, ал кылганды өзүң деле кылып жатасыңбы? Ырас, жогорудагыдай кыянаттыктарды кылгандарга Кудай калыстык менен өкүм чыгарарын биз билебиз. Бирок сен, жамандык кылгандарды айыптап, өзүң болсо ошондой эле иштерди жасап жаткан адам, ошенткениң менен Кудайдын жазасынан качып кутулам деп ойлойсуңбү? Же, балким, ниетин өзгөртөр бекен деп  Кудай өзүңө да ырайым кылып жатканын билбей, Анын улуу ырайымын чыдамдуулугу менен сабырдуулугун баар албай жаткандырсың? Бирок сен мойнуң жар бербей, ниетиңди өзгөрткүң жок. Кудайдын адилеттик менен соттоочу күнү келгенде, шишиң толгон сен Анын каарына калып жүрбөгүн. Анткени Кудай ар бирибизге кылган ишибизге жараша өз тиешебизди берет.

Талыкпай жакшылык кылып, ошол аркылуу атак-даңкка, урмат-сыйга жана өлбөстүккө жетүүнү эңсегендерге Кудай түбөлүк өмүр берет. Ал эми менменсинип, акыйкатка баш ийбей, анын ордуна кыянаттыкка берилгендер болсо Кудайдын каарына калып, жазасын тартышат. Кыянаттык кылган ар бир адамдын башына каран түн түшөт.

Жакшылык кылгандардын баары болсо, урмат-сый менен кадыр-баркка татып, тынчылыкта болушат. Анткени Кудайда эч кандай оң карамалык жок. Кудайдын мыйзамы талап кылган нерселер жан-дилине жазылгандыгы алардын өздөрүнөн эле көрүнүп турат, анткени мен тараткан жакшы кабарга ылайык, Кудай адамдардын жашырын ойлорун Машаяк Ыйса аркылуу соттогон күнү акталарын же айыпталарын аларга өз абийири айта алат.

(Римдиктерге 2:1-16)

Эстегин Ыйса: “Эй, Исраил , албетте мен Алланын силерге жиберген элчисимин Мен силерге мурунку Тооратты ырастап – тастыктоочумун жана асман Падышачылыгы жөнүндө жакшы кабар берүүчүмүн”. Мына ушунтип Ыйса аларга ачык-айкын далил- кереметтерди келтиргенде, Алар. Бул ачык сыйкыр дешти. Алар Алланын нурун Ыйсаны ооздору менен өчүрмөкчү болушат. Алла болсо, каапырлар каалашпаса да, Өз нурун толо жайуучу. Ал Өз пайгамбары **Ысаны Туура Жол жана чындык деп, бардык элдерге жеңүүчү кылып жиберди. (КК Саф. Сүрөөсү 61:4-9)**

Аллага жана Анын пайгамбарына Ыйсага ыйман келтиресиңер, силердин күнөөңөрдү кечирет да алардын астынан дарыялар агып тура турган бейиштерге жана түбөлүктүү бейиштердеги таза турактарга киргизет. Бул болсо улуу бакыт. Момундарга жакшы кабар айткыла деп Ыйса окуучуларына кайрылды: “Аллага ким менин жардамчым болот?-дегенде, Жакшы Кабар таратуучулар айтышты: Биз Алланын жардам берүүчүлөрүбүз. Ошентип Исраилден бир топ адам Ыйсаны кабыл алышты жана бир тобу каапыр болду.

(КК Саф. Сүрөөсү 61:8-14)

**Куткарылуу – баары үчүн**

Кудайдын сөзү жаныңда – оозуңда жана дилинде: Бул сөз – биз жар салып жүргөн ишеним жөнүндөгү кабар. Башкача айтканда, Ыйсанын Эге экенин

мойнуңа алып, дилиңден Кудай Аны өлгөндөн тирилткенине ишенсең, куткарыласың. Анткени дилинен ишенген адам – акталат, оозу менен ачык айтып моюндаган адам- куткарылат. Ыйык жазуу айткандай Ага таянган адамдардын бири да уят болбойт”.

Баардыгынын Эгеси бир, өзүнө кайрылгандардын баарына Ал ак батасын мол берет. Анткени, жазылгандай, Эгебиздин ысмын чакыргандын ар бири куткарылат. Ыйык жазууда мындай деп жазылган: Жакшы Кабар таратылып жатканын көрүп турсаң, кандай сонун бул өзү!” Бирок жакшы Кабарды баары эле кабыл албады. Бул тууралуу Ышайа пайгамбар: Бизден уккан кабарга, Эгем, кимдер ишенди? – деген экен. Ошентип, ишенип – кабар угуудан, кабар угуунун өзү болсо Машаяктын жакшы кабарын жар салуудан келет.

(Римдиктерге 10:8-17)

## Кудай – сүйүү

Сүйүктүүлөрүм, бири-бирибизди сүйөлү, анткени сүйүү – Кудайдан. Сүйө билген адамдын атасы Кудай жана ал Кудайды билет. Сүйө билбеген адам Кудайды билбейт, анткени Кудай-сүйүү. Ал бул дүйнөгө жалгыз Уулун жиберип, бизди Ал аркылуу чыныгы өмүргө ээ болсун деди. Кудайдын бизге болгон сүйүүсү ушундан белгилүү болду. Биз Кудайды эмес, Кудай бизди сүйүп, күнөөлөрүбуздүн куну төлөнүшү үчүн Уулун жиберди. Сүйүүнүн чыныгы мааниси мына ушунда. Сүйүктүүлөрүм, Кудай бизди ушундай сүйүп жаткан соң, биз да бири-бирибизди сүйүшүбүз керек. Кудайды эч ким, эч качан көргөн эмес. Эгерде бири-бирибизди сүйсөк анда Кудай жүрөгүбүздө жашап, Анын сүйүүсү биз аркылуу толук көрүнгөнү. Өзүбүздүн Кудай менен жана Кудайдын биз менен чогуу жашап жатканын Анын берген Руху аркылуу билебиз. Кудай Атабыз Өз Уулун бул дүйнөнүн Куткаруучусу катары жибергенин көрүп, муну башкаларга айтып жатабыз. Кимде ким Ыйсаны Кудай Уулу деп ачык айтса, анда Кудай аны менен жана ал Кудай менен тыгыз байланышта жашайт. Кудай бизди сүйгөндүгүн жакшы түшүнүп, Ага терең ишендик. Кудай - сүйүү. Сүйүп жашаган ар ким Кудай менен, а Кудай болсо аны менен жашайт. Кудайдын сүйүүсү биз аркылуу толук көрүнөт да кыямат кайымда жүзүбүз жарык болот, анткени биздин бул дүйнөдөгү жашообуз Машаяктын жашоосундай. Сүйүүдө коркунуч болбойт, анткени коркунуч жаза менен байланыштуу, ошондуктан чыныгы сүйүү коркунучту сүрүп чыгарат. Ал эми корккон адамда болсо сүйүү жетилген

эмес.

Эгерде кимдир бирөө “мен Кудайды сүйөм” деп, бирок өз боордошун жек көрүп турса, анда ал алдамчы, анткени көзү көрүп турган боордошун сүйбөгөн, эч көрбөгөн Кудайды кантип сүйө алат? Ал бизге мындай осуят катырган:” **Кудайды сүйгөн киши боордошун да сүйсүн.”**

**(1 Жакан 4:7-21)**

**Сүйүү**

Адамдык тилде сүйлөп, ал гана эмес,

Периштелер тилинде сүйлөп жатып,

Ал эми башкаларды сүйө албасам,

Каңгыраган жезден же даңгыраган

Темирдин доошунан эмнем артык?

Пайгамбар касиетин Кудай берип,

Түшүнүп турсам дагы бүт сырларды,

Билимдин чокусуна жетип барып,

Тоолорду көздөй алган ишенимге.

Ээ болуп, ошондо да сүйө албасам,

Анда мен эч нерсеге татыбаймын.

Таратып колумдагы мал-мүлкүмдү

Жардыларга, денемди азаптарга,

Бүтүндөй өрттөлүүгө берип салып

Дагеле башкаларды сүйө албасам,

Анымдан түк пайда да болбойт мага.

Сүйүүнүн чыдамы мол, кайрымы зор,

Кызганбайт, мактанбайт ал, бой көтөрбөйт.

Адепсиздик кылбайт сүйүү, керт башынын
Пайдасын көзөдбөйт да, ачуусуна
Алдырбайт, башкаларга кек сактабайт.
Сүйүүнү кубандырбайт адилетсиздик,
Акыйкат өкүм сүрсө сүйүнөт ал.
Баарына болот сүйүү көтөрүмдүү,
Эч жазбайт ишенимден, колун үзбөйт
Үмүттөн, бардыгына чыдап келет.
Пайгамбарлык сөз айтуу токтойт бир күн,
Сүйлөнбөй кала берет бөтөн тилдер,
Жоюлат билим дагы. Бирок сүйүү
Жок болбой, түбөлүккө өмүр сүрөт.
Азыртан биле албайбыз бардыгын биз,
Чектелген пайгамбарлык касиет да.
Ал эми жеткилеңдик келген кезде
Чектелүү бүт нерселер артта калат.
Кичинемде балача сүйлөп мен да,
Балача баамдап баарын, ой жүгүрткөм.
Ал эми эр жеткенде таштап салдым
Мурдагы жаш балалык адатымды,
Азыртан көргөнүбүз – элес-булас,
Күзгүнүн күңүрт тарткан айнегине
Чагылышкан. Ал эми келечекте
Бардыгын биз бетме-бет көрө алабыз.

Чектелген ушул чакта билгендерим,

Ал эми келечекте билип калам,

Кудай мени дайыма тааныгандай,

Мен дагы бүт бардыгын толугунан.

Ошентип үч нерсе бар ушул тапта:

**Ишеним, үмүт, сүйүү. Бул үчөөнөн**

**Баарынан улуусу бар. Ошол – сүйүү.**

## Жалган пайгамбарлар жана жалган окутуучулар

Эл арасында жалган пайгамбарлар болгон сыяктуу эле, силердин араңарда да жалган окутуучулар болот. Алар өздөрүн куткарган эгедерден баш тартышып, кыйратуучу жалган окутууларды жайылтышат да, ошону менен өздөрүнө эрте өлүм тилеп атышат.

Көп адамдар алардын бузуктук жолу менен кетишет, ошолордун айынан чындык жолу жаманатты болот. Алар өздөрүнүн ач көздүгүнөн улам, кошомат сөздөрү менен силерди өз кызыкчылыктары үчүн пайданалышат. Алар үчүн небак эле сот чечими даяр, алардын өлүмү кечикпейт. Эгерде Кудай күнөө кетирген периштелерди аябастан, аларды сот боло турган убакка чейин тозоктун караңгы туңгуюгуна түшүрүп, чынжырлап койсо, эгерде Кудай сегиз адамды, адилдикти жар салган Нукту жана анын үй-бүлөсүн сактап, байыркы дүйнөнү аябастан, дүйнөдөгү Кудайсыздарды топон суу менен жок кылса, эгерде Кудай келечектеги Кудайсыздарга сабак болсун деп, Содом жана Амар шаарларын кыйратууга өкүм чыгарып, күлгө айлантып  салса, ал эми мыйзамсыздардын арасында жашап, алардын бузулган жашоосун, мыйзамсыз иштерин угуп көрүп , күн сайын жаны кыйналган адил Лотту куткарып калса, анда Теңир такыбааларды азгырыктардан кантип куткарууну, ал эми адилетсиздерди, айрыкча, ыпылас кумарларына жеткенден, бийликтегилерди тоотпогон, кара өзгөй, ээнбаш, жогоркуларды жамандагандан коркпогон адамдарды сот боло турган күнгө чейин сактап турууну билет.

Алардан күчү жана кубаты менен жогору турган периштелер да

Тенирдин алдында аларды жамандашпайт. Табигый сезим менен жашаган, кармалыш үчүн, жок болушу үчүн туулган акылсыз жаныбарлардай болгон алар өздөрү түшүнбөгөн нерсени жамандашат. Алар ошол жаныбарлар сыяктуу жок болушат. Алар өздөрүнүн мыйзамсыз иштерине жараша жаза алышат, анткени ырахатты  күнүмдүк жыргал турмушта деп эсептешет. Уятсыз жана ыйык нерсени булгоочу алар силер менен бирге тойлошуп, өздөрүнүн куулуктары менен ырахатка батып жатышат. Алардын аял жандуу экени, күнөө кылууга тойбостугу көздөрүнөн эле көрүнүп турат. Алар бекемделе электерди азгырышат. Ач көздүк алардын жүрөгүнөн бекем орун алган. Алар – каргышка келе тургандар. Түз жолдон чыккан алар арам акчаны жакшы көргөн Босордун уулу Биламдын жолуна түшүп, адашып калышты. Бирок анын мыйзамсыздыгы ашкереленген. Тилсиз эшек адамча сүйлөп, акылсыздык кылып жаткан пайгамбарды токтоткон.

Булар соолбогон булактар, шамал айдаган булуттар. Аларга түбөлүк караңгылык даярдалган. Себеби алар терс жолдон араң кайткандарды ооз көптүрүп сүйлөгөн сөздөрү менен дене кумарларынын жана бузуктуктун торуна түшүрүшөт.

Өздөрү жок болуунун кулдары болуп туруп, аларга эркиндикти убада кылышат. Анткени ким эмнеден жеңилсе, ал – ошонун кулу. Себеби алар Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин, кайрадан аларга аралашып, жеңилип калышса, анда алардан кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот. Чындык жолун таанып билип туруп, өздөрүнө берилген Ыйык Осуяттан баш тарткандан көрө, алар үчүн бул чындык жолун таанып билбей эле койгону жакшы болмок.

(2 Петир 2:1-21)

**Жалган окутуучулар жөнүндө**

Анткени баш ийбегендер, сөз деп эле сүйлөй бергендер, алдамчылар көп. Мындайлар, айрыкча, сүннөткө отургузулгандардын арасында көп. Алардын оозун жап кылуу керек. Алар өз керт башынын уятсыз кызыкчылыктары үчүн, окутпаш керек болгон нерсени окутуп, кээ бир үй-бүлөөлөрдү толугу менен бузушат.(Титке:1:10,11)

Бул аяттар биздин кыргыз элинин арасындагы чала молдолорго, ажыларга, даватчыларга, бүбү-айымдарга, табыпкер, көзү ачыктарга жана башкаларга тиешелүү. Алар өздөрүнүн адашканы аз келгенсип, башкалардын башын айлантып тозокко түртүп жатышат.

“Артыңарга кайрылып нур издей бергиле”, делет. Андан кийин алардын ортосунда дарбазалуу бир дубал урулат да анын ичинде ырайым – бейиш, тышында болсо азап-тозок болот. “Биз силер менен бирге эмес белек”, деп кыйкырышканда, Момундар айтышат: “Ооба, бир элек силер Өзүнөрдү алданууга дуушар кылдыңар жана Кудайдын чындык жолунан шектендиңер жана Алланын буйругу келгенинче силерди Кудай күнөөлөрдү кечире берет, жашоо али-узак деген куру кыялдар алдады. Силерди алдоочу-ибилис”, Кудайдын пейили кең , Өзү жараткан пенделерди азапка салбайт” – деп алдап койду. Мына бүгүн силерден да (мыйзамды аткаруучулар, каада салтты бек кармагандар, туура эмес жолду жолдоп, адашкандар) каапыр болгон кимселерден да (каапыр – денелик талаптарды аткарган, денелик кумарларды кандырган, өз жашоосу менен алектенип, рукка толбогон, куткарылбаган, тообо кылбаган, ыйык Рухтун жетегинде жашабаган адам)  тозок азабынан кутулуу үчүн эч кандай акы алынбас. Жайыңар тозок! Ал силерге эң ылайык келүүчү жай!  (КК Хадид 57)

Тазалар үчүн баардыгы таза. Ал эми таза эмес  жана ишенимсиз адамдар үчүн таза нерсе жок, анткени алардын акылы да, абийири да булганган, Алар Кудайды билебиз деп ырасташат, бирок алар кара ниет, баш ийбес, жакшы иштерди кылууга жөндөмсүз болушкандыктан, кылган иштери менен аны танышат. (Инжил Титке 1:15,16)

**Тили менен Мени сыйлап жатса да, дили менен бул эл Менден алысбейм. Адам салтын меники деп окутуп, мага келип табынганы пайдасыз. Ыйса: менин Асмандагы Атам тикпеген ар бир өсүмдүк тамыры менен жулунат. Алардан оолак болгула, алар сокурлардын сокур жетекчилери. Сокур сокурду жетелесе, экөө тең чуңкурга кулап түшөт, - деп жооп берди (Матай 15-11)**

**Өсүмдүк жана анын жемиши.**

Жалган пайгамбарлардан сак болгула. Алар кой терисин жамынып келген ач карышкырлар. Аларды кылган иштеринен ажыратып таанийсыңар. Тикенектен жүзүм же анжыр теришпейт. Ошондой эле жакшы дарактын жемиши да жакшы жаман дарактын жемиши да начар болот. Жакшы дарак начар жемиш бербейт. Жакшы жемиш бербеген дарак чаап салынат да отко ыргытылат. Ошондуктан жалган пайгамбарларды кылган иштеринен таанып билесиңер (Матй 7:15-20)

**Тубөлүк өмүрдүн дарбазасы тар.**

Тар дарбазадан киргиле, анткени апаат болор жерге алып баруучу жол да, дарбаза да кенен жана ошол дарбазадан кирип жаткандар көп. Өмүргө алып баруучу дарбаза  менен жол ушунчалык тар жана ал дарбазаны тапкандар аз. (Матай 7:13-14)

**Адамдардын акыркы күндөрдө Кудайдан безиши.**

Эсиңе түйүп ал, Тиметей: акыркы күндөр апааттуу болот. Себеби адамдар өзүнүн гана керт башын ойлоп **, акчага сугалак**, мактанчаак, текебер, кесир болуп , ата-энесинин тилин албай, алкышты билбей, эчнерсени ыйык тутпай калышат. Алар адамгерчилик менен кайрымдуулукту билишпей, башкаларга жалаа жаап, өздөрүн өздөрү кармай алышпай, мерес болуп, жакшылыкты жек көрүшөт. Бири – бирине чыккынчылык кылып, алдын – кийинин ойлобой, көпкөнүнөн көөдөнүн көтөргөн алар Кудайдан көрө, өз жыргалчылыгын артык көрүшөт. Сыртынан кудайчыл көрүнгөнү менен,чын чынына келгенде кудайчылыктын нагыз кудурет күчүнөн баш тартып кеткен болушат. Мындайлардан кач! Алардын кээ бири өзүнүн ким экенин жашырып, элдердин үйлөрүнө кирип алышат да, күнөөгө белчесинен баткан, ар түркүн кумарларга жетеленген шалаакы аялдарды ээликтирип, өздөрүнө баш ийидирип алышат. Бул аялдар ар дайым таалим алууга умтулганы менен, чындыкты билбеген бойдон кала беришет (2 Тиметей 3:1-7)

Бул аяттарга мисалы учурдагы медресе окуулары, түрк лицейлери, жеке эскичиликке окутуулар, атымбүбүлүк, молдочулук, көз ачыктык, жоймочулук, эмдөөчүлүк, беш убак намазга жыгылуу жана башка толгон токой жалган окутуулар мисал болот.

**Корутунду**

Кудай Теңир адамзатты жер үстүндө өзүнүн планы боюнча жараткан. Адамзатты жер үстүндөгүлөрдүн бардыгынын үстүнөн бийлик жүргүзүп, жерди гүлдөтсүн көгөртсүн, жаныбарларга бийлик кылып, баш көз болсун деп жараткан. Бирок Кудайдын планын шайтан бузду. Ал бузукулук, куулук жол менен Адам Ата менен Обо Энени азгырды. Алар Кудайды укпай, шайтанды угуп азгырылгандыгы үчүн жерде күнөө залимдик, жакшылык менен жамандык пайда болду. Ошол тил албастыктан кирген күнөө аркылуу карама каршылык, жакшы – жаман, өлүм жашоо, оор – жеңил , улуу – кичүү, ташбоордук – боорукердик, мээримдүүлүк – ырайымсыздык, кайрымдуулук – кайрымсыздык, сүйүү – жек көрүү жана башка ушул сыяктуу карама каршылык пайда болду. Ошол саат ошол мүнөттөн баштап жерге шайтан бийлик кылууну суранды. Шайтанды ээрчиген пенде тозок отуна түшө турган болду. Кудайды ээрчиген адилет адамдар бейишке чыга турган болду. Жердин төрөсү ибилис болгондуктан азгырлып күнөөгө толгондор жер үстүнө толуп кетти. Адилет адам аз болду. Жер планетасы күнөөгө ыпластыкка толгон кезде Кудай Теңир жерди суу менен жууп тазалады. Адамдардын арасынан адилет адамдарды Нук жана анын үй-бүлөсүн сактап калып, кайрадан адамзаттын санын көбөйттү. Кудай Теңир Мен мындан ары жерди суу менен тазалабайм. Мындан ары жердеги күнөөлөрдү кан менен тазалайм деди. Адамзат көбөйгөндө күнөө көбөйдү, күнөөкөр пенде көбөйдү. Карама-каршылык дагы көбөйдү. Заман өзгөрдү, аң-сезим өстү. Айлана-чөйрөнү өзгөрттү. Цивилизацияга жетишишти. Байлык, бийлик, алтын, күмүш көбөйгөн сайын күнөөлөр көбөйдү. Бири – бирин кулчулукка алып эзгендер көбөйдү. Адамзат дагы күнөөгө толду. Кудай Теңир өзүнүн ырайымдуулугу менен адамзатты сүйгөндүктөн күнөөдөн куткаргысы келди. Өзү жараткан пенделерди Өзү берген убада боюнча күнөөдөн кан менен куткарды. Ал жөнөкөй кан эмес эле. Ыйык Рухтан, Кудайдын өзүнүн ыйык Рухунан жаралып денеден, эркек тийбеген таза кыздан дене болуп төрөлгөн адамдын ыйык каны болду. Ар бир адамзат Кудайдын курмандык козусун чындык деп кабыл алып, менин күнөөлөрүм үчүн төгүлгөн кан, мени күнөөдөн Ыйса куткарат деп тообо кылып, чыныгы ишеним менен кабыл алган күнү ал адам Кудайга жүзүн буруп оң карайт. Ыйык кан аркылуу, Кудайдын ыйык Рухунун жарыгы аркылуу күнөөлөрдүн кулчулугунан арыла баштайт. Бул процесс тынымсыз, үзгүлтүксүз жүрүп жатып адам караңгынын эмес, жарыктын адамы болуп калат. Адам ыйык рухка толуп күнөө үчүн

караңгылык үчүн орун калбаганда ыйыкталат. Ал ыйык адам – Машайактын жолун жолдогон момун адам болот. Ыйык момун адам Кудайдын сызган сызыгынан чыкпайт. Кудай менен баарлашып, Кудайдын айтканын гана аткарып калат. Мына ошол адам гана момун мусулман болот. Мусулман деген сөздүн котормосу « мус, мас-мессия,машайак; лим-илим,билим,окуу; ман-адам» кудайга өзүн багыштаган, кудай менен баарлашып кудайдын эркин гана аткарып жашаган адам" болуп которулат. Жер планетасындагы Мен мусулманмын дегендер, биз мусулман ислам мамлекетибиз дегендердин баардыгы мусулман эмес. Кудайдын Ыйык Жазуулары бир эмес бир нече ирет эскертет. биринчи Ыйык Жазуу» Библия – Китеп»ти окуп өтөсүнөн чыккыла. Бул китеп өз ичине үч чоң китепти камтыйт: Тоорат, Забур, Инжил.

Тооратта Адам жаралгандан бери башынан өткөргөн тарыхы, Кудай Теңир менен болгон байланышы, Кудайдын адамга көрсөткөн ажайып кереметтери, ырайымы, адамзаттын Кудай алдында кетирген күнөөлөрү камтылган. Кудай адамзат адашпай жашасын деп Муса пайгамбар аркылуу он осуятты өз колу менен таш лоокторго жазып берген. Ал он осуятты мыйзам ченемдүү аткарбастан, чектен ашыра аткарабыз деп адамзат дагы мыйзамдын кулчулугуна айланат. Күнөөгө дагы батышат. Кудай мыйзам- адамды куткарбастыгына көзү жетет дагы башка куткаруучу жөнөтөт.

Экинчи китеп- Забур. Забурду Дөөт падыша жана пайгамбар аркылуу жөнөтөт. Забурда жалаң даңктоо ырлары. Забурдагы даңктоо ырлары менен мени даңктап даңазалап, ыраазычылык айтып турасыңар. Силер мени даңктаган сайын мен силерди ыйык Рухка чөмүлтөмүн деген.

Үчүнчү китеп- Инжил. Инжилде Ыйсанын куткаруусу, Асман Падышачылыгы, Асман Падышычылыгына кандай адамдар кире алат жазылган. Инжилдин аягы Жакандын Жазган Аян китеби менен бүтөт Аянда акыры заман **кыямат** жөнүндө жазылган. Кураны Каримдин котормосу "Священное предупреждение", "Ыйык эскертме" болуп которулат. Ыйык эскертмеде Мен жөнөткөн китептерди окугула, өтөсүнөн чыккыла, андагыны аткаргыла, деп бир нече ирээт эскертилет. Китеп деген сөздүн ордунда "Библия" турат.»Библия» латын тилинен алынган биздин тилде « китеп» болуп которулат.Бул сөздүн үрөй учурта корко турган жери жок.Бул сөздөн биздин «библиотека»-«китепкана» деген сөз алынып колдонуп жүрөбүз. Библиянын ичиндеги камтылган баардык жазуулар менен ар бир пенде окуп, билип, аткарып Ыйык Жазуудагы Кудайдын талаптарын аткарып

жашабаса Кураны Каримде сүрөттөлгөн тозок күтүп турат деп эскертилет. Кураны Каримдеги ыйман деген сөздүн маанисин башкача бурмалап, түшүндүрүп коюшкан. Ыйман деген сөздүн ордунда “Эмануель” турат. Эмануель деген сөз «Кудай менен» дегенди билдирет. Иса Теңирдин биринчи аты- Эмануель. Ышайа Пайгамбар жана башка көптөгөн пайгамбарлар аркылуу жөнөткөн -Жакшы Кабары. Мен силерге куткаруучу Эмануельди жөнөтөм деген. Демек адам Ыйса Теңирдин куткаруусу менен куткарылып рухка толгондо кана Кудай менен жашай алат. Биздин чала молдо дин бузарлар «ыйман» деген сөздүн ордун билген намаздары менен түшүндүрмө беришип, элдин башын айландырып адаштырууда. Кудай адамдарга эч кандай динге бөлүнүүнү жөнөткөн эмес. Динди адамдар өздөрү ибилистин азгырыгы менен ойлоп чыгарышкан. Себеби шайтан Кудайдын Ыйык Жазуусун адамзаттан жакшы билет. Ыйык Жазууну бөлүп караган моментти андып туруп, аларды бөлүп жарып жиберген. Кудайда бөлүнгөн мамлекет кыйрайт деп айтылган. Демек адамзаттын бөлүнүп жарылуусу – кыяматка алып келет. Кыямат күнүндө жерди жана жердегилерди соттоо үчүн Ыйса Теңир келет. Анын соттоочусу жөнүндө Библияда, Кураны Каримде дагы берилген. Кыяматтагы сот күнүндө аалам жаралгандан бери көмүлгөн адамдардын сөөктөрү туруп сот алдына келишип сурак беришет. Ошол күнү адамдарды түбөлүк өлүм же түбөлүк өмүр деп экиге бөлөт. Каапыр болгондор тозокко кетишет. Рухта жашагандар рухтун талаптарын аткаргандар, рухтун жетегинде Кудай менен баарлашып, сыйынууда жүрүп, Кудайдын эркин аткарып жакшы кабар таратып, өзүнүн жарыгын башкаларга да тийгизип жүрүп өмүрүн өткөргөн адамдар бейишке жолдомо алышат. Библиядагы камтылган фактылардын бардыгы ыйык эскертүүдөө кыскартылып эскертилип берилген. Мухаметтин жазган Кураны Кариминде бардыгы Библияда кандай болсо ошол ирээтте эскертилип берилген. Куранды канчалык бурмалап, чачып өз билгендериндей тизгенде да мааниси ошол эле- эскертүү. Мухамед Куранды Ыйык Рухтун периштенин жетегинде жазган. Ал өзү кат тааныган эмес. Анын кат тааныбаганынан пайдаланып ошол мезгилдин чала молдо дин бузарлары Хадисти өз акылдары менен өздөрүнө жаккан мыйзамдарды жаза беришкен. Хадис которгондо “Сказано”, айтылган болуп которулат. Мухаметке ушундай….деп Кудай айткан деп билген намаздарын том том кылып жаза беришкен. Азыркы учурдун диний аалымдары Библияны четке кагып, Мухаметти аттап өтүп өз билген намаздарын окутуп жатышат. Кураны Каримде жазылган менин жиберген китептеримдин бир аятын четке кагып өзү билип кошумчалаган

адамга тозоктун оту даяр деп жазылган. Алар өздөрүнүн Рухий билими талапка жооп берерлик эмес, өздөрү менен кошо башкаларды дагы тозок отуна ээрчитип бара жатышат. "Намаз" – сыйынуу болуп которулат. Адамдын Кудайга кайрылып сыйынуусуна чек жок. Беш убак намаз деген тура эмес. Адам сыйынганда рухтун жетегинде сыйынуусу керек. Ал эми аяттарды бөлүп жаттап алып сыйынуу бул туура эмес. Рухтун жетегисиз сыйынууну Кудай кабыл албайт. Адамдар ички дүйнөсүн тазалабай туруп эле, беш убак намаз окуп, ажы сапар тартсам эле бейишке чыгам деп оной жолду тандашат.. Мындай кылсам бейишке чыгам, андай жүрсөм бейишке чыгам деп алданып жатышат. Алданганы аз келгенсип, түбөлүк отко күйүп жатышат. Өздөрү менен кошо бир тобун, бир топ мамлекеттерди алып бара жатышат. Адамдарды шайтан аң- сезимине, жаралуу тарыхына карап азгырат. Мисалы: Европа мамлекеттери Ыйса менен жашашат. Аларды ата-теги Кудай менен жашап келишкен. Африка, Арап мамлекеттери Ислам менен жашашат, Африка өлкөлөрү Шемден таралган, Шемди Нух каргыштаган. Каргышта калгандыгы үчүн андан тараган элдин баарын намазга жыгып койгон. Арап мамлекеттери Исмаилдан тараган. Исмаил Ажар ападан мыйзамсыз төрөлөт. Анын мыйзамсыз төрөлгөнүнөн тараган элдин баары Исламда. Жана да башка айрым (артта) калган мамлекеттерге (Азия,Африка,Пакистан,ж.б көптөгөн) да Исламды таратып жиберген. Адамдардын арасында карапайым цивилизациядан бир аз кечиккен адамдарды дароо азгырат. Максатсыз эле намаз окуганды туура эмес үйрөтүп салышат. Дааватка жөнөтүшөт. «Даават» деген сөз « жакшы кабар тарат» болуп которулат.

Чынгыз Төрөкулович Айтматовтун "Кыямат" чыгармасы пайгамбарлык ирээтинде жазылган десем жаңылышпайм. Романдын "Кыямат" аталышынын өзү эле мунун далили. "Кыямат" Кыямат күнү болоорун далилдеп, куткарылуу жолу, адамзатты актоочу бар экендигин сүрөттөп чагылдырып көрсөткөн. Романдын башталышы кулчулук менен башталып, аягы да кулчулук менен бүтөт. Ортосунда эки тарапты тең Куткаруучу бар экендигин эскертип жатат. Романдын ичиндеги Ыйсанын куткаруучу экендигин тастыктаган сүрөттөөлөр бекер жеринен жазылган эмес. Демек Кудайдын куткаруусу ар бир адам үчүн зарыл. Түбөлүк азаптан коргоп сактап кала турган чындык жол экенин айгинелеп автор бизге пайгамбарлык сөздөрүн калтырган. Улуу автордун эмгеги өз элин Куткаруу үчүн, адашпай туура жолду тандоосу үчүн жазып калтырган! Омин.

Колдонулган адабияттар:

1.Анатомия и физиология.учебник-М.;ГЭОТАР-Медиа,2008,-576с.

2.Айтматов.Ч.Т.»Кыямат» Чынгыз Айтматовдун чыгармалар жыйнагы. VI том.Повесттер. Аңгемелер/Түзгөн Абдылдажан Акматалиев-3бас-Б.:Улуу тоолор 2014-492б.

3. Курани Карим  Бишкек 2003.

4.Сестринское дело в терапии и хирургии: учебное посбие;Т1-Б.;Аль Салам,2007.-672с

4.Ыйык Жазуу(Смысловой перевод Таурата,КнигиПророков,Забура,Инжила) Издательство»Стамбул»

5.Инжил Кыргыз тилиндеги ИНЖИЛ Биринчи басылышы Copyright c2001 Боорукерликтин окулдугу «УМУТ  НУРУ»

6.Яшный В., Боканова А. Электромонтер по эксплуатации и ремонту элетроустановок: Учебное пособие.-Астана:Флиант, 2010.- 440стр.

Мазмуну

Баш сөзү

Глава 1. Ааламдагы адам 8б

1.1. Аалам жана адам 8-22бб

1.2. Адамзаттын үч бирдиктен: дене, жан, рухтан туруусу 23- 27бб

1.3. Рух алдында дененин алсыздыгы 28-31бб

1.4. Мурунку муундардын кийинки муундарга тийгизген таасири 32-47бб

Глава 2. “Кыямат” чыгармасындагы куткаруу менен кулчулуктун параллелдүүлүгү

2.1. Кудайдын куткаруу курмандыгы кимдер үчүн 48-62бб

2.2. “Кыямат” романындагы кулчулуктун курмандыктары болгон каармандар 62-79бб

2.3. “Кыямат” романындагы каада-салттын адамдарга болгон терс таасири 80- 88бб

Глава 3. Адамзатка коюлган талаптар

3.1. Адамзаттын ааламга жаралышы жана жогорудан кайра төрөлүшү 88-100

3.2. Сырттан тийген жарык жана ички дүйнөгө кирген жарык 100-110бб

3.3. Жакшы Кабар кудурети жана жалган окутуулар кесепети 110- 121

Корутунду 122-125бб

Пайдаланылган адабияттар 126б